# 01.01.2018-жылдан 31.12.2018-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** 2019-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 05.03.2019-жылдагы №10-2/107, №10-2/108, 02.07.2019-жылдагы №10-2/353 буйруктары.

**Аудит объектиси:** Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү.

**Аудиттин максаты:** 2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы.

**Аудит предмети:** Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун мекеменин эсебине келип түшкөн каражаттар, накталай акча каражаттары, төлөмдүк, кассалык каражаттар менен жүргүзүлгөн операцияларды негиздеген Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ички ченемдик актылары, документтер жана башка финансылык, экономикалык жана бухгалтердик отчетту түзүү боюнча баштапкы документтер.

**Аудит мезгили:** 2018-жылдын 1-январынан тартып 2018-жылдын 31-декабрына чейин.

**Аудит мөөнөтү:** 2019-жылдын 11-мартынан тартып 2019-жылдын 31-июлуна чейин.

**Аудиттелген мезгилге карата каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

*Биринчи кол коюу укугу менен:*

- Абжапаров Т.Ж. - Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы, 30.06.2016-жылдан тартып 21.05.2018-жылга чейин;
- Ирсалиев М.Э. - Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасынын орун басары, 22.05.2018-жылдан тартып ушул кезге чейин;
- Асанов У.Ж. – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасынын орун басары,
- Нурдинов Э.С. - Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасынын орун басары, 22.05.2018-жылдан тартып ушул кезге чейин;
- Ишеналиев Б.А. – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун аппаратынын жетекчиси, 13.05.2018-жылдан тартып 30.09.2018-жылга чейин;
- Байдылдаев А.К. - Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун аппаратынын жетекчиси, 30.09.2018-жылдан тартып ушул кезге чейин;

*Экинчи кол коюу укугу менен:*

- Рыскулов Т.А. – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун борбордук аппаратынын финансылык эсеп башкармалыгынын начальниги 30.09.2016-жылдан тартып ушул кезге чейин;
- Мадалиев З.Н. – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун борбордук аппаратынын Эсеп жана административдик чыгымдардын

отчеттуулугу бөлүмүнүн начальниги, 30.09.2016-жылдан тартып 19.05.2018-жылга чейин;

- Мусуркулова Ж.Ч. – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун борбордук аппаратынын Пландоо жана административдик чыгымдарды эсепке алуу бөлүмүнүн начальниги, 22.06.2018-жылдан тартып ушул кезге чейин.

**Мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун аткарылышы**

Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругу толук аткарылган.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.02.2012-жылдагы № 137 токтому менен бекитилген.

Токтомго ылайык, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду (мындан ары - Социалдык фонд) өз алдынча башкаруу принциптеринде иштеген, Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу системасынын аткаруучу органы болуп эсептелет, ал мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу чөйрөсүндө башкарууну ишке ашырат жана мамлекеттик саясатты жүргүзөт.

Жобого ылайык, Социалдык фонд юридикалык жак катары Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн, 19.06.1998-жылдагы № 14467-3301-У-е кайрадан каттоо күбөлүгү , уюштуруу-укуктук формасы – мекеме, менчиги – мамлекеттик.

Социалдык фонддун максаттары болуп, Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандырууну туруктуу өнүктүрүүнү камсыздоо болуп эсептелет.

Социалдык фонддун милдеттери төмөнкүлөр эсептелет:

- мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу жагында макулдашылган саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик социалдык камсыздандырууга камсыздандырылган адамдардын укугун камсыз кылуу;
- Социалдык фонддун финансылык туруктуулугун камсыз кылуу.

Социалдык фонд төмөнкү функцияларды аткарат:

- Кыргыз Республикасынын аймагында өзүнүн ишин жүргүзүүчү юридикалык жана жеке жактарды эсепке алуу, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн бардык категориялары боюнча маалыматтар банкын жүргүзүү;
- камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, топтоо жана өз учурунда Пенсиялык фондго, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондго, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жана Калктын ден соолугун чыңдоо фондуна өткөрүп берүү;

- пенсияларды, жөлөкпулдарды дайындоо, компенсацияларды эсептөө жана аларды төлөп берүүнү уюштуруу;

- камсыздандырылган жактардын "Мамлекеттик милдеттүү социалдык камсыздандыруу максаттары үчүн Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жекече (индивидуалдык) эсебин жүргүзүү;

- камсыздандыруу төгүмдөрү Социалдык фондго өз учурунда жана толук келип түшүүнө, ошондой эле мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык туура чыгымдалышына контролдук кылуу;

- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондду түзүү жана башкаруу.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Жобого ылайык:

- тиешелүү укуктар жана милдеттер өткөрүлүп берилген;

- каражаттарды, бюджетти жана отчетту түзүү шарттары, иши жөнүндө маалымат жана Социалдык Фондуга аудит жүргүзүү ыйгарым укуктары аныкталган;

- анын ишин уюштуруу жана координациялоо, жетекчиликти дайындоо, мүлктүн отчётун жана эсебин жүргүзүү, ишти токтотуу шарттары аныкталган.

Жобого ылайык, түзүм, штаттык жүгүртмө, административдик-чарбалык чыгымдар сметасы Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармалыгы тарабынан бекитилет, регионалдык бөлүмдөрдүн жетекчилери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин макулдугу менен Социалдык фонддун төрагасы тарабынан дайындалат.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы, анын орун басарлары Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан дайындалат жана бошотулат.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтеринин өлчөмү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунуштамасы менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан белгиленет.

Социалдык фонддун бюджети, мамлекеттик камсыздандыруу тутумунун акча каражаттарын түзүү жана пайдалануунун негизги финансылык планы болуп эсептелет.

Социалдык фонддун бюджеттик тутумун, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонддун, Пенсиялык фонддун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонддун жана Калктын ден соолугун чыңдоо фондунун бюджеттери түзөт.

Социалдык фонддун кезектеги финансылык жылга бюджети, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан каралат жана бекитилет.

Социалдык фонд жөнүндө Мыйзам, бюджеттик милдеттенмелерди кабыл алуу жана чыгымдарды жүргүзүү боюнча Социалдык фондго ыйгарым укук берет.

Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет, Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча Байкоочу Кеңеш,

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан каралат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекитет.

Социалдык фонддун ишин жетектөөнү коллегиялуу орган – курамы 7 адамдан турган Социалдык фонддун башкармалыгы жүзөгө ашырат, ага Социалдык фонддун төрагасы жана анын орун басарлары кирет, башкармалыктын калган мүчөлөрүн кызматка Кыргыз Республикасынын Премьер-Министри дайындайт жана бошотот.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармалыгы тарабынан 2018-жылы 131 токтом кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун регионалдык органдары юридикалык жак болуп эсептелишет. Регионалдык органдардын ишинин укуктук жана уюштуруу негиздери, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармалыгы тарабынан бекитилген, Регионалдык органдар жөнүндө Жобо менен аныкталат.

Социалдык фонддун мүлкү жана акча каражаттары мамлекеттин менчигинде турат. Социалдык фонддун акча каражаттары республикалык бюджеттик курамына кирбейт, алып коюлбайт жана андан салыктык, салыктык эмес төлөмдөр жана комиссиялык жыйымдар алынбайт.

## Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарын башкаруу боюнча Байкоо жүргүзүү кеңешинин иш-аракети

2004-жылдын 2-августундагы № 103 “Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Социалдык фонддун ишин мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун өз алдынча башкаруу тутумунун органы болуп саналган жана тутумдун бардык катышуучуларынын (мамлекет, иш берүүчүлөр, кесиптик бирликтер, пенсия жана саламаттык сактоо жагынан жарандардын таламдарын билдирүүчү коомдук бирикмелер жана уюмдар) бирдей өкүлчүлүгүнүн принциби боюнча түзүлүүчү Мамлекеттик Социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоо жүргүзүү кеңеши координациялайт.

Кеңештин негизги милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун макулдашылган саясатын иштеп чыгуу;
- мамлекеттик камсыздандыруу тутумун жакшыртуу боюнча чараларды жана реформаларды даярдоого жана анын финансылык жана уюштуруучулук туруктуулугун чыңдоого, жарандардын социалдык коргоо деңгээлин жогорулатууга катышуу;

Ченемдик документтерди (мыйзамдарды, токтомдорду, концепцияларды, программаларды ж.б.) талкуулоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу тарифтери жана анын аткарылышы жөнүндө отчеттор боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши карашы үчүн сунуштарды иштеп чыгуу;

- мамлекеттик социалдык камсыздандыруу маселеси боюнча Кеңеш тарабынан иштелип чыккан сунуштарды, сунушталамаларды жана чечимдерди Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү;
- -эл аралык кызматташуу багыттарын аныктоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жаатында башка өлкөлөрдүн тажрыйбаларын колдонуу;
- мамлекеттик социалдык камсыздандыруу тутумунун катышуучуларына финансылык аудитти уюштуруу, анын жыйынтыктарын кароо;
- мамлекеттик социалдык камсыздандыруу тутумунун катышуучуларынын кызыкчылыктарын коргоо менен, өкүлчүлүк жана социалдык өнөктөштөр ортосундагы өз ара мамилени жөнгө салуу.

Байкоо жүргүзүү кеңешинин жооптуу катчысынын маалыматтары боюнча, 2018-жылы Байкоо жүргүзүү кеңешинин 3 отурумун өткөрүп, анда 12 маселе каралган, алар негизинен кезектеги жылга Социалдык фондунун бюджетин түзүү, аткаруу өзгөртүүлөрдү киргизүү ж.б.у.с.

## 2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин түзүлүшүнө аудит

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети “Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзүлөт, анын долбоору Социалдык фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин катышуусу менен иштелип чыгат, мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча Байкоо жүргүзүү кеңеши менен макулдашышат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна жөнөтүлөт.

Социалдык фонддун бюджетин түзүү жана аткаруу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы жөнүндө Жобо менен жөнгө салынат.

Аталган Жобого ылайык, Социалдык фонд бюджеттин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту түзөт жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кийинки отчеттук жылдын 1-майынан кечиктирбестен берет.

Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет, мамлекеттик камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу боюнча Байкоо жүргүзүү кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан каралат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

Алсак, 2018-жылга Социалдык фонддун бюджети, 2018-жылга Социалдык фонддун бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү, 2018-жылга Социалдык фонддун бюджетин аткаруу төмөндөгүлөр тарабынан кабыл алынган:

- Байкоо жүргүзүү кеңеши тарабынан, 15.08.2017-жылдагы № 20-28539, 29.08.2018-жылдагы № 20-30431 жана 16.05.2019-жылдагы № 20-13692 буйруктар менен;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан, 28.09.2017-жылдагы № 622, 21.10.2018-жылдагы № 509 жана 14.05.2019-жылдагы № 225 токтомдор менен;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан, 30.11.2017-жылдагы № 2028-VI, 13.12.2018-жылдагы № 2769- VI мыйзамдар менен.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 30.11.2017-жылы кабыл алынган "2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети Социалдык фондунун бюджетинин 1236,9 млн. сом суммасында белгиленген профицити менен, кирешелер боюнча - 51086,9 млн. сом жана чыгымдар боюнча - 49850,0 млн. сом суммасында бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 13.12.2018-жылы кабыл алынган "2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзам менен, 814,9 млн. сом профицит менен, Социалдык фонддун бюджетинин кирешелери - 51157,9 млн. сомго чейин жана чыгымдар - 50343,0 млн. сомго чейин такталган.

(млн.сом)

| | **30.11.2017-ж.** | **13.12.2018-ж.** | **Четтөө Гр3-гр2** | **2018-жылга аткаруу** | **Четтөө Гр5-гр3** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **кирешелер** | **51086,9** | **51157,9** | **+71,0** | **51013,8** | **-144,1** |
| ИДПга карата %да | 9,5 | 9,2 | -0,3 | 9,2 | |
| анын ичинен: | | | | | |
| *Пенсиялык фонд* | *47262,5* | *47116,9* | *-145,6* | *46926,2* | *-190,7* |
| *МПТФ* | *1440,3* | *1553,9* | *-113,6* | *1596,3* | *+42,4* |
| *ММКФ* | *2127,0* | *2216,6* | *+89,6* | *2216,9* | *+0,3* |
| *ЭТФ* | *257,1* | *270,5* | *+13,4* | *274,3* | *+3,8* |
| **чыгымдар** | **49850,0** | **50343,0** | **+493,0** | **50309,7** | **-33,3** |
| ИДПга карата %да | 9,3 | 9,0 | -0,3 | 9,0 | |
| анын ичинен: | | | | | |
| *Пенсиялык фонд* | *45951,7* | *46171,7* | *+220,1* | *46096,0* | *-75,7* |
| *МПТФ* | *1440,3* | *1553,9* | *+113,6* | *1596,3* | *+42,4* |
| *ММКФ* | *2191,3* | *2328,4* | *+137,1* | *2328,4* | *0,0* |
| *ЭТФ* | *266,8* | *288,8* | *+22,0* | *288,8* | *0,0* |
| **Профицит** | **1236,9** | **814,9** | **-422,0** | **704,1** | **-110,8** |
| **Жыл Аягындагы каражаттардын калдыгы** | | **3264,3** | | **3153,4** | **-110,9** |
| **ИДП** | | **558415,7** | | **557113,3** | |

Ошентип, Социалдык фонддун кирешелери жыл ичинде мыйзамдуу түрдө - 71,0 млн. сомго, чыгымдар - 493,0 млн. сомго көбөйтүлгөн, демек, бюджеттин профицити 422,0 млн. сомго азайтылган.

Бюджеттин факты жүзүндө аткарылышы, 2018-жылга Социалдык фонддун бюджети жөнүндө мыйзамдын такталган параметрлеринин аткарылбай калышын көрсөткөн: кирешелер боюнча - 144,1 млн. сомго, чыгымдар боюнча - 33,3 млн. сом жана бюджеттин профицити - 110,8 млн. сомго.

Ошону менен бирге, бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр, Социалдык фонддун бюджетин толук аткарууга мүмкүндүк берген эмес, ошону менен бирге, жогоруда келтирилгендер, ал гана эмес бекитилген киреше параметрлердин жетпей калгандыгы жөнүндө күбөлүндүрөт. Алсак, 2018-жылга Социалдык фонддун бекитилген 51086,9 млн. сом кирешелери алдында, факты жүзүндө аткаруу 51013,8 миң сомду түзгөн, же 73,1 млн. сомго аз, ал эми такталгандардан 144,1 млн. сомго аз.

Мында, Пенсиялык фонддун кирешелер параметрлери 190,7 млн. сомго жеткире аткарылган эмес, калган фонддор боюнча кирешелердин аткарылышы белгиленгенден 46,6 млн. сомго ашырылган.

50343,0 млн. сомго такталган чыгымдар алдында, чыгымдар параметрлеринин факты жүзүндө аткаруу 50309,7 млн. сомду түзгөн, же Социалдык фонддун милдеттенмелери 33,3 млн. сомго жеткире аткарылган эмес, анын ичинен, Пенсиялык фонд боюнча 75,7 млн. сомго аткарылган эмес, МПТФ боюнча 42,4 млн. сомго ашыкча аткарылган.

Чыгымдардын 459,7 млн. сомго көбөйүүсү менен, 144,1 млн. сомго кирешелердин аткарылбай калышына байланыштуу, Социалдык фонддун бюджетинин профицити 1236,9 млн. сомдон 704,1 млн. сомго чейин, же 532,8 млн. сомго азайган.

Ошону менен бирге, Социалдык фонддун бюджетинин профицитин, Социалдык фонддун каражаттарынын эркин калдыктарын, ошондой эле Социалдык фонддун бюджетинин тартыштыгынын шарттарын түзүүнү жана пайдаланууну регламенттөөчү Социалдык фонддун ченемдик актыларынын (актылардын) жоктугу аудит тарабынан белгиленген.

2017-2018-жылдарга Социалдык фонддун бюджетинин салыштырма маалыматтары, төмөндөгүдөй көрүнөт:

(млн. сом)

| | **2017-ж.** | | **2018-ж.** | | **Четтөө** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Такталган бюджет | Аткаруу | Такталган бюджет | Аткаруу | 2018-ж. тактоого карата аткаруу | 2017-жылдан тартып 2018-ж чейин |
| **Кирешелер** | **48 145,0** | **48 911,9** | **51 157,9** | **51 013,7** | **-144,1** | **2101,8** |
| Пенсиялык фонд | 44 524,7 | 45 113,3 | 47 116,9 | 46 926,2 | -190,7 | 1812,9 |
| Мамлекеттик пенсиялык фонд | 1 359,3 | 1 481,5 | 1 553,9 | 1 596,3 | 42,4 | 114,8 |
| ММКФ | 2 017,0 | 2 064,5 | 2 216,6 | 2 216,9 | 0,3 | 152,4 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 244,0 | 252,6 | 270,5 | 274,3 | 3,8 | 21,7 |
| **Чыгымдар** | **46 489,0** | **46 462,6** | **50 343,0** | **50 309,7** | **-33,3** | **3847,0** |
| Пенсиялык фонд | 42 707,0 | 42 558,4 | 46 171,8 | 46 096,0 | -75,8 | 3537,6 |
| Мамлекеттик пенсиялык топтоо фонду | 1 359,3 | 1 481,5 | 1 553,9 | 1 596,3 | 42,4 | 114,8 |
| ММКФ | 2 167,5 | 2 167,5 | 2 328,4 | 2 328,4 | 0 | 161,0 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 255,2 | 255,2 | 288,8 | 288,8 | 0 | 33,6 |

Ошентип, 2017-жылга салыштырмалуу 2018-жылга Социалдык фонддун кирешелеринин факты жүзүндө өсүүсү 2101,8 миң сомду түзгөн, мында, бардык фонддор боюнча өсүү байкалат, анын ичинен, Пенсиялык фонд - 1812,9 млн. сом, МПТФ -114,8 млн. сом, ММКФ - 152,4 млн. сом, ЭТФ -21,7 млн. сом.

2018-жылга Социалдык фонддун чыгымдарынын факты жүзүндө өсүүсү 3847,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен, Пенсиялык фонд - 3537,6 млн. сом, МПТФ -114,8 млн. сом, ММКФ - 161,0 млн. сом, ЭТФ - 33,6 млн. сом.

Эгерде Пенсиялык фонддон сырткары калган фонддордун чыгымдарынын өсүүсү, кирешелердин өсүүсү менен шайкеш келсе, анда Пенсиялык фонддун чыгымдарынын өсүүсү, кирешелердин өсүүсүнөн **1724,7 млн. сомго** ашырылган, бул болсо, кирешелердин, ошондой эле чыгымдарын сапатсыз администрлениши (кирешелерди жетишсиз издөө, ички аудит ишинин натыйжалуулугунун жана кирешелерди башкаруунун төмөндүгү), бул суммага киреше булактарынын жоктугу жөнүндө күбөлөндүргөн коркунучтуу фактор болуп эсепетелет.

***<u>Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кирешелерине аудит</u>***

“2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, экономикалык классификациялоо боюнча Социалдык фонддун бюджетинин кирешелери төмөндөгүдөй берилген:

(млн. сом)

| | **Факт 2017-ж.** | **Бюджет 2018 -ж.** | **Четтөө Гр3-гр2** | **Факт 2018-ж.** | **Четтөө Гр5-гр3** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| КИРЕШЕЛЕР | **48 911,9** | **51157,9** | **+2246,0** | **51013,7** | **-144,2** |
| **Соцфондго камсыздандыруу төгүмдөрү** | **28739,6** | **30800,3** | **+2060,7** | **30642,1** | **-158,2** |
| - Пенс.фондго камсыздандыруу төгүмдөрү | 24869,3 | 26682,4 | +1813,1 | 26477,1 | -204,9 |
| - МПТФга камсыздандыруу төгүмдөрү | 1481,5 | 1553,9 | +72,4 | 1596,3 | +42,4 |
| - ММКФга камсыздандыруу төгүмдөрү | 2128,4 | 2285,2 | +156,8 | 2285,5 | 0,0 |
| - ЭТФга камсыздандыруу төгүмдөрү | 260,4 | 278,8 | +18,4 | 282,8 | +4,0 |
| **Социалдык фонддун башка кирешелери** | **23,4** | **4,5** | **-18,9** | **15,2** | **+10,7** |
| - капиталдаштырылган сумма | 16,0 | 0,5 | -15,5 | | -0,5 |
| - регрессивдүүү тобокелдик | 2,6 | 3,0 | +0,4 | 12,9 | +9,9 |
| - жана башка кирешелер | 4,8 | 1,0 | -3,8 | 2,3 | +1,3 |
| **РБдан алынган трансферттер** | **17560,1** | **20021,8** | **+2461,7** | **20021,8** | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Салык эмес кирешелер** | **200,7** | **331,3** | **+130,6** | **334,6** | **+3,3** |
| ***Пайыздар*** | ***92,6*** | ***199,3*** | ***+106,7*** | ***199,3*** | |
| - инвестициялоо боюнча пайыздар | | 118,3 | +118,3 | 118,3 | |
| - акча каражаттарынын калдыктарына пайыздар | 92,6 | 81,0 | -11,6 | 81,0 | |
| - мөөнөтү узартылгандыгы үчүн пайыздар | | | | | |
| ***Дивиденддер жана киреше*** | ***60,0*** | ***86,0*** | ***+26,0*** | ***86,0*** | |
| ***Айып пулдар, санкциялар жана конфискациялар*** | ***48,1*** | ***46,0*** | ***-2,1*** | ***49,3*** | ***+3,3*** |
| ***Мезгил башындагы каражаттар калдыгы*** | ***2388,1*** | | ***-2388,1*** | | |

Жогоруда таблицада көрүнүп тургандай, 2017-жылга салыштырмалуу 2018-жылы кирешелердин өсүүсү 2246,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен:

- камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүлөрү - 2060,7 млн. сом;
- республикалык бюджеттен алынган трансферттер - 2461,7 млн. сом,
- салык эмес кирешелер – 130,6 млн. сом;
- башка кирешелердин жеткире аткарылбашы - 18,9 млн. сом, ошондой эле,
- мезгил башындагы каражаттар калдыгын азайтуу менен – 2388,1 млн. сом.

Такталган бюджетке байланыштуу, жыл башындагы каражаттардын калдыгы – 2388,1 млн. сом кирешелерден чыгарылган, ошентип, 2017-жылга салыштырмалуу 2018-жылы кирешелердин факты жүзүндө өсүүсү 4634,1 млн. сомду түзгөн, же 9,96 %га өсүү менен.

Ошону менен бирге, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү боюнча кирешелер, 158,2 млн. сомго мыйзамдуу белгиленген параметрлерге жеткен эмес. Калган кирешелер белгиленгенден 14,0 млн. сомго ашырылган, анын ичинен, жана башка кирешелер -10,7 млн. сом, салык эмес кирешелер - 3,3 млн. сом.

Социалдык фонддун бюджетинин кирешелеринин пландуу көрсөткүчтөрүнүн аткарылбашы төмөндөгүдөй берилген.

(млн. сом)

| | **Факт 2017-ж.** | **Бюджет 2018-ж.** | **Факт 2018-ж.** | **Аткаруу** | | **2017-ж. карата өсүү** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **%** | **Факт-план** | **%** | **Факт 2018-факт 2017** |
| 1 | 2 | 3 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| **Соцфондго камсыздандыруу төгүмдөрү** | **28739,6** | **30800,3** | **30642,1** | **99,5** | **-158,2** | **106,6** | **1902,5** |
| - Пенс.фондго камсыздандыруу төгүмдөрү | 24869,3 | 26682,4 | 26477,1 | **99,2** | **-204,9** | **106,5** | **1608,2** |
| - МПТФга камсыздандыруу төгүмдөрү | 1481,5 | 1553,9 | 1596,3 | 102,7 | +42,4 | 107,7 | 114,8 |
| - ММКФга камсыздандыруу төгүмдөрү | 2128,4 | 2285,2 | 2285,5 | 100,0 | +0,3 | 107,4 | 157,1 |
| - ЭТФга камсыздандыруу төгүмдөрү | 260,4 | 278,8 | 282,8 | 101,4 | +4,0 | 108,6 | 22,4 |
| **Анын ичинен, төлөөчүлөр категориясы боюнча:** | **28739,6** | **30800,3** | **30642,1** | **99,5** | **-158,2** | **106,6** | **1902,5** |
| - чарба жүргүзүүчү субъекттер | 16208,6 | 17538,1 | 17690,9 | 100,9 | +152,8 | 109,1 | 1482,2 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| - бюджеттик уюмдар | 11343,9 | 12078,6 | 11775,1 | 97,5 | -303,5 | 103,8 | 431,2 |
| - дыйкан (фермер) чарбалары | 402,0 | 361,2 | 353,9 | 98,0 | -7,3 | 88,0 | -48,1 |
| - а/чдан ЭТФ | 21,7 | 22,5 | 19,8 | 88,2 | -2,7 | 91,6 | -1,8 |
| - жеке ишкерлер. | 739,2 | 775,7 | 788,1 | 101,6 | +12,4 | 106,6 | +48,8 |
| - жеңилдетилген уюмдар | 24,2 | 24,2 | 14,3 | 59,3 | -9,9 | 59,2 | -9,7 |

Ошентип, 2017-жылга салыштырмалуу чыгымдардын өсүүсү 1902,5 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, Пенсиялык фондго - 1608,2 млн. сом, ММКФ – 157,1 млн. сом, МПТФ – 114,8 млн. сом, ЭТФ – 22,4 млн. сом. Төлөөчүлөрдүн категориясы боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсүнүн бир кыйла бөлүгү чарба жүргүзүүчү субъекттерде байкалган – 1482,2 млн. сом, же факты жүзүндөгү өсүүдөн 77,9 %, бюджеттик уюмдар – 431,2 млн. сом (22,7 %).

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү боюнча 2018-жылга пландуу көрсөткүчтөрдүн жалпы жеткире аткарылбашы 158,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, Пенсиялык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү - 204,9 млн. сом жана башка фонддор боюнча ашыкча төлөө - 46,7 млн. сом. Төлөөчүлөр категориясы боюнча бөлүктө: камсыздандыруу төлөмдөрүнүн келип түшүүсү жалпы 323,4 млн. сомго жеткире аткарылган эмес, анын ичинен: бюджеттик уюмдар – 303,5 млн. сом, дыйкан чарбалары – 7,3 млн. сом, жеңилдетилген уюмдар – 9,9 млн. сом, төмөндөгүлөрдүн кирешелери боюнча ашык төлөө: чарба жүргүзүүчү субъекттер - 152,8 млн. сом жана жеке ишкерлер - 12,4 млн. сом.

Кварталдык динамикага ылайык, Социалдык фонддун киреше потенциалын администрлөө төмөндөгүдөй:

(млн.сом)

| | 2018-жылдагы план | 2018-жылдагы факт | Четтөө | Эсептөө | Кош.эсеп-төө.+,- план | Кош.эсеп-.+,- факт |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-квартал | 6765,6 | 6765,6 | | 6959,7 | +194,1 | +194,1 |
| 2-квартал | 8278,0 | 8278,0 | | 7858,0 | -420,0 | -420,0 |
| 3-квартал | 7051,1 | 7082,5 | +31,4 | 6899,8 | -151,3 | -182,7 |
| 4-квартал | 8705,6 | 8516,0 | -189,6 | 8385,6 | -320,0 | -130,4 |
| **Бардыгы** | **30800,3** | **30642,1** | **-158,2** | **30103,1** | **-697,2** | **-539,0** |

Таблицада көрүнүп тургандай, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча факты жүзүндө алынган кирешелер, 158,2 млн. сомго белгиленген параметрлерге жеткен эмес жана 30642,1 млн. сомду түзгөн. 2018-жылга карата камсыздандыруу төгүмдөрү 30103,1 млн. сомго эсептелген, бул болсо, пландан 697,2 млн. сомго аз жана факты жүзүндө келип түшүүлөрдөн 539,0 млн. сомго төмөн, ал мурда пландоо деңгээлинин төмөндүгү менен байланыштуу болгондугу белгиленген.

Мында, камсыздандыруу төгүмдөрүн пландуу көрсөткүчтөрүн түзүүдө, аткарууда жана эсептөөдө ритмдүүлүктүн жана бир калыптуулуктун жоктугу жөнүндө белгиленген. Алсак, 1-кварталдагы пландык багыттоолор, 2-кварталадгы пландан 1352,5 млн. сомго, 4-кварталдан 2391,4 млн. сомго аз.

Ошондой эле, камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө боюнча, 1-кварталда - 6959,7 млн. сом, 2-кварталда – 7858,0 млн. сом эсептелген, бул болсо, биринчи кварталга караганда 898,3 млн. сомго, 3-кварталда - 6899,8 млн. сомго көп, бул болсо, 1-кварталган караганда - 59,9 млн. сомго, 2-кварталга караганда - 958,2

млн. сомго аз, 4-кварталда 8385,6 млн. сом эсептелген, бул болсо, 1-кварталга караганда - 1425,9 млн. сомго, 2 – кварталга караганда – 527,6 млн. сомго, 3-кварталга караганда – 1485,8 млн. сомго көп.

Мында, эсептелген каражаттардын бир кыйла өйдө-ылдый болуусу 59,9 млн. сомдон 1485,8 млн. сомго чейин, жооптуу кызматкерлердин түшүндүрмөсү боюнча билим берүү чөйрөсүндөгү эмгек акыларды төлөө көлөмүндөгү сезондуу өйдө-ылдыйлар, ошондой эле жылдын аягында бюджеттик чөйрөнүн эмгек акыларын болуп эсептелет.

2018-жылга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн орточо айлык келип түшүүлөрү, орточо айлык 2548,6 миң сом пландуу көрсөткүчтөр алдында 2553,5 млн. сомду түзгөн, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн орточо айлык эсептөөсү 2508,6 миң сомду түзгөн.

2018-жылга мамлекеттик камсыздандыруу каражаттары боюнча Жыйынтыкталган отчетко ылайык, төмөндөгүлөргө ээ:

1. 2018-жылга Жалпы керектөө фондусу – 113965,5 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, чарба жүргүзүүчү субъекттер – 68871,0 млн. сом (60,4 %), бюджеттик уюмдар – 43736,2 млн. сом (38,4 %), ИТД – 1172,3 млн. сом (1,0 %), айыл чарба сектору – 106,7 миң сом (0,2 %), жеңилдетилгендер – 79,3 млн. сом.

2. Катталган төлөөчүлөрдүн саны 623696 бирдикти түзгөн, анын ичинен: чарба жүргүзүүчү субъекттер – 93313 бирдик, бюджеттик уюмдар – 4236 бирдик, айыл чарба сектору сектору – 365859 бирдик (ЭТФдан а/ч сектору – 958 бирдик, ДФЧ – 364901 бирдик), ИТД – 160217 бирдик, жеңилдетилген уюмдар – 71 бирдик.

3. 01.01.2018-жылга карата мамлекеттик социалдык камсыздандырууну төлөөчүлөрдүн карыз калдыгы **3487,9 млн. сомду** түзгөн, анын ичинен, төмөндөгү каражаттар боюнча:

- камсыздандыруу төгүмдөрү - 3080,3 млн. сом;
- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондго ашык төлөө – ***1,7 млн. сом;***
- финансылык санкциялар – ***405,9 млн. сом;***

2018-жылга эсептелген камсыздандыруу төгүмдөрү – **30103,1 млн. сом,** анын ичинен төмөндөгү каражаттар:

- Пенсиялык фонд – **26029,9 млн.** ***сом;***
- Медициналык камсыздандыруу фонду – ***2214,6 млн. сом;***
- Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду – ***277,1 млн. сом;***
- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд – ***1581,4 млн. сом***.

Финансылык санкциялар – **35,9 миң сом;**

Кошумча төгүмдөр – **206,0 млн. сом.**

МПТФ – **0,2 млн. сом.**

Актылар боюнча эсептелген – **111,5 млн. сом.**

2018-жылдын жыйынтыгы боюнча, жыл башындагы **33942,9 млн. сом** калдыктарды эсепке алуу менен, төлөнүшү керек эле.

2018-жылы бардыгы болуп, **30691,4 млн. сом** келип түшкөн, анын ичинен:

- өткөн жылдар үчүн төлөмдөр - ***1783,7 млн. сом***, анын ичинен, камсыздандыруу төгүмдөрү – 1711,2 млн. сом, ПТФ – 72,4 млн. сом;

- финансылык санкциялар - ***12,3 млн. сом***;

- үстүбүздөгү жылдагы төлөмдөр – ***28858,5 млн. сом,*** анын ичинен, Пенсиялык фонд – 24912,8 млн. сом, ММКФ – 2154,2 млн. сом, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду – 267,6 млн. сом, ПТФ –1523,9 млн. сом;

- үстүбүздөгү жылдагы финансылык санкция – ***34,6 млн. сом***.

01.01.2019-жылга карата төлөөчүлөр боюнча карыздын калдыгы **3251,5 млн.сомду** түзгөн, анын ичинен:

- камсыздандыруу төгүмдөрү – 2813,2 млн. сом;
- ПТФга ашык төлөө – 1,9 млн. сом;
- финансылык санкциялар – 440,2 млн. сом.

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн карыздын курамында 677,4 млн. сом көлөмүндөгү кайтарымсыз карыздар эсептелген, анын ичинен, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча - 524,9 млн. сом, финансылык санкциялар боюнча - 152,5 млн. сом.

“Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.05.2013-жылдагы № 278 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, кирешелерди, же эмгек акы суммасын жашырганда, төлөмдү (жашырууну) азайтуу суммасы өлчөмүндө айып пул эсептелет, ошентип, жыйынтыкталган отчет боюнча айып пул санкциялары 317,5 млн. сом (206,0+111,5) көлөмүндө эсептелиши керек, көрсөтүлгөн отчетто болгону 35,9 млн. сом көрсөтүлгөн.

Ошону менен бирге, Социалдык фонд тарабынан текшерүү жүргүзүүдө, пландуу текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн жүрүшүндө мыйзамдарды бузуулар аныкталган учурда текшерүүчү органдын кызмат адамы текшерүүнүн субъектине укук бузуулардын предметин жана маани-маңызын түшүндүрүүгө милдеттүү жана текшерүүнүн субъектине укук бузууларды четтетүүнү - 3 күнгө чейинки мөөнөттө. Эгерде укук бузууларды четтетүү адамдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо боюнча коопсуздукту камсыз кылууга таасирин тийгизсе жана башка учурларда - 30 күнгө чейинки мөөнөттө четтетүүнү милдеттендирген жазуу жүзүндөгү эскертүү берүүгө гана укуктуу деп жазылган “Ишкердиктин субъекттерине текшерүүнү жүргүзүү тартиби жөнүндө” Мыйзамдын 11-беренесинин 2-пункту колдонулат.

Ошентип, “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Мыйзамына, же “Ишкердиктин субъекттерине текшерүүнү жүргүзүү тартиби жөнүндө” Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы жөнүндө констанциялоого мүмкүн.

***Төлөөчүлөр категориясы боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн динамикасына аудит***

*Бюджеттик уюмдар*

Социалдык фонддун жооптуу кызматкерлеринин түшүндүрмөсү боюнча, бюджеттик уюмдар тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 303,5 млн. сомго кирешелердин жеткире аткарылбашы, өткөн мезгилдерге карата камсыздандыруу төгүмдөрүнүн динамикасынын негизинде пландоо байланыштуу. Алсак, 2017-жылга эмгек акы фондусунун факты жүзүндө өсүүсү 107 %ды (2016-ж. – 39405,8 млн. сом, 2017-ж. – 42204,7 млн. сом), 2018-жылга эмгек акы фондусун тактоо 107 %га - 45159,0 млн. сомго жүргүзүлгөн, албетте, камсыздандыруу төгүмдөрүнөн 11343,9 млн. сомдон тартып (2017-жылдагы факт) 12078,6 млн. сомго чейинки (2018-жылдагы тактоо) келип түшүүлөрдөн кирешелер 734,7 млн. сомго көбөйгөн.

Бюджеттик уюмдардын эмгек акыларынын факты жүзүндө өсүүсү, 2017-жылдагы фактыга карата 103,6 %ды түзгөн, же “2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралганга караганда, 431,2 млн. сомго аз. Такталган параметрлер менен салыштырмалуу, факты жүзүндө жеткире аткарылбагандыгы 303,5 млн. сомду түзгөн.

Бюджеттик мекемелердин мыйзам менен белгиленген камсыздандыруу төгүмдөрү 303,5 млн. сомго жеткире түшкөн эмес, бул болсо, сапатсыз пландоо жөнүндө күбөлөндүрөт. Алсак, отчеттук маалыматтарга – мамлекеттик камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттары боюнча эсеп ведомостволорунун жыйынтыктарына (19-тиркеме) ылайык, бюджеттик мекемелер тарабынан Социалдык фондго төгүмдөрдү эсептөө 11724,7 млн. сомду түзгөн, кошумча эсептөө жана айып пул санкциялары менен 11784,4 млн. сом төлөнүшү керек, 2018-жылга карата 11776,2 млн. сом камсыздандыруу төгүмдөрү келип түшкөн, анын ичинен, кезектеги төлөмдөр – 11641,6 млн. сом, финсанкциялар – 0,5 млн. сом жана өткөн жылдагы карыз – 134,1 млн. сом. Мында, 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджеттик мекемелердин карызы 8,2 млн. сомду, финсанкциялар – 8,8 млн. сомду түзгөн.

Бирок, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн регионалдык администраторлорунан суралган маалыматтарга ылайык, 2018-жылга бюджеттик уюмдар тарабынан факты жүзүндө камсыздандыруу төлөмдөрүн ашыкча төлөө 126,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, МПТФдагы камсыздандыруу төгүмдөрү - 75,2 млн. сом. Мында, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча ашыкча төлөгөн, көрсөтүлгөн уюмдарды каржылоону азайтуу зарылдыгы бар, анткени, республикалык бюджет менен, жыл сайын бюджет чөйрөсүндөгү кызматкерлердин бекитилген сандык курамына каражаттар каралат.

Бюджеттик уюмдардын өткөн жылдагы карыздары ушул эле отчет менен 38,1 млн. сом өлчөмүндө белгиленгендигин, өзгөчө белгилей кетүү керек, анда 8,7 млн. сомго финсанкцияларды жана 73,2 млн. сомго МПТФга ашык төлөөлөрдү эске алуу менен.

Же, Социалдык фонддо төгүмдөрдү түзүү маселесинде Финансы министрлиги менен Борбордук казыналыктын ортосундагы өз ара аракеттенишүүнүн жоктугу, камсыздандыруу төгүмдөрүн сапатсыз жана профессионалдык эмес администрлөө жөнүндө констатциялаcа болот, бул, бюджеттик мекемелердин пландуу көрсөткүчтөрүн 11642,7 млн. сомдон 12078,6 млн. сомго чейин тактоого, же 435,9 млн. сомго көбөйтүүгө жана бюджеттик уюмдар тарабынан факты жүзүндө 126,0 млн. сомго камсыздандыруу төгүмдөрүн ашык төлөө менен, төлөмдүн бул түрү боюнча пландуу көрсөткүчтөрдү 303,5 млн. сомго аткарылбай калышына мүмкүнчүлүк берген.

*ЭТФдан айыл чарба сектору*

Уюштурулган айыл чарба сектору боюнча жылдан жылга Социалдык фонддун бюджетинин пландуу параметрлери аткарылбай жаткандыгын, белгилей кетүү керек, бул болсо, Социалдык фонддун түзүмдөрү тарабынан камсыздандыруу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көрсөтүлгөн түрүн сапатсыз жана толук кандай эмес администрлениши жөнүндө күбөлөндүрөт.

Алсак, айыл чарба кооперативдеринин камсыздандыруу төгүмдөрүнүн азаюусу байкалган, көрсөтүлгөн төлөмдүн факты жүзүндө аткаруу динамикасы бир катар жылдар ичинде төмөндөгүлөрдү түзгөн: 2016-жылы – 28,4 млн. сом, 2017-жылы – 21,7 млн. сом, 2018-жылы – 19,8 млн. сом (такталган 22,5 млн. сом алдында). Отчеттук маалыматтарга – мамлекеттик камсыздандыруу төгүнмдөрүнүн каражаттары боюнча эсеп ведомостволорунун жыйынтыктарына (19-тиркеме) ылайык, ЭТФдан айыл чарба сектору боюнча Социалдык фондго төгүмдөрдү факты жүзүндө чегерүү 17,6 млн. сомду түзгөн,
жыл башындагы төлөөчүлөрдүн карыздары менен кошумча чегерүүлөр жана айып пул санкциялары – 105,5 млн. сом төлөнүшү керек, 2018-жылга - 20,0 млн. сом төгүмдөр келип түшкөн, анын ичинен: кезектеги төлөмдөр - 17,1 млн. сом, финсанкциялар – 0,1 млн. сом жана өткөн жылдагы карыз – 2,8 млн. сом. Мында, 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча дыйкан чарабаларынын карыздарынын калдыгы - 85,5 млн. сомду, финсанкциялар – 17,5 млн. сомду түзгөн.

Ошентип, өтмө карыздар жылдан жылга бирдей болуп эсептелгенде, көрсөтүлгөн камсыздандыруу төгүмдөрүн администрлөөнүнү жоктугу жөнүндө белгиленет.

*Дыйкан (фермер) чарбалары*

Дыйкан (фермер) чарбаларынын камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча бекитилген жана такталган көрсөткүчтөрү түшүнүксүз. Алсак, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көрсөтүлгөн түрү боюнча факты жүзүндө кирешелердин аткарылышы 2017-жылы 402,0 млн. сомду түзгөн, 2018-жылга бекитилген - 337,2 млн. сом, такталган – 361,2 млн. сом, аткарылган – 353,9 млн. сом.

Отчеттук маалыматтарга – мамлекеттик камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттары боюнча эсеп ведомостволорунун жыйынтыктарына (19-тиркеме) ылайык, дыйкан (фермер) чарбалары боюнча, Социалдык фондго төгүмдөрдү чегерүү 105,8 млн. сомду түзгөн, кошумча чегерүүлөр жана айып пул

санкциялары – 184,8 млн. сом, финсанкциялар – 11,5 млн. сом менен, 622,8 млн. сом төлөнүшү керек, 2018-жылга - 368,4 млн. сом төгүмдөр келип түшкөн, анын ичинен: кезектеги төлөмдөр - 114,7 млн. сом, финсанкциялар – 13,4 млн. сом жана өткөн жылдагы карыз – 240,3 млн. сом.

Мында, 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча дыйкан чарабаларынын карыздарынын калдыгы - 254,6 млн. сомду, финсанкциялар – 11,7 млн. сомду түзгөн.

Үлүш ээлеринин жер участкаларынын өлчөмүнүн өзгөрбөгөндүгү менен, алар боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн кошумча чегерүү, айып пул санкцияларын чегерүүнүн кошумча булактары гана болуп эсептелет.

*Жеке ишкерлер (Эмгек акы төлөө фондунан жеке ишкерлер + камсыздандыруу төгүмдөрүнөн жеке ишкерлер)*

Берилген маалыматтарга ылайык, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көрсөтүлгөн түрү боюнча факты жүзүндө кирешелердин аткарылышы 2017-жылы 739,2 млн. сомду түзгөн, 2018-жылга бекитилген - 786,0 млн. сом, такталган – 775,7 млн. сом, аткарылган – 788,1 млн. сом. Көрсөтүлгөн категория боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептөөлөрү аудитке берилген жок.

Мамлекеттик камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттары боюнча эсеп ведомостволорунун жыйынтыктарына (19-тиркеме) ылайык, жеке ишкерлер боюнча, факты жүзүндө Социалдык фондго төгүмдөрдү чегерүү 777,3 млн. сомду түзгөн, кошумча чегерүүлөр жана айып пул санкциялары менен 786,1 млн. сом төлөнүшү керек, 2018-жылга - 789,1 млн. сом төгүмдөр келип түшкөн, анын ичинен: кезектеги төлөмдөр - 765,8 млн. сом, финсанкциялар – 1,0 млн. сом жана өткөн жылдагы карыз – 22,3 млн. сом.

Мында, 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча жеке ишкерлердин карыздарынын калдыгы - 3,0 млн. сомду, финсанкциялардын калдыгы – 1,9 млн. сомду түзгөн.

Социалдык фонддун маалыматтары боюнча 2018-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөгө 493,0 млн. сом суммасындагы 493131 даана полистери жазылган, же бир полистин орточо баасы 999,7 сомду түзгөн.

Ошону менен бирге, *республиканын салыктык түшүүлөрүн админситрлеген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен тыгыз өз ара аракеттенишүү алдында,* камсыздандыруу төгүмдөрүнүн кошумча булактарын издөө, калкка салык салуунун айрым түрлөрүн биргелешип администрлөө маселелери боюнча, киреше потенциалын көбөйтүү мүмкүнчүлүгү абдан олуттуу жана бир кыйла болмок, деп аудит белгилейт. Муну катар, төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын берген маалыматтарына ылайык, 2018-жылы 187359 ыктыярдуу патенттер (2248,2 млн. банктык көчүрмө) жазылган, ал жерде алар боюнча республикалык бюджетке кирешелердин келип түшүүсү 2247,6 млн. сомду түзгөн (2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет), демек, ыктыярдуу патент боюнча бир төлөмдү 999,7 сомду түзгөн;

- ыктыярдуу патенттерди жазууда, камсыздандыруу төгүмдөрү да эске алынышы керек, Социалдык фондунун кирешелеринин болжолдуу резервдери 2018-жылы 1754,6 млн. сомду (999,7*2248,2-493,0) түзгөн, мында, эсептерге патент боюнча иштегендердеги жалданган жумушчулардын саны эске алынган эмес;

- ошондой эле, милдеттүү патентти администрлөө боюнча: 8495 даана милдеттүү патент жазылган, 286,9 млн. сомго кирешелер түшкөн, банктык көчүрмөлөрдүн болжолдуу саны - 101,9 миң даана, патент боюнча иштегендердеги жалданган жумушчулардын саны эске алынбастан, Социалдык бюджеттин резервдери болжол менен 101,9 млн. сомду (999,7*101,9) түзмөк. Мындан сырткары, активдерге бирдиктүү салык жана контракт боюнча салык салуу жүргүзүлгөн ишкердик субъекттерди киргизсе болот.

## Республикалык бюджеттен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун трансферттери

“2018-жылга республикалык бюджет жана 2019-2020-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамга ылайык, жалпы 19852,4 млн. сомго Социалдык фондунун трансферттери каралган, бул болсо, 2017-жылдагы каралгандарга караганда 2159,1 млн. сомго көп.

Республикалык бюджеттен Социалдык фондунун трансферттерине каралган чыгымдардын өсүүсү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.09.2018-жылдагы № 442 “2018-жылдын 1-октябрынан тартып жалпы өлчөмү өткөн жылда түзүлгөн пенсионердин жашоо минимумунун чоңдугунан төмөн болгон пенсиянын базалык бөлүгүн индексациялоо жөнүндө” жана 18.08.2017-жылдагы № 491 “2017-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык көлөмүн белгилөө жөнүндө” токтомдорунун шарттары менен шартталган.

**2017-2018-жылдарга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондундагы трансферттер боюнча чыгымдар**

**(миң сом)**

| Чыгымдар | 2017 | 2018 | | | Четтөө | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Факт | Бекитилген бюджет | Такталган бюджет | Факт | Бекитилген бюджетке карата тактоо | 2017-жылдагы фактыдан 2018-жылдагы факт |
| **Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар** | | | | | | |
| Калкты социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиялар **(пенсиянын базалык бөлүгү)** | 9 963 651,5 | 11 764 369,8 | 11 783 498,2 | 11 846 752,4 | 19 128,4 | 1 883 100,9 |
| Бийик тоолуу шарттарда иштегендиги үчүн жеңилдетилген пенсиялар | 1 213 978,4 | 1 321 936,8 | 1 310 428,5 | 1 283 882,6 | -11 508,3 | 69 904,2 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 2 328 959,9 | 2 312 680,2 | 2 481 943,4 | 2 481 753,0 | 169 263,2 | 152 793,1 |
| Бала кезинен майып энелерге жана көп балалуу энелерге пенсиялар | 1 467 291,4 | 1 547 718,6 | 1 514 087,1 | 1 463 446,3 | -33 631,5 | -3 845,1 |
| Алыскы жана кыйынчылык менен жетүүчү райондордо иштелгендиги үчүн жеңилдетилген пенсиялар | 172 911,8 | 199 110,3 | 200 495,5 | 207 676,9 | 1 385,2 | 34 765,1 |
| **Аскер кызматчыларын мамлекеттик милдеттүү камсыздандыруу** | | | | | | |
| Майыптык алган, курман болгон учурда аскер кызматчыларын мамлекеттик милдеттүү жеке камсыздандыруу | 17 711,9 | 20 000,0 | 20 125,3 | 20 326,5 | 125,3 | 2 614,6 |
| **Калкка социалдык камсыздандыруу боюнча төлөмдөр** | | | | | | |
| Электр энергиясы үчүн пенсияга карата компенсациялык төлөмдөр | 1 831 270,0 | 1 834 419,7 | 1 858 396,7 | 1 870 623,6 | 23 977,0 | 39 353,6 |
| Эмгек майыптыгы үчүн компенсациялык төлөмдөр (№2 тизме боюнча пенсиялар жана "PESAC" прогр. боюнча жоюлган ишканалардын адамдарынын эмгек майыптыгы боюнча компенсациялар) | 37 269,8 | 31 674,0 | 33 952,1 | 36 279,7 | 2 278,1 | -990,1 |
| ЧАЭС катышуучуларына жана майыптарына компенсациялар | 3 037,0 | 2 329,0 | 3 767,9 | 3 113,2 | 1 438,9 | 76,2 |
| Учуучу курамга компенсациялар (КРӨнүн 26.05.2008-жылдагы №240 токтому ) | 8 087,9 | 9 281,3 | 8 126,5 | 8 034,0 | -1 154,8 | -53,9 |
| **Калкка социалдык камсыздандыруу боюнча кошуп төлөөлөр** | | | | | | |
| Майыптардын пенсияларына карата кошуп төлөөлөр | 595 780,3 | 595 759,7 | 593 846,6 | 590 219,2 | -1 913,0 | -5 561,1 |
| Өзгөчө синирген эмгеги үчүн пенсияга карата кошуп төлөөлөр | 231 101,0 | 213 078,6 | 213 078,6 | 218 054,6 | 0 | -13 046,4 |
| **Бардыгы** | **17 871 050,9** | **19 852 358,0** | **20 021 746,4** | **20 030 162,0** | **169 388,4** | **2 159 111,1** |

Жогорудагы таблицада көрүнүп тургандай, Социалдык фонддогу трансферттер боюнча мамлекеттин бекитилген милдеттенмелери жыл ичинде 169,4 млн. сомго такталган жана 20021,7 млн. сомду түзгөн.

Республикалык бюджеттен төлөмдөрдүн 10 категориясынын ичинен, 3 категория азаюу жагына түзөтүлгөн, чыгымдардын бир кыйла өсүүсү “Аскер

кызматчыларына пенсия" беренеси менен, айрым категориядагы аскер кызматчыларына акчалай каражаттарды көбөйтүү менен байланыштуу, 169,4 млн. сомдон 169,3 млн. сомго жүргүзүлгөн.

Республикалык бюджеттен трансферттердин бюджетинин факты жүзүндө аткарылышы 20030,2 млн. сомду түзгөн, бул болсо, Социалдык фонддун каражаттарынан төлөнгөн, такталган параметрлерден 8,5 млн. сомго көп.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Социалдык фондунун ортосундагы 01.01.2019-жылдагы салыштыруу актысына ылайык, 01.01.2018-жылга карата Финансы министрлигинин карызы 349,1 млн. сомду түзгөн, каралган бөлүнгөн каражаттар - 20021,7 млн. сом, каржылоо - 20021,7 млн. сом, төлөнгөн - 20030,2 млн. сом, Финансы министрлигинин 01.01.2019-жылга карата карызы 357,5 млн. сомду түзгөн.

Мында, Кыргызпочтасынын кызмат көрсөтүүлөрүн эске алуу менен, республикалык бюджеттин пайдаланылбаган каражаттары 101,7 млн. сомду түзгөн, анын ичинен:

- бийик тоолуу шарттарда иштелгендиги үчүн жеңилдетилген пенсиялар – 26,8 млн. сом;
- бала кезинен майып энерлерге жана көп балалуу энелерге жеңилдетилген пенсиялар – 66,5 млн. сом;
- калктын айрым категориясы боюнча пенсиялар – 0,1 млн. сом;
- аскер кызматчыларын мамлекеттик милдеттүү жеке камсыздандыруу - 7,3 млн. сом;
- пенсияга карата кошуп төлөөлөр – 1,0 млн. сом.

Пенсиялык камсыздоонун башка категориялары жана Социалдык фондунун эркин каражаттарынын эсебинен, Кыргызпочтасы кызмат көрсөтүүсүн эске алуу менен, 459,3 млн. сом төлөнгөн, анын ичинен:

- калкты социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын базалык бөлүгү – 406,0 млн. сом;
- аскер кызматчыларына пенсиялары – 15,7 млн. сом;
- алыскы жана кыйынчылык менен жетүүчү райондордо иштелгендиги үчүн жеңилдетилген пенсиялар - 10,2 млн. сом;
- электр энергиясы үчүн компенсациялык төлөмдөр – 24,3 млн. сомов;
- эмгек майыптыгы боюнча ЧАЭС катышуучуларына компенсация – 3,1 млн. сом.

Социалдык фонд алдындагы Финансы министрлигинин көрсөтүлгөн 349,1 млн. сом карызы, 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча пайда болгон, анын ичинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.08.2017-жылдагы № 491 "2017-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгүнүн өлчөмүн белгилөө жөнүндө" токтомун аткаруу менен, пенсиянын базалык бөлүгү – 355,4 млн. сом, ал жерде мындай деп жазылган:

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2017-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгүн жогорулатууга 263,8 млн. сом суммасындагы акча каражатын берсин;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2018-жылга республикалык бюджетте мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун каражаттарынан 2017-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгүн жогорулатууга берилген 263,8 млн. сом суммасында акча каражатын карасын жана 2018-жылдын 15-февралына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна алардын кайтарып берилишин камсыз кылсын.

Республикалык бюджеттен трансферттерди түзүү боюнча берилген эсептөөлөргө ылайык, 2018-жылы аларга болгон керектөө 20308,3 млн. сомду түзгөн, бирок Финансы министрлиги тарабынан (21.09.2018-жылдагы № 13-2-2/10858 кат) көрсөтүлгөн каражаттарды толук канааттандыруу жөнүндө баш тартылган, республикалык бюджеттен факты жүзүндө бөлүнгөн каражаттар, мурда көрсөтүлгөндөй 20021,7 млн. сомду түзгөн, же керектөөдөн 286,6 млн. сомго аз.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.09.2018-жылдагы № 442 "2018-жылдын 1-октябрынан тартып жалпы өлчөмү өткөн жылда түзүлгөн пенсионердин жашоо минимумунун чоңдугунан төмөн болгон пенсиянын базалык бөлүгүн индексациялоо жөнүндө" токтому менен, төмөндөгүдөй буйрук берилген:

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду 2018-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгүн индексациялоого 73,0 млн. сом суммасындагы чыгымдарды каржыласын;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2018-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгүн индексациялоого мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарынан берилген 73,0 млн. сом суммасындагы акча каражаттарын республикалык бюджетте карасын жана 2019-жылдын 1-апрелине чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна ордун толтурулушун камсыз кылсын.

**Көрсөтүлгөндөрдөн сырткары, 2018-жылга Социалдык фондунун киреше булактарында,** 349,8 млн. сомду түзгөн жана башка кирешелер бар, анын ичинен:

- регрессивдүү тобокелдиктерди компенсациялоо – 12,9 млн. сом;
- дивиденддер – 86,0 млн. сом;
- туумдар, айып пулдар – 49,3 млн. сом;
- инвестициялоо боюнча пайыздар – 118,3 млн. сом;
-коммерциялык банктардагы алыш-бериш эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарына пайыздар – 81,0 млн. сом;
- жана башка кирешелер – 2,3 млн. сом.

Мында, жана башка кирешелер боюнча пландуу көрсөткүчтөр, 14,1 млн. сомго ашыгы менен аткарылган.

Ошону менен бирге, Социалдык фондунун кирешелеринин (камсыздандыруу төгүмүнүн) бир кыйла булактарынын болушу жөнүндө белгиленген, алар төмөндө белгиленген:

1. Социалдык фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын резиденттери эмес болуп эсептелген Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин кызматкерлерине камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү маселеси актуалдашкан эмес. Берилген маалыматтарга ылайык, 2018-жылга - 120,7 млн. сом камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилген, мында, эсепти ведомстволордо чет элдик кызматкерлер көрсөтүлгөн эмес. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.07.2018-жылдагы токтому менен бекитилген жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан 18.01.2019-жылы № ТЮ00033478 менен катталган Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставынын 25-беренесине ылайык, Университеттин акча каражаттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Түркия Республикасынын Өкмөтү тарабынан бөлүнгөн каражаттардан, ошондой эле окутуу үчүн студенттерден алынган төгүмдөрдөн, демөөрчүлүктөн түшкөн акча каражаттарынан жана Университет өзү тапкан жана башка кирешелерден турат.

2. Социалдык фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган чет элдик жарандар тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө жана чегерүү маселеси актуалдашкан эмес. Алсак, чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө жана чегерүү боюнча жүргүзүлгөн тандалма аудитте, «Нур Телеком», «ЧайнаРоуд» ЖЧКларында чет элдик континенттердин болгондугу жана Кумтор Оперейтинг Компани» кызматкерлери чет элдик жаран катары декларацияланган эмес.

Буга байланыштуу, Социалдык фонддун кошумча кирешелерин тактоо максатында, текшерүүлөрдү жүргүзүү мораторийи болгондугун эске алуу менен, камсыздандыруу төгүмдөрүн алуу функциясы 01.01.2019-жылдан тартып Салык кызматына берилген, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин чечими менен түзүлгөн жумушчу тобу тарабынан чет элдик кызматкерлердин жана чет элдик капиталдын катышуусу менен уюмдарга аудит жүргүзүү зарылдыгы бар.

3. Социалдык фонд тарабынан Кыргыз Республикасы резиденттери болуп эсептелген жана Кыргыз Республикасынын аймагындагы чет мамлекеттердин элчиликтеринде иштеген кызматкерлер тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү маселеси актуалдашкан эмес. Алсак, берилген маалыматтар боюнча Социалдык фондунун маалыматтар базасында болгону 14 элчилик жана консулдук катталган, анын ичинен үчөө отчетторду бербейт (Россия, АКШ жана КЭР элчиликтери), үчөө нөл көрсөткүчтөр менен берет, калгандары отчетторун берип турат. Мында, Социалдык фондунун маалыматтар базасында Белоруссия Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Афган Республикасынын, Иран Республикасынын, Корея Республикасынын элчиликтери жок.

4. Социалдык фонд тарабынан республикалык бюджеттен капиталдык салымдарды каржылоо 2018-жылы 5,0 млрд. сомдду түзгөн курулуштардагы бир кыйла инвестициялоолор жөнүндө декларациялоо, бир кыйла жарнамалык проекттер болуп туруп, курулуш компанияларында камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү маселе актуалдашкан эмес. Айрым курулуш компаниялары боюнча берилеген маалыматтарга ылайык, төмөндөгүлөргө ээ:

- «Авангард Стиль» ЖЧКсы, декларацияланган эмгек акы көлөмү – 27,2 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү – 7,4 млн. сом;

- «Кыргыз Каганат» ЖЧКсы, эмгек акы фонду – 8,8 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү – 2,4 млн. сом;

- «Имарат Строй» ЖЧКсы, эмгек акы фонду – 1,7 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү – 0,5 млн. сом,

- «Эмарк Строй» ЖЧКсы, эмгек акы фонду – 1,4 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү – 0,2 млн. сом,

- «Арек Строй» ЖЧКсы, эмгек акы фонду – 0,8 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү – 0,2 млн. сомов,

- «KG Group» ЖЧКсы, эмгек акы фонду– 0,2 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү – 0,05 млн. сомов,

- «ИХЛАС Строй» ЖЧКсы, эмгек акы фонду – 0,0 млн. сом, камсыздандыруу төгүмдөрү – 0,0 млн. сом.

5. Социалдык фонд тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн, туумдарды эсептөө маселеси актуалдашкан эмес, ал жерде, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө мөөнөтү жана камсыздандыруу төлөмдөрүн эсептөө шарттары белгиленген, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Мыйзамга ылайык, «EleeD» маалымат программасында бир кыйла ресурстук потенциал бар.

6. Социалдык фонддо дагы бир ресурстук булак - 01.01.2018-жылга карата төлөөчүлөрдүн карызы - 3082,0 млн. сом, 01.01.2019-жылга – 2811,3 млн. сом бар экендигин көрсөтүү керек, алар 2018-жылда ошондой эле 2019-жылда пландуу көрсөткүчтөргө киргизилген эмес.

## ***Социалдык фонддун чыгымдарына аудит***

“2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Социалдык фонддун чыгымдары 49850,0 млн. сом өлчөмүндө бекитилген, анын ичинен, Социалдык фонддун пенсиялык фондусунун чыгымдары – 49063,3 млн. сом, Социалдык фондду күтүү боюнча чыгымдар – 786,7 млн. сом. чыгымдардын динамикасы төмөндөгүдөй берилген.

(миң сом)

| **коду** | | **2018-ж. бекитилген** | **2018-ж. такталган** | **Четтөө гр.4-гр.3** | **Факт 2018-жыл** | **Четтөө Гр.6-гр.4** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| | **Операциялык чыгымдардын жыйынтыгы** | **49783484,6** | **50298234,6** | **+514750,0** | **50279796,1** | **-18438,4** |
| 2111 | Эмгек акы | 531226,7 | 548124,6 | +16897,9 | 542796,2 | -5328,4 |
| 2121 | Социалдык фонддун төгүмдөрү | 91636,7 | 94551,6 | +2914,9 | 92336,6 | -2214,9 |
| 2211 | Кызматтык иш сапарларга чыгымдар | 19270,2 | 19270,2 | | 17834,7 | -1435,5 |
| 2212 | Байланыш кызматы | 6254,2 | 6554,2 | +300,0 | 5059,7 | -1494,5 |
| 2213 | Ижара акысы | 2025,6 | 2025,6 | | 2025,3 | -0,3 |
| 2214 | Транспорттук кызматтар | 11158,4 | 11158,4 | | 10295,4 | -863,0 |
| 2215 | Жана башка товарларды сатып алуу | 27646,2 | 38009,5 | +10363,3 | 34522,3 | -3487,2 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2221 | Кезектеги ондоого чыгымдар | 5100,0 | 5100,0 | | 3986,6 | -1113,4 |
| 2222 | Буюмдарды сатып алуу | 14010,9 | 14010,9 | | 13067,9 | -943,0 |
| 2224 | Көмүр жана башка отундарды сатып алуу | 2464,8 | 2464,8 | | 1621,6 | -843,2 |
| 2225 | Күзөт кызматын сатып алуу | 1902,5 | 1902,5 | | 1902,2 | -0,3 |
| 2226 | Банктык кызматтарга төлөө | 11314,0 | 12314,0 | +1000,0 | 12189,3 | -124,7 |
| 2227 | Пенсия жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча кызматтарга төлөө чыгымдары | 375290,6 | 340222,2 | -35068,4 | 335049,9 | -5172,3 |
| 2231 | Коммуналдык кызматтар | 7455,8 | 9173,8 | +1718,0 | 8354,3 | -819,5 |
| 2621 | Эл аралык уюмдардын кезектеги гранттары. | 5858,3 | 5858,3 | | 5845,3 | -13,0 |
| 2631 | Мамлекеттик башкаруунун башка бирдиктерине кезектеги гранттар | 3898329,8 | 4171173,3 | +272843,5 | 4213629,7 | +42456,4 |
| 2711 | Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар | 44690539,9 | 44964120,7 | +273580,8 | 44927322,7 | -36798,0 |
| 2824 | Резервдик фонддор | 42500,0 | 6700,0 | -35800,0 | 6635,0 | -65,0 |
| 2828 | Соцфонддун Өнүгүү фонду | 39500,0 | 45500,0 | +6000,0 | 45321,4 | -178,6 |
| | **Финансы эмес активдердин жыйынтыгы** | **66550,7** | **44720,0** | **-21830,7** | **29870,6** | **-14849,4** |
| 3111 | Имараттар жана курулмалар | 39215,7 | 17385,0 | -21830,7 | 5404,0 | -11981,0 |
| 3112 | Машиналар жана жабдуулар | 27335,0 | 27335,0 | | 24466,6 | -2868,4 |
| | **Чыгымдардын жыйынтыгы** | **49850035,3** | **50342954,6** | **+492919,3** | **50309666,7** | **-33287,8** |

Таблицада көрүнүп тургандай, Социалдык фонддун такталган чыгымдары 492,9 млн.сомго жүргүзүлгөн, анын ичинен, Пенсиялык фонддуку - 482,5 млн. сом, Социалдык фондду күтүү боюнча чыгымдар – 10,4 млн. сом.

Чыгымдар параметрлеринин факты жүзүндө аткаруу 50309,7 млн. сомго жүргүзүлгөн, бул болсо, такталган параметрлерден 33,3 млн. сомго аз.

Мында, фонд боюнча Социалдык кымсыздандыруу каражаттарынын бөлүштүрүү төмөндөгүдөй көрүнөт:

(млн. сом)

| | **2017-ж.** | | **2018-ж.** | | **Четтөө** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Такталган бюджет | Аткаруу | Такталган бюджет | Аткаруу | 2018-ж. карата аткаруу | 2017-жылдан 2018-жылга |
| **Чыгымдар** | **46 489,0** | **46 462,6** | **50 343,0** | **50 309,7** | **-33,3** | **3847,0** |
| Пенсиялык фонд | 42 707,0 | 42 558,4 | 46 171,8 | 46 096,0 | -75,8 | 3537,6 |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд | 1 359,3 | 1 481,5 | 1 553,9 | 1 596,3 | 42,4 | 114,8 |
| ММКФ | 2 167,5 | 2 167,5 | 2 328,5 | 2 328,5 | 0 | 161,0 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 255,2 | 255,2 | 288,8 | 288,8 | 0 | 33,6 |

2017-жылга салыштырмалуу 2018-жылдагы чыгымдардын факты жүзүндө өсүүсү 3847,0 млн. сомду түзгөн, Пенсиялык фонд – 3537,6 млн. сом, МПТФ – 114,8 млн. сом, ММКФ – 161,0 млн. сом, ЭТФ – 33,3 млн. сом.

Социалдык фонддун пенсиялык фондунун чыгымдары төмөндөгүдөй түзүлгөн:

(миң сом)

| **коду** | | **2018-ж. бекитилген** | **2018-ж. такталган** | **Четтөө гр.4-гр.3** | **Факт 2018-жыл** | **Четтөө Гр.6-гр.4** |
|---|---|---|---|---|---|---|

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2226 | Банктардын кызматына төлөө боюнча чыгымдар | 11314,0 | 12314,0 | +1000,0 | 12189,3 | -124,7 |
| 2227 | Пенсияларды жажөлөк пулдарды төлөө боюнча кызматтарга чыгымдар | 375290,6 | 340222,2 | -35068,4 | 335049,9 | -5172,3 |
| 2621 | Эл аралык уюмдардын кезектеги гранттары | 5858,3 | 5858,3 | | 5845,3 | -13,0 |
| 2631 | Мамлекеттик башкаруунун башка бирдиктерине кезектеги гранттар | 3898329,8 | 4171173,3 | +272843,5 | 4213629,7 | +42456,4 |
| 2711 | Социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар | 44690539,9 | 44964120,7 | +273580,8 | 44927322,7 | -36798,0 |
| 2824 | Резервдик фонддор | 42500,0 | 6700,0 | -35800,0 | 6635,0 | -65,0 |
| 2828 | Соцфонддун Өнүгүү фонду | 39500,0 | 45500,0 | +6000,0 | 45321,4 | -178,6 |
| | **Чыгымдардын жыйынтыгы** | **49063332,6** | **49545888,5** | **+482555,9** | **49545993,3** | **+104,8** |

Пенсиялык чыгымдардын көбөйүүсү негизинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.08.2017-жылдагы № 491 жана 22.09.2018-жылдагы № 442 токтомдоруна ылайык, пенсиялардын өлчөмүн жогорулатуу менен байланыштуу.

Алсак, Пенсиялык фондунун 49545,9 млн. сомго такталган милдеттенмелеринин алдында, аларды аткаруу 0,1 млн. сомго аткаруу менен, факты жүзүндө 49546,0 млн. сомго аткарылган. Мында, мамлекеттик башкаруунун башка бирдиктери (ММКФ, ЭАФ) тарабынан кезектеги гранттарды факты жүзүндө аткаруу, такталган милдеттенмелерди 42,5 млн. сомго жогорулаткан, ал эми социалдык камсыздоо боюнча жөлөк пулдар 36,8 млн. сомго жеткире аткарылган эмес, чыгымдардын калган беренелери боюнча такталган милдеттенмелерден бир кыйла четтөөлөр бар.

*Пенсиялык фонддун чыгымдарынын түзүмү*

(млн. сом)

| **Пенсиялык фонддун чыгымдары** | **2017-ж. аткаруу** | **2018-ж. бекитил-ген** | **2018-ж. тактал-ган** | **2018-ж. аткаруу** | **2018-ж. бекит.-тактал-ган** | **+,- 2017-ж. карата аткаруудан четтөө** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эл/энергиясы үчүн компенсацияларды эске алуу менен пенсиялар | 38 635,8 | 41 980,5 | 42 084,7 | 42 064,2 | +104,2 | +3428,4 |
| Жеткирүү боюнча чыгымдар | 350,5 | 375,3 | 340,2 | 335,0 | -35,1 | -15,5 |
| Банктык кызматтарга чыгымдар | 7,9 | 11,3 | 12,3 | 12,2 | +1,0 | +4,3 |
| Аскер кызматчыларын камсыздандыруу жана чыгымдар | 2 323,2 | 2 332,7 | 2 502,1 | 2 501,2 | +169,4 | +178,0 |
| Сөөк коюу боюнча чыгымдар | 317,6 | 377,3 | 377,3 | 361,9 | | +44,3 |
| Административдик чыгымдар | 707,5 | 786,7 | 797,1 | 763,7 | +10,4 | +56,2 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жеке эсепке алуу боюнча чыгымдар | 2,9 | | | | | -2,9 |
| Резервдик фонд | 5,5 | 42,5 | 6,7 | 6,6 | -35,8 | +1,1 |
| Өнүгүү фонду | 40,4 | 39,5 | 45,5 | 45,3 | +6,0 | +4,9 |
| Мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө | 5,3 | 5,9 | 5,9 | 5,9 | | +0,6 |
| ММКФ алдындагы карызды төлөө | 150,5 | | | | | -150,5 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун алдындагы карызды төлөө | 11,3 | | | | | -11,3 |
| **Бардыгы** | **42558,4** | **45951,7** | **46171,8** | **46096,0** | **+220,1** | **+3537,6** |

2017-жылга салыштырмалуу, Пенсиялык фондунун чыгымдарынын бир кыйла өсүүсү 3537,6 млн. сомду түзгөн, мында, Пенсиялык фондунун чыгымдары 46096,0 млн. сомду түзгөн. Чыгымдардын такталган бюджети такталган параметерлерден 220,1 млн. сомго жогорулаган, анын ичинен:

-электр энергиясы үчүн компенсацияларды эске алуу менен компенсациялар - 104,2 млн. сом;

- аскер кызматчыларын камсыздандыруу жана пенсиялары – 169,4 млн. сом;

- административдик чыгымдар – 10,4 млн. сом ж.б.у.с.

Калган милдеттенмелер 70,9 млн. сомго жеткире аткарылган эмес, анын ичинен, жеткирүү чыгымдар боюнча - 35,1 млн. сом, резервдик фонду – 35,8 млн. сом.

Пенсиялык фондунун факты жүзүндөгү чыгымдары 75,8 млн. сомго такталган параметрлерге жеткен эмес, анын ичинен: пенсия боюнча - 20,5 млн. сом, сөөк коюу боюнча жөлөк пул – 15,4 млн. сом, административдик чыгымдары – 33,4 миң сом ж.б.у.с.

***2017-2018-жылдарга пенсиялык камсыздоонун негизги көрсөткүчтөрү***

2018-жылдын жыйынтыгы боюнча пенсиялык камсыздоонун төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрү түзүлгөн, б.а. 2017-жылга салыштырмалуу пенсиялык камсыздоонун чыгымдарынын бир кыйла көбөйүүсү, анын көрсөткүчтөрүн негиздүү жакшыртa алган эмес. 2017-жылга салыштырмалуу пенсиялардын 192 сомго өсүүсү, 3,1 пайыздык пунктка азайган. 2017-жылга салыштырмалуу пенсионерлердин жашоо үчүн минимум зарыл каражаты 109,9 сомго азайган. Эмгек акыга карата орточо пенсиялардын катышы, орточо эмгек акынын 548 сомго өсүүсү менен 0,1 пайыздык пунктка көбөйгөн.

| Көрсөткүчтөр | 2017-жыл | 2018-жыл | Четтөө |
|---|---|---|---|
| Компенсациялык төөмдөрдү эске алуу менен орточо пенсия (сом) | 5412 | 5604 | +192 |
| Пенсиянын орточо өсүү темпи (%) | 106,6 | 103,5 | -3,1 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Орточо эмгек акы (сом) | 15670 | 16218 | +548,0 |
| Орточо эмгек акынын өсүү темпи (%) | 105,5 | 103,5 | -2,0 |
| Эмгек акыга карата ортчо пенсиянын катышы (%) | 34,5 | 34,6 | 0,1 |
| Пенсионерлердин жашоо үчүн минимум зарыл каражаты (ПЖМЗ) (сом) | 4392 | 4283 | -109,9 |
| ПЖМЗ өсүү темпи (%) | 102,1 | 97,5 | -4,6 |
| Пенсионердин ПЖМЗсына карата орточо пенсиянын катышы (%) | 123,2 | 130,8 | 7,6 |
| Мурдагы жылга карата керектөө бааларынын индекси (в %) | 103,2 | 101,5 | -1,7 |

Категориялары боюнча пенсионерлердин саны жана дайындалган пенсиялардын орточо өлчөмү 2017, 2018 жана 2019-жылдардын башындагы абал боюнча төмөндөгүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт:

| Пенсионерлердин категориясы | Саны (чел) | | | Компенсациялык төлөмдөрсүз пенсиялардын орточо өлчөмү (сом) | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 01.01.17 г. | 01.01.18 г. | 01.01.19 г. | 01.01.17 г. | 01.01.18 г. | 01.01.19 г. |
| **1. Жашы боюнча** | 460542 | 477184 | 493878 | 5239 | 5550 | 5756 |
| 1.1 Жеңилдетилген шартта | 71387 | 70068 | 66935 | 3674 | 3945 | 4048 |
| 1.2 Өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн | 2331 | 2195 | 2106 | 19003 | 19584 | 21116 |
| **2. Майыптыгы боюнча** | 111443 | 113928 | 116738 | 3823 | 4218 | 4377 |
| **3. Багуучуну жоготкон учурда** | 43836 | 41305 | 39110 | 3127 | 3394 | 3390 |
| **4. Аскер кызматчылары жана үй-бүлөлөрү** | 1529 | 1450 | 1429 | 5829 | 6230 | 6351 |
| **Бардыгы** | **617350** | **633867** | **651155** | **4835** | **5172** | **5368** |

Таблицада көрүнүп тургандай, пенсионерлердин өсүүсү жана саны 2018 -жылга салыштырмалуу, 17288 пенсионерге өскөндүгү көрүп турат, анын ичинен, абдан бир кыйла жаш боюнча – 16694 адам.

2018-жылы пенсиялык төлөмдөрдүн орточо өлчөмү 206 сомго өскөн жана орточо жашы боюнча - 5756 сом, өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн – 21116 сом, аскер кызматчылары – 6351 сом ж.б. эсептелген пенсиянын абдан көп өлчөмү 128087 сомду түзгөн. Берилген маалыматтарга ылайык, чоң пенсияларды персоналдык пенсионерлер алат, ал жерде 1979 адам айына 50000 сомго чейин алат, 50000 сомдон 80000 сомго чейин 69 адам, 80000 сомдон 100000 сомго чейин 5 адам, 100000 сомдон жогору – 4 адам алат.

2019-жылы бардыгы болуп, отчетко ылайык 44927,3 млн. сом пенсия төлөнгөн, аналитикалык маалыматтарга ылайык, 44903,0 млн. сомго пенсиялар төлөнгөн, же 24,3 млн. сом айырма менен.

Пенсиялык төлөмдөрдүн түзүмү төмөндөгүдөй берилген:

- жашы боюнча пенсия – 29010,9 млн. сом;
- жеңилдетилген пенсия – 2982,9 млн. сом;
-«Улуттук ташуучу «Кыргызстан аба жолдору» ААКсынын кызматкерлеринин пенсиясы - 10,3 млн. сом;
- майыптыгы боюнча пенсия – 5804,8 млн. сом;
- багуучусун жоготкон учурдагы пенсия – 1556,1 млн. сом;
- пенсияга кошуп төлөөлөр – 82,1 млн. сом;
- соттордун пенсияларына кошуп төлөөлөр – 25,9 млн. сом;
- баатыр энелердин пенсияларына кошуп төлөөлөр – 477,5 млн. сом;
- өзгөчө сиңирген эмгеи үчүн кошуп төлөөлөр – 166,5 млн. сом;
- 100% жогорулатылган пенсия алган, “Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу”, “Кыргыз Республикасынын эл акыны” ж.б.у.с ардактуу наамга ээ иштебеген пенсионерлер – 11,2 млн. сом;
- персоналдык пенсионерлерге бир жолку жөлөк пул – 38,7 млн. сом;
- аскер кызматчыларынын пенсиялары – 2476,8 млн. сом;
- электр энергиясы үчүн компенсациялар – 1855,6 млн. сом;
- капиталдашкан каражаттар боюнча багуучусун жоготкон учурда жана эмгек майыптыгы боюнча пенсиялар жана компенсациялар – 2,6 млн. сом;
- багуучусун жоготкон учурда жана эмгек майыптыгы боюнча компенсациялар (укук мураскерсиз) – 0,1 млн. сом;
- «PESAK» программасы боюнча багуучусун жоготкон учурда жана эмгек майыптыгы боюнча компенсациялар - 35,9 млн. сом;
- ЧАЭС компенсациялары - 3,1 млн. сом;
- пенсионерлерди коюу үчүн – 361,9 млн. сом.

Мында, 01.01.2019-жылдан бери катталган 651155 пенсионерлердин ичинен, электр энергиясы үчүн компенсацияларды 617800 пенсионерлер алышат, бардык пенсионерлерден 94,9 % (1855,6 млн. сом төлөнгөн), кийинки сапаттык курамы боюнча майыптыгы боюнча пенсионерлер - 117723 адам (18,1 %) эсептелет, жыл ичинде майыптардын саны 2810 адамга өскөн, майыптыгы боюнча – 5804,8 млн. сом төлөнгөн, бул болсо, бардык пенсияларды жана компенсацияларды төлөөдөн 12,9 %ды түзгөн.

2018-жылы 44756 адамга кайрадан пенсия дайындалган, анын ичинен, майыптыгы боюнча - 8160 адам (18,2 % кайрадан дайындалгандардан).

Жооптуу кызматкерлердин маалыматтары боюнча, пенсиялар убагында төлөнгөн, пенсиялык төлөмдөр боюнча 01.01.2019-жылга карата карыз жок.

**“2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына** ылайык, кирешелер боюнча ММКФ боюнча пландуу параметерлер кирешелер боюнча - 2127,0 млн. сомго жана чыгымдар – 2191,3 млн. сомго бекитилеген жана кирешелер боюнча - 2216,6 млн. сомго чыгымдар боюнча – 2328,4 млн. сомго такталган.

01.01.2018-жылга карата Социалдык фонддун карызы 111,8 млн. сомду түзгөн, жыл ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү – 2285,5 млн. сомго чогултулган, ММКФга – 2328,4 млн. сомго, Социалдык фондго 3 % на административдик чыгымдар – 68,6 млн.сомго чегерилген, 01.01.2019-жылга карата Социалдык фондунун ММКФга карызы 0,3 млн. сомду түзгөн.

**“2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына** ылайык, кирешелер боюнча Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо боюнча пландуу параметерлер кирешелер боюнча - 257,0 млн. сомго бекитилеген жана чыгымдар – 266,8 млн. сомго бекитилеген жана кирешелер боюнча - 270,5 млн. сомго, чыгымдар боюнча – 288,8 млн. сомго такталган.

01.01.2018-жылга карата Социалдык фонддун Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын алдындагы карызы 18,4 млн. сомду түзгөн, жыл ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү – 285,8 млн. сомго чогултулган, Федерацияга – 288,8 млн. сомго, Социалдык фондго 3 % на административдик чыгымдарга – 8,5 млн.сомго чегерилген, 01.01.2019-жылга карата Социалдык фондунун Кыргызстан Профсоюздар федерацияга карызы 3,8 млн. сомду түзгөн.

***Административдик чыгымдар***

(миң сом)

| коду | | 2018-жылга бекитилген | 2018-жылга такталган | Четтөө гр.4-гр.3 | Факт 2018-жылы | Четтөө Гр.6-гр.4 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 2111 | Эмгек акы | 531226,7 | 548124,6 | +16897,9 | 542796,2 | -5328,4 |
| 2121 | Социалдык фондго төгүмдөр | 91636,7 | 94551,6 | +2914,9 | 92336,6 | -2214,9 |
| 2211 | Кызматтык иш сапарларга чыгымдар | 19270,2 | 19270,2 | | 17834,7 | -1435,5 |
| 2212 | Байланыш кызматы | 6254,2 | 6554,2 | +300,0 | 5059,7 | -1494,5 |
| 2213 | Ижара акысы | 2025,6 | 2025,6 | | 2025,3 | -0,3 |
| 2214 | Транспорттук кызматтар | 11158,4 | 11158,4 | | 10295,4 | -863,0 |
| 2215 | Жана башка кызматтарды сатып алуу | 27646,2 | 38009,5 | +10363,3 | 34522,3 | -3487,2 |
| 2221 | Кезектеги оңдоого чыгымдар | 5100,0 | 5100,0 | | 3986,6 | -1113,4 |
| 2222 | Буюмдарды сатып алуу | 14010,9 | 14010,9 | | 13067,9 | -943,0 |
| 2224 | Көмүр жана башка отундарды сатып алуу | 2464,8 | 2464,8 | | 1621,6 | -843,2 |
| 2225 | Күзөт кызматын сатып алуу | 1902,5 | 1902,5 | | 1902,2 | -0,3 |
| 2231 | Коммуналдык кызматтар | 7455,8 | 9173,8 | +1718,0 | 8354,3 | -819,5 |
| 3111 | Имараттар жана курулмалар | 39215,7 | 17385,0 | -21830,7 | 5404,0 | -11981,0 |
| 3112 | Машиналар жана жабдуулар | 27335,0 | 27335,0 | | 24466,6 | -2868,4 |
| | **Бардыгы** | **786702,7** | **797066,1** | **+10363,4** | **763673,4** | **-33392,6** |

Социалдык фондуну күтүү боюнча 786,7 млн. сом чыгымдар каралган, 10,4 млн. сомго көбөйүү менен, 797,1 млн. сомго такталган, каражаттар факты жүзүндө 763,7 млн. сомго пайдаланылган, бул болсо, такталган чыгымдардан 33,4 млн. сомго аз.

Абдан олуттуу чыгымдар эмгек акы боюнча – 542,8 млн. сомго жүргүзүлгөн, бул болсо, жүргүзүлгөн жалпы чыгымдардан 71,1 %ды түзгөн, Социалдык фондго чыгымдар – 92,3 млн. сом (12,1 %), жана башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу – 34,5 млн. сом (4,5 %), машиналар жана жабдуулар – 24,5 млн. сом (3,2 %) ж.б.у.с.

Абдан олуттуу чыгымдар Социалдык фондунун Борбордук аппараты боюнча жүргүзүлгөн, ал 153,5 млн. сомду, же жалпы чыгымдан 20,1 %ды түзгөн. калган каражаттар Социалдык фондунун регионалдык башкармалыктары боюнча бөлүштүрүлгөн.

## ***Борбордук аппараттын бюджетинин аткарылышына аудит***

Борбордук аппаратты күтүү боюнча каражаттар боюнча чыгымдар сметасы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармалыгы тарабынан 201735,9 миң сомго бекитилген. Борбордук аппараттын каражаттарынын динамикасы төмөндөгүдөй.

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелердин коду | 01.01. 2018-ж. калдык | 2018-ж. бекитилген | 2018 – ж. такталган | Четтөө Гр.5-гр.4 | Каржылоо | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар | 01.01. 2019-жылга калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| Эмгек акы | 2111 | | 76412,6 | 81904,7 | +5492,1 | 76069,0 | 76055,5 | 76308,3 | 13,5 |
| Социалдык фондго төгүмдөр | 2121 | | 13181,2 | 15084,1 | +1902,9 | 12874,3 | 12874,3 | 12874,3 | |
| Кызматтык иш сапарларга чыгымдар | 2211 | 79,6 | 7302,6 | 6276,3 | -1026,3 | 4810,9 | 4811,2 | 4776,1 | 79,3 |
| Байланыш кызматы | 2212 | | 4886,2 | 5081,7 | +195,5 | 3596,8 | 3596,8 | 3428,3 | |
| Транспорттук кызматтар | 2214 | | 2148,7 | 2672,4 | +523,7 | 1745,8 | 1745,8 | 1607,4 | |
| Жана башка кызматтарды сатып алуу | 2215 | 758,9 | 26206,3 | 32891,4 | +6685,1 | 28727,1 | 29486,0 | 11185,9 | |
| Кезектеги оңдоого чыгымдар | 2221 | | 5100,0 | 2782,7 | -2317,3 | 1669,7 | 1669,7 | 1669,7 | |
| Буюмдарды сатып алуу | 2222 | 3556,6 | 7810,3 | 6879,4 | -930,9 | 5995,7 | 5995,7 | 5995,7 | 3556,6 |
| Көмүр жана башка отундарды сатып алуу | 2224 | | 154,8 | 922,6 | +717,8 | 81,0 | 81,0 | 81,0 | |
| Күзөт кызматын сатып алуу | 2225 | | 1902,5 | 1902,5 | | 1902,2 | 1902,2 | 1902,2 | |
| Коммуналдык кызматтар | 2231 | | 1290,0 | 2027,6 | +737,6 | 1254,2 | 1242,7 | 1236,7 | 11,5 |
| Имараттар жана курулмалар | 3111 | | 39215,7 | 11980,7 | -27235,0 | | | | |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | | 16125,0 | 16810,4 | +685,4 | 13942,9 | 13942,9 | 13942,9 | |
| **Бардыгы** | | **4395,1** | **201735,9** | **187216,5** | **-14519,4** | **152669,6** | **153403,8** | **135008,5** | **3660,9** |

2018-жылга смета боюнча такталган чыгымдар 187216,5 миң сомду түзгөн, же 14519,4 миң сомго азаюу менен. 152669,6 миң сомго каржыланган, бул болсо, такталган параметерлерден 34546,9 миң сомго аз, кассалык чыгымдар 153403,8 миң сомго жүргүзүлгөн, же жыл башындагы калдыктардын эсебинен каржылоодон 734,2 миң сомго көп.

01.01.2018-жылга карата чыгымдар сметасынын аткарылышы эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы 4395,1 миң сомду түзгөн, аудиттелген мезгилге карата каражаттардын динамикасын эске алуу менен, 01.02.2019-жылга карата акча каражаттарынын калдыгы 3660,9 миң сомду түзгөн.

Факты жүзүндөгү чыгымдар 135008,5 миң сомду түзгөн, бул болсо, кассалык чыгымдардан 18395,3 миң сомго аз, бул, отчеттук датага карата кезектеги карыздардын түзүлүшү жана төлөнүшү менен байланыштуу болгон. Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын чыгымдарын берене боюнча талдоодо, абдан олуттуу чыгымдарды эмгек акыны төлөө жана Социалдык фондго чегерүүлөр, б.а. тиешелүү түрдө 76308,3 миң сом (жалпы чыгымдардан 56,5 %) жана 12874,3 миң сом (9,5 %) түзгөндүгүн көрсөткөн, кийинки "салмактуу категория" болуп төмөндөгүлөр эсептелген: "Жана башка чыгымдарды сатып алуу" - 11185,9 миң сом (8,2 %, анткени менен, кассалык чыгымдарда бул чыгымдардын деңгээли 19,2 %ды түзгөн), "Машиналар жана жабдуулар" – 13942,9 миң сом (10,3 %), "Буюмдарды сатып алуу" - 5995,7 миң сом (4,4 %) ж.б.

***<u>Өнүгүү фондунун каражаттарынын пайдаланылышына аудит</u>***

2018-жылга Социалдык фондунун Өнүгүү фонду боюнча чыгымдар сметасы 19750,0 миң сом суммасында бекитилген. Өнүгүү фондунун Борбордук аппаратынын чыгымдар сметасынын динамикасы төмөндөгүдөй.

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Бере не- лер коду | 01.01. 2018-ж. калдык | 2018- жылга бекитил ген | 2018- жылга тактал- ган | Четтөө Гр.5- гр.4 | Каржы- лоо | Касса- лык чыгымд ар | Факты жүзүндө гү чыгымд ар | 1.01. 2019-ж. калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| Эмгек акы | 1100 | 51,4 | 15263,4 | 15263,4 | | 14797,6 | 14797,6 | 14797,6 | 51,4 |
| Социалдык фондго төгүмдөр | 1211 | 46,1 | 2632,9 | 2632,9 | | 2530,0 | 2549,1 | 2549,1 | 27,0 |
| Кызматтык иш сапарларга чыгымдар | 1312 | | | | | | 0,4 | | -0,4 |
| Байланыш кызматы | 1331 | 0,5 | 65,0 | 65,0 | | 61,4 | 61,3 | 61,3 | 0,6 |
| Транспорттук кызматтар | 1333 | 0,6 | 300,0 | 300,0 | | 250,0 | 196,1 | 243,2 | 54,5 |
| Жана башка кызматтарды сатып алуу | 1341 | 7150,2 | 1533,7 | 7533,7 | +6000,0 | 7228,4 | 8150,0 | 8138,1 | 6228,6 |
| **Всего:** | | **7248,8** | **19750,0** | **25750,0** | **+6000,0** | **24867,4** | **25754,5** | **25789,3** | **6361,8** |

Өнүгүү фонду боюнча такталган чыгымдар 25750,0 миң сомду түзгөн, бул болсо, бекитилген чыгымдардан 6000,0 миң сомго көп. 24867,4 миң сомго каржыланган, бул болсо, такталган параметерлерден 882,6 миң сомго аз, кассалык чыгымдар 25754,5 миң сомду түзгөн, бул болсо, каржылоодон 887,1 миң сомго көп.

Ошондой эле төмөндөгүлөр белгиленген:

- бюджеттик тутумдун бирдиктүү принциптерин (Бюджеттик кодекстин 6-беренеси) бузуу менен, АУР жана ӨБ чыгымдарын түзүүдө ар кандай бюджеттик классификациялоонун колдонулгандыгы жөнүндө;

- "Жана башка кызматтарды сатып алуу" беренеси боюнча каржылоону 921,6 миң сомго ашырган кассалык чыгымдардын жүргүзүлүшү жөнүндө.

Чыгымдар факты жүзүндө 25789,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен, абдан олуттуулары: эмгек акы боюнча – 14797,6 миң сом, же бардык жүргүзүлгөн чыгымдардан 57,4 %, жана башка сатып алуулар боюнча – 8138,1 миң сом (31,6 %), Соцфондго чегерүүлөр – 2549,1 миң сом (9,9 %) ж.б.

## ***Эмгек акыга жана башка төлөмдөргө аудит***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.05.2018-жылдагы № 227 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын штаттык санын оптималдоо жөнүндө" токтомуна ылайык, Социалдык фондунун Башкармалыгынын 02.07.2018-жылдагы № 71 токтому менен, Социалдык фондунун регионалдык органдарынын түзүмдөрү жана штаттык жүгүртмөлөрү бекитилген.

Социалдык фондунун кызматкерлеринин эмгегине, анын ичинен, эмгек акыны эсептөө, кошуп төлөө жана үстөк акыларды төлөө шарттары, Социалдык фондунун Башкармалыгынын 17.06.2013-жылдагы №75 жана 31.05.2018-жылдагы № 52 токтомдору менен бекитилген "Социалдык фондунун кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө" Жобосунун, ошондой эле Социалдык фондунун Башкармалыгынын 04.07.2013-жылдагы №84 жана 23.04.2018-жылдагы № 30 токтомдору менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө" Жобонун негизинде жүргүзүлөт. Мындан сырткары, мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча Байкоо жүргүзүү кеңешинин 17.02.2014-жылдагы № 2 чечими менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Өнүгүү фондун пайдалануу тартибине ылайык жүргүзүлөт.

Мында, БАнын штаттык жүгүртмөсү 179 бирдикте бекитилген, анын ичинен АБП – 149 бирдик. Бир айлык эмгек акы фонду - 2410,0 миң сомду, анын ичинен АБП – 2137,2 миң сомду түзгөн.

2018-жылы эмгек акы боюнча факты жүзүндө эсептелген чыгымдар 88309,4 миң сомду түзгөн, бирок, АБПнын жогоруда көрсөтүлгөн каражаттар динамикасы (административдик-башкаруу чыгымдары) 91105,9 миң сомду түзгөн, же 2796,5 миң сомго ашырылган.

Берилген маалыматтарга ылайык, Социалдык фондунун Башкармалыгынын чечими менен, Өнүгүү фондунан каражаттарынын ичинен МПТФга - 890,8 миң сом, Окуу борборуна - 794,7 миң сом, регионалдык башкармалыктарга – 793,9 миң сом, бардыгы болуп – 2479,4 миң сом чегерилген, бирок, чыгымдар Социалдык фондунун Борбордук аппаратынын отчетунда көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жетекчилигинин дарылануусуна жөлөк пул төлөө боюнча чыгымдар, эмгек акы көлөмүнө салынган 317,1 миң сом киргизилген эмес.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ченемдик актыларга ылайык, Эмгек акы фондунун элементтеринин динамикасы төмөндө берилген.

| **Мамлекеттик кызматчылардын эмгегине төлөө шарттары** | **Мамлекеттик кызматчылардын эмгек акыларын факты жүзүндө эсептөө** | **Социалдык фондунун кызматчыларынын эмгегине төлөө шарттары** | **Социалдык фондунун кызматчыларынын ЭТФна факты жүзүндө эсептөө** |
|---|---|---|---|
| Маяна | Маяна | Маяна | Маяна |
| Чен үчүн кошуп төлөө | Чен үчүн кошуп төлөө | Чен үчүн кошуп төлөө | Чен үчүн кошуп төлөө |
| Иштеген жылдары үчүн кошуп төлөө | Иштеген жылдары үчүн кошуп төлөө | Квалиф. үчүн кошуп төлөө 50 % | Квалиф. үчүн кошуп төлөө 50 % |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жашырындуулук үчүн кошуп төлөө | Жашырындуулук үчүн кошуп төлөө | Жашырындуулук үчүн кошуп төлөө | Жашырындуулук үчүн кошуп төлөө |
| Квалифкация үчүн кошуп төлөө 50 % | Квалиф. үчүн кошуп төлөө | Эмгек өргүүлөр | Эмгек өргүүлөр |
| Эмгек өргүүлөр | Эмгек өргүүлөр | Кварталдык 4 сый акы | Кварталдык 4 сый акы |
| Ден соолугун чындоого жөлөк пул | Ден соолугун чындоого жөлөк пул | Ден соолугун чындоого жөлөк пул | Ден соолугун чындоого жөлөк пул |
| | | 13-эмгек акы | 13-эмгек акы |
| | ӨФ тамак-ашы | | ӨФ тамак-ашы |
| | ӨФ бир жолку сый акысы | | ӨФ жол киреси |
| | ӨФ материалдык жардамы | | ӨФ бир жолку сый акысы |
| | ӨФ квартал сайын материалдык жардамы | | ӨФ материалдык жардамы |

Дем берүүчү мүнөздөгү төлөмдөр: тамак-аш үчүн, бир жолку сый акы, материалдык жардам, квартал сайынкы сый акы Өнүгүү фондусунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

2018-жылга эсептелген эмгек акынын түзүмү – 88309,4 миң сом, анын ичинен төмөндөгүлөр түзүлгөн:

- кызмат акы – 25219,6 миң сом;
- иштеген жылдары – 4676,5 миң сом;
- класстык чени үчүн кошуп төлөө – 25,2 миң сом;
- квалификациясы үчүн кошуп төлөө – 8395,4 миң сом;
- жогорку квалификациясы үчүн кошуп төлөө – 305,3 миң сом;
- эмгектин өзгөчө шарттары үчүн кошуп төлөө – 13,3 миң сом;
- окумуштуулук даражасы үчүн кошуп төлөө – 8,4 миң сом;
- сапаты үчүн кошуп төлөө – 1237,3 миң сом;
- зыяндуулугу үчүн кошуп төлөө – 113,8 миң сом;
- татаалдыгы үчүн кошуп төлөө – 161,4 миң сом;
- класстыгы үчүн кошуп төлөө – 58,3 миң сом;
- жашырындуулук үчүн кошуп төлөө – 524,5 миң сом;
- “Элдик” наамы үчүн кошуп төлөө - 18,8 миң сом;
- эмгек өргүүлөр – 6280,8 миң сом;
- ден соолукту чыңдоо үчүн жөлөк пул – 7540,2 миң сом;
- төрөлгөндүгү, эмгекке жарамсыздыгы баракчалары – 976,9 миң сом;
- тамак-аш үчүн – 5678,6 миң сом;
- жол кире үчүн – 709,6 миң сом;
- бир жолку сый акы – 3439,0 миң сом;
- кварталдык сый акы – 13180,2 миң сом;
- жылдык сый акы – 5545,1 миң сом;
- материалдык жардам– 1831,0 миң сом;
- кварталдык материалдык жардам – 690,1 миң сом;
- бошонгондо пайдаланылбаган эмгек өргүү үчүн компенсациялар – 125,4 миң сом;
- кызматты айкалыштыргандыгы үчүн – 83,7 миң сом;
- ченемден ашык иштегени үчүн – 7,3 миң сом;
- дем алыш күндөрү иштелгендиги үчүн – 85,3 миң сом;
- бошогондо берилген жөлөк пул – 318,2 миң сом;,
- пайдаланылбаган эмгек өргүү үчүн төлөө – 528,3 миң сом;
- иш жокто берилген жөлөк пул – 269,8 миң сом;

- кызматты айкалыштыргандыгы үчүн 137,2 миң сом;
- эмгек акыны кайрадан эсептөө – 154,9 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.05.2018-жылдагы №227 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын штаттык санын оптималдоо жөнүндө” токтомуна ылайык, Социалдык фондунун Борбордук аппаратындагы 2 бирдикти, 149дан 147ге чейин кыскартуу керек.

Жогоруда көрсөтүлгөндөргө ылайык, Социалдык фондунун Борбордук аппаратында 4 кызматтык бирдик кыскартылган, аларга бошогондогу жөлөк пул – 318,2 миң сом жана кошумча бир айлык жөлөк пул - 269,8 миң сом эсептелген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.02.2012-жылдагы № 137 токтомуна ылайык, штаттык жүгүртмөдө байкоо жүргүзүүчү кеңештин жооптуу катчысы – 1 бирди бекитилгендиги белгиленген, ал боюнча эмгек акы фонду 2018-жылга 861,7 миң сомду түзгөн.

***<u>Социалдык фондго төгүмдөр бардыгы болуп</u>*** 23496,3 миң сомго эсептелген, анын ичинен, чыгымдар сметасынын эсебинен “Социалдык фондго төгүмдөр”– 12874,3 миң сом, ӨФ – 2549,1 миң сом. бардыгы болуп 23496,3 миң сом төлөнгөн, анын ичинен, Социалдык фондго төгүмдөр”– 15423,4 миң сом. 01.01.2018-жылга карата бул берене боюнча карыз болгон эмес, жыл ичиндеги динамиканы эске алуу менен, 01.01.2019-жылга карата карыз жок.

***<u>Аудит 2211 “Кызматтык иш сапарларга чыгымдар” беренесинин чыгымдарына</u>***

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелер дин коду | 2018 – жылга бекитилген | 2018-жылга тактал-ган | Четтөө Гр.3-гр2 | Каржылоо | Четтөө Гр.5-гр.3 | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Кызматтык иш сапарларга чыгымдар | 2211 | 7302,6 | 6276,3 | -1026,3 | 4810,9 | -1465,4 | 4811,2 | 4776,1 |
| ФӨ Кызматтык иш сапарларга чыгымдар | | | | | | | 0,4 | |
| Бардыгы | | **7302,6** | **6276,3** | **-1026,3** | **4810,9** | **-1465,4** | **4811,6** | **4776,1** |

Отчетко ылайык, кызматтык иш сапарларга бекитилген чыгымдар 7302,6 миң сомду түзгөн, алар 6276,3 миң сомго такталган, же 1026,3 миң сомго азаюу менен. 4810,9 миң сомго каржыланган, кассалык чыгымдар 4811,6 миң сомго жүргүзүлгөн, факты жүзүндө чыгымдар 4776,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен, өлкө ичинде – 883,0 миң сом, чет өлкөдө – 3893,1 миң сом, анын ичинен суткалык – 745,2 миң сом, жашаганга – 1722,2 миң сом, жол кире – 1425,7 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.10.2008-жылдагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын ченемдерин жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому менен каралган ченемдердин сакталышына жүргүзүлгөн тандалма аудитте четтөө аныкталган жок.

***<u>2212 «Байланыш кызматы» беренесине аудит</u>***

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелердин коду | 2018 – жылга бекитилген | 2018-жылга тактал-ган | Четтөө Гр.3-гр2 | Каржылоо | Четтөө Гр.5-гр.3 | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| АУР байланыш кызматы | 2212 | 4886,2 | 5081,7 | +195,5 | 3596,8 | -1484,9 | 3596,8 | 3428,3 |
| **Бардыгы** | | **4886,2** | **5081,7** | **+195,5** | **3596,8** | **-1484,9** | **3596,8** | **3428,3** |

2018-жылга “Байланыш кызматы” беренеси боюнча бекитилген чыгымдар 4886,2 миң сомду түзгөн, 195,5 миң сомго көбөйүү менен, 5081,7 миң сомго такталган. 3596,8 миң сомго каржыланган, бул болсо, такталган параметрлердин 1484,9 миң сомго аз жана кассалык чыгымдар 3596,8 миң сомго жүргүзүлгөн. Факты жүзүндөгү чыгымдар 3428,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен, төмөндөгү кызмат көрсөтүүлөр боюнча:

- телефон жана факсимилдык байланыш– 386,3 миң сом;
- уюлдук байланыш – 184,2 миң сом;
- фельдъегердик байланыш – 1600,0 миң сом;
- почта байланышы – 201,0 миң сом;
- телерадиопрограммаларды берүү, газеталарды чыгаруу – 1056,9 миң сом.

## ***2214 «Транспорттук кызматтар» беренесине аудит***

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелердин коду | 2018 – жылга бекитилген | 2018-жылга тактал-ган | Четтөө Гр.3-гр2 | Каржылоо | Четтөө Гр.5-гр.3 | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Транспорттук кызматтар | 2211 | 2448,7 | 2972,4 | 523,7 | 1995,8 | -976,6 | 1941,9 | 1850,6 |
| **Бардыгы** | | **2448,7** | **2972,4** | **523,7** | **1995,8** | **-976,6** | **1941,9** | **1850,6** |

Отчеттук маалыматтарга ылайык, “Транспорттук кызматтар” беренеси боюнча чыгымдар 2018-жылга 2448,7 миң сомго каралган, 2972,4 миң сомго чейин такталган, же 523,7 миң сомго көбөйүү менен. 1995,8 миң сомго каржыланган, бул болсо, такталган параметрлердин 976,6 9 миң сомго аз жана кассалык чыгымдар 1941,9 миң сомго жүргүзүлгөн.

Факты жүзүндөгү чыгымдар 1850,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен, сметалардын эсебинен – 1607,4 миң сом жана ӨФ – 243,2 миң сом. Мында, КММ боюнча чыгымдар – 842,4 миң сомго, ондоо жана тейлөө – 1005,1 миң сомго, жана башка чыгымдар – 3,1 миң сомго жүргүзүлгөн.

КММларды чыгымдоо ченемдерине ылайык, КММлардын эсептен чыгарылышына жүргүзүлгөн тандалма аудитте олуттуу бузуулар аныкталган жок.

## ***2215 «Жана башка кызматтарды сатып алуу» беренесине аудит***

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелердин коду | 2018 – жылга бекитилген | 2018-жылга тактал-ган | Четтөө Гр.3-гр2 | Каржылоо | Четтөө Гр.5-гр.3 | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Жана башка кызматтарды сатып алуу | 2215 | 26206,3 | 32891,4 | +6685,1 | 28727,1 | -4164,3 | 29486,0 | 11185,9 |
| ӨФ Жана башка кызматтарды сатып алуу | | 1533,7 | 7533,7 | +6000,0 | 7228,4 | -305,3 | 8150,0 | 8138,1 |

| Бардыгы | | 27740,0 | 40425,1 | +12685,1 | 35955,5 | -4469,6 | 37636,0 | 19324,0 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

Отчеттук маалыматтарга ылайык, көрсөтүлгөн беренеге 27740,0 миң сом каралган, 40425,1 миң сомго чейин чыгымдар такталган, же 12685,1 миң сомго көбөйүү менен. 35955,5 миң сомго каржыланган, бул болсо, такталган багыттардан 4469,6 миң сомго аз жана кассалык чыгымдар 37636,0 миң сомго жүргүзүлгөн, же отчеттук жылдын башындагы калдыктардын эсебинен каржылоого караганда, 1680,5 миң сомго көп.

Факты жүзүндө чыгымдар 19324,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- жана башка кызматтарды сатып алуу – 3144,0 миң сом;
- мүлк абалын күтүү боюнча кызматтарды сатып алуу – 211,9 миң сом;
- өкүлчүлүк чыгымдар – 93,6 миң сом:
- бланкаларды, медалдарды, медалдарды даярдоо боюнча чыгымдар – 3208,0 миң сом;
- маалыматтык-коммуникациялык кызматтарды көрсөтүү - 1606,0 миң сом;
- жана башка кызматтарды төлөө менен байланышкан башка кызматтар – 2922,3 миң сом;
- ӨФ – 8138,2 миң сом, анын ичинен, Зайым фонду – 6000,0 миң сом, материалдык, кайрымдуулук жардамын көрсөтүү – 767,0 миң сом, Социалдык фондунун ишин уюштуруу иш-чаралары – 1371,2 миң сом.

***2221 «Мүлктү кезектеги оңдоо боюнча чыгымдар» беренесине аудит***

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелердин коду | 2018 – жылга бекитилген | 2018-жылга такталган | Четтөө Гр.3-гр2 | Каржылоо | Четтөө Гр.5-гр.3 | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Мүлктү кезектеги оңдоо боюнча чыгымдар | 2221 | 5100,0 | 2782,7 | -2317,3 | 1669,7 | -1113,0 | 1669,7 | 1669,7 |
| **Бардыгы** | | **5100,0** | **2782,7** | **-2317,3** | **1669,7** | **-1113,0** | **1669,7** | **1669,7** |

2018-жылы бул беренеге 5100,0 миң сом чыгымдар бекитилген, жыл ичинде чыгымдар 2317,3 миң сомго азаюу менен, 2782,7 миң сомго чейин такталган. 1669,7 миң сомго каржыланган, бул болсо, такталган чыгымдардан 1113,0 миң сомго аз жана кассалык чыгымдар каржылоо суммасына жүргүзүлгөн.

Факты жүзүндө чыгымдар 1669,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- имараттарды жана жайларды кезектеги оңдоо – 471,5 миң сом;
- жабдууларды жана инвентарларды кезектеги оңдоо – 1198,2 миң сом (кондиционерлерди оңдоо – 131,4 миң сом, генераторлорду сервистик тейлөө– 973,8 миң сом, аймакты жасалгалоо – 93,0 миң сом).

***2222 «Кезектеги чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу» беренесине аудит***

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелердин коду | 2018 – жылга бекитилген | 2018-жылга такталган | Четтөө Гр.3-гр2 | Каржылоо | Четтөө Гр.5-гр.3 | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Материалдарды сатып алуу | 2222 | 7810,3 | 6879,4 | -930,9 | 5995,7 | -883,7 | 5995,7 | 5995,7 |
| **Бардыгы** | | **7810,3** | **6879,4** | **-930,9** | **5995,7** | **-883,7** | **5995,7** | **5995,7** |

2018-жылы бул беренеге 7810,3 миң сом чыгымдар бекитилген, чыгымдар 930,7 миң сомго азаюу менен, 6879,4 миң сомду түзгөн. 5995,7 миң сомго каржыланган, бул болсо, такталган чыгымдардан 883,7 миң сомго аз жана кассалык чыгымдар каржылоо суммасына жүргүзүлгөн.

Факты жүзүндө чыгымдар 5995,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- чарба товарлары – 500,1 миң сом;
- кеңсе товарлары жана кагаздар – 726,0 миң сом;
- сувенирлер, жалюзилер – 94,6 миң сом;
- логотип менен продукциялар, медалдар – 1876,7 миң сом;
- компьютер жана оргтехникалар үчүн клмпектөөчү материалдар – 2752,5 миң сом;
- жана башкалар – 2,7 миң сом;
- кондиционерлерди сатып алуу – 45,8 миң сом.

## ***2224 «Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу» беренесине аудит***

(миң сом)

| **Чыгымдар беренелеринин аталышы** | **Бере нелердин коду** | **2018 – жылга бекитилген** | **2018-жылга такталган** | **Четтөө Гр.3-гр2** | **Каржылоо** | **Четтөө Гр.5-гр.3** | **Кассалык чыгымдар** | **Факты жүзүндөгү чыгымдар** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Көмүр сатып алуу | 2224 | 154,8 | 922,6 | +767,8 | 81,0 | -841,6 | 81,0 | 81,0 |
| **Бардыгы** | | **154,8** | **922,6** | **+767,8** | **81,0** | **-841,6** | **81,0** | **81,0** |

2018-жылы бул беренеге 154,8 миң сом чыгымдар бекитилген, чыгымдар 767,8 миң сомго көбөйүү менен, тактоо 922,6 миң сомду түзгөн. 81,0 миң сомго каржыланган, бул болсо, такталган чыгымдардан 841,6 миң сомго аз жана кассалык чыгымдар каржылоо суммасына жүргүзүлгөн.

Дизель отунун сатып алуу үчүн пайдаланылган факты жүзүндөгү чыгымдар 81,0 миң сомду түзгөн.

## ***2225 «Күзөт кызматын сатып алуу» беренесине аудит***

(миң сом)

| **Чыгымдар беренелеринин аталышы** | **Бере нелердин коду** | **2018 – жылга бекитилген** | **2018-жылга такталган** | **Четтөө Гр.3-гр2** | **Каржылоо** | **Четтөө Гр.5-гр.3** | **Кассалык чыгымдар** | **Факты жүзүндөгү чыгымдар** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Күзөт кызматын сатып алуу | 2225 | 1902,5 | 1902,5 | 0 | 1902,2 | 0 | 1902,2 | 1902,2 |
| **Бардыгы** | | **1902,5** | **1902,5** | **0** | **1902,2** | **0** | **1902,2** | **1902,2** |

2018-жылы бул беренеге 1902,5 миң сом чыгымдар бекитилген. 1902,5 миң сомго каржыланган жана кассалык чыгымдар каржылоо суммасына жүргүзүлгөн.

Факты жүзүндөгү чыгымдар 1902,2 миң сомду түзгөн.

## ***2231 «Коммуналдык кызматтар» беренесине аудит***

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелердин коду | 2018 – жылга бекитилген | 2018-жылга тактал-ган | Четтөө Гр.3-гр2 | Каржылоо | Четтөө Гр.5-гр.3 | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Коммуналдык кызматтар | 2231 | 1290,0 | 2027,6 | +737,6 | 1254,2 | -773,4 | 1242,7 | 1236,7 |
| *Сууга төлөө* | | | *44,2* | | *44,2* | *0* | *44,2* | *44,2* |
| *Электр энергиясына төлөө* | | | *1154,7* | | *681,2* | *-473,5* | *669,7* | *745,6* |
| *Жылуулук энергиясына төлөө* | | | *828,7* | | *528,7* | *-300,0* | *528,7* | *446,8* |
| **Бардыгы** | | **1290,0** | **2027,6** | **+737,6** | **1254,2** | **-773,4** | **1242,7** | **1236,7** |

2018-жылы бул беренеге 1290,0 миң сом чыгымдар бекитилген, чыгымдар 737,6 миң сомго көбөйүү менен, тактоо 2027,6 миң сомду түзгөн. 1254,2 миң сомго каржыланган, бул болсо, тактаган чыгымдардан 773,4 миң сомго аз жана кассалык чыгымдар 1242,7 миң сом суммасына жүргүзүлгөн.

Факты жүзүндө чыгымдар 1236,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- сууга төлөө – 44,2 миң сом;
- электр энергиясына төлөө – 745,6 миң сом;
- жылуулук энергиясына төлөө – 446,8 миң сом.

## ***3112 «Машиналар жана жабдуулар» беренесине аудит***

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Беренелердин коду | 2018 – жылга бекитилген | 2018-жылга тактал-ган | Четтөө Гр.3-гр2 | Каржылоо | Четтөө Гр.5-гр.3 | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 16125,0 | 16810,4 | +685,4 | 13942,9 | -2867,5 | 13942,9 | 13942,9 |
| **Бардыгы** | | **16125,0** | **16810,4** | **+685,4** | **13942,9** | **-2867,5** | **13942,9** | **13942,9** |

2018-жылы бул беренеге 16125,0 миң сом чыгымдар бекитилген, чыгымдар 685,4 миң сомго көбөйүү менен, сметалык багыттарды тактоо 16810,4 миң сомду түзгөн. 13942,9 миң сомго каржыланган, бул болсо, тактаган параметрлерден 2867,5 миң сомго аз жана кассалык чыгымдар каржылоо суммасына жүргүзүлгөн.

Бул берене боюнча факты жүзүндөгү чыгымдар, активдерди сатып алуу менен байланыштуу көрсөтүлгөн эмес, бирок Социалдык фондунун Борбордук аппаратынын отчетундагы факты жүзүндөгү чыгымдарда 13942,9 миң сом көрсөтүлгөн, алар төмөндөгүлөр үчүн чегерилген:

- автомашинага – 645,0 миң сом;
- компьютерлерди сатып алууга – 9811,6 миң сом;
- принтерлерди сатып алууга – 2187,0 миң сом;
- кеңсе жабдууларын жана эмеректерди сатып алууга – 909,7 миң сом;
- эмерек даярдоого – 169,5 миң сом;
- компьютердик жабдууларды сатып алууга – 191,7 миң сом;
- окуу куралдарын сатып алууга – 28,4 миң сом.

## ***Кассалык жана банктык операцияларга аудит***

2018-жылга Социалдык фондунун Борбордук аппаратынын Өнүгүү фондунун жана административдик чыгымдарынын сметаларын аткаруу боюнча баланста төмөндөгү банктык эсептер көрсөтүлгөн:

- административдик чыгымдардын эсеби;
- күндөлүк эсеп;
- Өнүгүү фондунун алыш-бериш эсеби;
- жолдогу акча.

Жүгүртүү – калдык ведомсотвосуна ылайык эсептердин динамикасы төмөндө көрсөтүлгөн.

(миң сом)

| Аталышы | 01.01.2018-жылга карата калдык | Жүгүртүүлөр | | 01.01.2019-жылга карата калдык |
|---|---|---|---|---|
| | | дебет | насыя | |
| Валюталык, USDде | | 2176.3 | 2176.3 | |
| Валюталык, рублде | | 76843,7 | 76843,7 | |
| Топтолмо | 2313870,4 | 58507849,0 | 59023954,6 | 1797764,9 |
| Административдик чыгымдар | 266,0 | 774832,3 | 774687,0 | 411,3 |
| кезектеги, АУР сметасы | 4395,1 | 159338,0 | 160072,1 | 3660,9 |
| Алыш-бериш, ӨФ | 7248,8 | 25204,1 | 26091,1 | 6361,8 |
| Займ фонду | 3490,9 | 11817,9 | 14503,8 | 805,0 |
| Резервдик | 40378,6 | 857887,9 | 406853,8 | 491412,7 |
| **Банктын жыйынтыгы** | **2369649,7** | **60415949,3** | **60485182,4** | **2300416,6** |

***Топтолмо жана валютадагы банктык эсептерге*** камсыздандыруу төгүмдөрү, республикалык бюджеттен трансферттер, жана башка кирешелер жана төлөмдөр келип түшөт, алар 2018-жылы – 58586869,0 миң сомду түзгөн, 59102974,6 миң сом чыгымдалган, 01.01.2018-жылдагы калдыкты эсепке алуу менен – 2313870,4 миң сом жана 01.01.2019-жылы бул эсептеги калдыктар 1797764,9 миң сомду түзгөн.

***Административдик чыгымдар эсебине:*** Социалдык фондду иш-аракетин күтүүгө 2018-жылга карата камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуудан комиссиялык кирешелер – 774832,3 миң сом. Мында, Социалдык фондду күтүүгө каражаттардын так өлчөмүн аныктаган укуктук-ченемдик актылар жок туруп, камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуудан 3 % өлчөмүндө операциялык чыгымдар катары, көрсөтүлгөн кирешелер отчетто 871374,0 миң сом өлчөмүндө түзүлгөн,

Алсак, административдик чыгымдар келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн 3 %дан ашырылбаган өлчөмдө түзүлүшү жана чыгымдалышы керек деген ченем, “2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен такталган, Социалдык фонддун бюджети жөнүндө кийинки мыйзамдар менен бул ченем каралган эмес.

Социалдык фонд тарабынан Милдеттүү камсыздандыруу фондун жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо жөнүндө тартип, Социалдык фонддун Башкармалыгынын 25.01.2016-жылдагы № 4 чечими менен бекитилген, ал жерде ММКФ жана ЭТФ камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу

үчүн, Социалдык фонд камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чогултулган көлөмүнөн 3 %дан ашырылбаган чекте акча каражаттарын кармап калат.

Демек, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чогултулган көлөмүнөн 3 %дан ашырылбаган өлчөмдө Социалдык фонддун чыгымдарынын өлчөмүн түзүү легитимдүүлүгү мыйзамдуу тастыкталган эмес.

Социалдык фонддун чыгымдарын факты жүзүндө каржылоо 774687,0 миң сомду түзгөн, же көрсөтүлгөн түзүлгөн чыгымдарга (871374,0 – 774687,0) караганда, 96687,0 миң сомго аз. 01.01.2018-жылдагы – 266,0 миң сом калдыктарды эсепке алуу менен, 2018-жылга бул эсептеги каражаттардын динамикасы, 01.01.2019-жылдагы калдыктар 411,3 миң сомду түзгөн, буга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси менен жол бербейт, же бул эсепте пайдаланылбаган 411,3 миң сом калган, алар топтоо эсебине чегерилиши керек.

***Күндөлүк эсепте:*** Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын административдик чыгымдарынын чыгымдар сметасы - 159338,0 миң сом каржылоо келип түщкөн, 01.01.2018-жылдагы 4395,1 миң сом калдыкты эсепке алуу менен, чыгымдардын сметасын администрлөөгө - 160172,1 миң сом чегерилген. 01.01.2019-жылга карата калдыктар 3660,9 миң сомду түзгөн.

***Өнүгүү фондунун алыш-бериш эсебине:*** мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча Байкоо жүргүзүүчү кеңештин 17.02.2014-жылдагы чечими менен, Социалдык фондунун Өнүгүү фондусун пайдалануу тартиби бекитилген, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.08.2013-жылдагы токтому менен жактырылган.

Көрсөтүлгөн токтомдун негизинде, фондду түзүү булактар болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө мөөнөтүн жана тартибин бузгандыгы үчүн, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдөн өндүрүлгөн туумдардын жана айып пулдардын жалпы суммасынан, Социалдык фонддун регионалдык органдарынын атайын эсептерине келип түшкөн каражаттардан 10% өлчөмүндөгү каражаттар;
- ыктыярдуу финансылык жардам, юридикалык жана жеке жана анын ичинен өлкөлүк жактардын гранттары;
- өнүгүү фондунун каражаттарынын эсебинен сатылып алынган негизги каражаттарды сатуудан түшкөн каражаттар.

Регионалдык органдардын атайын эсептерине келип түшкөн туумдардын жана айып пулдардын жалпы суммасынан 50%, Борбордук аппараттын Өнүгүү фондусунун алыш-бериш эсебине 50% чегерилет.

2018-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фондунун тутумуна отчеттук маалыматтар боюнча жалпы 49250,3 миң сом суммасындагы финансылык айыптар (туумдар, айып пулдар) келип түшкөн. Фонд 50% - 24625,2 миң сом өлчөмүндө түзүлгөн.

Социалдык фондунун Борбордук аппараттын Өнүгүү фондусунун алыш-бериш эсебине – айрым СФРБлардын кезектеги карыздарын эске алуу менен, 25204,1 миң сом чегерилген.

01.01.2018-жылга карата Өнүгүү фондусунун алыш-бериш эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы 7248,8 миң сомду түзгөн, 25204,1 миң сом келип түшкөн, 26091,1 миң сом чыгымдалган, 01.01.2019-жылга карата каражаттардын калдыгы – 6361,8 миң сомду түзгөн.

***Зайым фондусунун эсебине:*** Социалдык фондунун Борбордук аппаратынын кызматкерлерине берилген зайымдардын жүгүртүлүшү боюнча чыгымдар. 2018-жылы Зайым фондусунун алыш-бериш эсебине - 11817,9 миң сом келип түшкөн, 14503,8 миң сом зайымдар берилген, мында, зайым каражаттарынын калдыгы 01.01.2018-жылга карата – 3490,9 миң сомду, 01.01.2019-жылга – 805,0 миң сомду түзгөн.

Отчетко (01.01.2019-жылга баланс боюнча) ылайык, Өнүгүү фондунун калдыктарынан 01.01.2018-жылга - 6032,5 миң сомду жана 2018-жылга келип түшкөн кирешелер - 3794,2 миң сомду түзгөн.

***Резервдик эсепке:*** Социалдык фондунун Борбордук аппаратынын каражаттары. 01.01.2018-жылга карата бул эсептеги каражаттардын калдыгы - 40378,6 миң сомду түзгөн, 857887,9 миң сом каражаттар келип түшкөн, чыгымдар 406853,8 миң сомго жүргүзүлгөн, 01.01.2019-жылга карата калдык – 491412,7 миң сомду түзгөн.

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Резервдик фонду жөнүндө" Жобо, Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча Байкоочу Кеңешинин 26.06.2014-жылдагы № 4 чечими менен бекитилген, ал жерде анын кирешелеринин булактары болуп, төмөндөгүлөр аныкталган:

- банктардагы депозиттерге жана кыска мөөнөттү инвестицияларга (акцияларга, облигацияларга жана башка баалуу кагаздарга) Пенсиялык фондунун эркин каражаттарын убактылуу жайгаштыруудан түшкөн кирешелер;
- коммерциялык банктардагы мөөнөттүү депозиттерге же алыш-бериш эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын (МПТФ каражаттарынан сырткары) күн сайынкы калдыктарынан эсептелген пайыз түрүндөгү кирешелер;
- коммерциялык банктар, «Кыргызпочтасы» МИ жана башка ведомосттор менен түзүлгөн келишимдердин аткарылбагандыгы үчүн финансылык санциялардан түшкөн кирешелер.

Ошентип, 2018-жылы Резервдик фонддун алыш-бериш эсебине 857887,9 миң сом каражат келип түшкөн, анын ичинен:

- коммерциялык банктардагы акча каражаттарынын күн сайынкы калдыктарынан эсептелген пайыздар – 80768,9 миң сом;
- баалуу кагаздардан кирешелер (пайыздар) – 112020,1 миң сом;
- автомашиналардын сатуудан кирешелер – 387,1 миң сом;
- жайлардын ижарасынан кирешелер – 766,8 миң сом;
- пайдаланылбаган кайрымдуулук каражаттарын кайтаруу – 145,0 миң сом;

- Социалдык фондунун Башкармалыгынын 04.12.2018-жылдагы № 119 токтомуна ылайык, Социалдык фондунун Борбордук аппаратынын топтолмо эсебинен акча каражаттарын кайтаруу – 400000,0 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.08.2017-жылдагы № 491 токтомуна ылайык, Финансы министрлигинин акча каражаттарын кайтаруу – 263800,0 миң сом.

Резервдик фонддун эсептеринен чыгымдар 406853,8 миң сомго жүргүзүлгөн, анын ичинен:

- кайрымдуулук жардамын көрсөтүү – 6780,0 миң сом;
- жаңылыш чегерилген сумманы кайтаруу – 73,8 миң сом;
- Социалдык фондунун Башкармалыгынын 04.12.2018-жылдагы № 119 токтомуна ылайык, топтоо эсебине - 400000,0 миң сом акча каражаттарын которуу.

01.01.2019-жылга карата Резервдик эсептеги акча каражаттарынын калдыгы 491412,7 миң сомду түзгөн.

Отчетко (01.01.2019-жылдагы баланс боюнча) ылайык, Резервдик фонд 01.01.2018-жылга карата Резервдик фонддун - 1557138,0 миң сом калдыктарын жана 6635,0 миң сом чыгымдарды алып салуу менен, 2018-жылы - 197797,6 миң сом кирешелерди түзгөн, 1748300,6 миң сом өлчөмүндө түзүлгөндүгү белгиленген.

***<u>Банктык операцияларга тандалма аудит</u>*** 2018-жылга жүгүртүү-калдык ведомостторундагы маалыматтардан четтөөнү көрсөткөн жок. Каражаттарды накталай эмес чыгымдоо, счет-фактураларга, чыгымдар беренелерин каржылоо боюнча табыштамаларга ылайык жүргүзүлгөн.

Жүгүртүү-калдык ведомостторундагы (Башкы китеп) келип түшкөн каражаттар боюнча кассалык китептеги маалыматтарды салыштырууда, четтөө аныкталган жок.

01.01.2018-жылга карата накталай каражаттар калдыгы болгон эмес, кассага – 1445,4 миң сом түшкөн, анын ичинен:

- АУР сметалар кассасына – 413,5 миң сом;
- Өнүгүү фонду кассасына – 395,8 миң сом;
- Резервдик фонддун кассасына – 636,0 миң сом.

Келип түшкөн суммаларга ылайык, кассадан 1445,4 миң сом чыгымдалган, 01.01.2019-жылга карата калдык жок.

***<u>Борбордук аппараттын активдерине жана милдеттенмелерине</u>***

Социалдык фондунун Борбордук аппаратынын активдүү эсептеринин динамикасы төмөндөгүдөй көрүнөт:

(миң сом)

| | 01.01.2018-жылга карата калдык | Жүгүртүүлөр | | 01.01.2019-жылга карата калдык . |
|---|---|---|---|---|
| | | Дебет | Насыя | |
| 125. Республикалык бюджеттен алууга карата трансферттер | 384817,3 | 20353568,4 | 20279160,0 | 459225,7 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 131.Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен алынган эсептер | 2286,9 | | | 2286,9 |
| 140. Алууга карата башка эсептер | 450106,6 | 563501,7 | 834215,3 | 179393,1 |
| 143. Кыска мөөнөттүү инвестициялар | 504073,9 | 795598,7 | | 1299672,6 |
| 145. Жана башка активдер | 35522,4 | 103673,7 | 88519,8 | 50676,3 |
| 201. Узак мөөнөттүү инвестициялар | 1180984,6 | | 61,4 | 1180923,2 |
| **Бардыгы:** | **2557791,7** | **21816342,5** | **21201956,5** | **3172177,8** |

***125 "Республикалык бюджеттен алынууга карата трансферттер" эсеби боюнча,*** республикалык бюджеттен алынган каражаттар динамикасы иш жүзүнө ашырылат: пенсиянын базалык бөлүгү, аскер кызматчысынын пенсиясы, аскер кызматчыларынын мамлекеттик милдеттүү жеке камсыздандыруусу, пенсияга карата кошуп төлөөлөр, жеңилдетилген пенсиялар, компенсациялык төлөмдөр. Көрсөтүлгөн төлөмдөр боюнча Финансы министрлигинин карызы 01.01.2019-жылга карата – 459225,7 миң сомду түзгөн.

***131 "Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен алынган акциялар" эсеби боюнча*** 2286,9 миң сом эсептелинген. ("Антибиотик" ААК заводунун акциялары). 2018-жылы 2017-жылга карата 32,0 миң сом дивиденддер алынган.

***140 "Алууга карата жана башка эсептер" эсеби боюнча*** жана башка дебитордук карыздын жана инвестициялык кирешени алуу, пайыздык кирешени алуу динамикасы ишке ашырылган. 01.01.2019-жылга карата бул эсеп боюнча калдык 179393,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен, пайыздык кирешени алууга - 2293,4 миң сом, жана башка дебитордук карыз - 177099,6 миң сом, анын ичинен, Финансы министрлигинин карызы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен реестрге киргизилген жана Ош шаары, Ош жана Жалал-Абад областтарындагы баш-аламандык учурунда жабыркаган жеке жана юридикалык жактарга 01.06.2010-жылдан 31.12.2012-жылга чейин эсептелген камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызды төлөө үчүн, Социалдык фондунун Резервдик фондунун каражаттарын карызга алуу);

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.08.2017-жылдагы № 359-б буйругуна ылайык - 174886,9 миң сом жана 1996-жылдан бери келаткан Финансы министрлигинин карызы – 2211,4 миң сом (актоочу документтери жок);

***143 "Кыска мөөнөттөгү инвестициялар" эсеби боюнча*** баалуу кагаздарга каражаттарды инвестирлөө динамикасы ишке ашырылат (Мамлекеттик Казыналык Милдеттенмелер), алсак, 01.01.2018-жылга Финансы министрлигинин баалуу кагаздарына 504073,5 миң сом суммасында Пенсиялык фондунун эркин калдыктары жана капиталдашкан каражаттар салынган, 2018-жылы 795598,7 миң сом баалуу кагаздар сатылып алынган, анын ичинен, Пенсиялык фондунун каражаттары – 774460,7 миң сом, капиталдашкан каражаттар – 21138,0 миң сом. 01.01.2019-жылга карата Финансы министрлигинин МКОсуна - 1299672,6 миң сом салынган, анын ичинен, МКО (5 жыл), орточо эсептелген 11,62 % киреше менен - 357253,7 миң сом, МКО (7 жыл), 15,51 % – 443695,6 миң сом, МКО (10 жыл), 17,53 % – 498723,2 миң сом.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде жогоруда көрсөтүлгөн МКОлор боюнча күтүлгөн кирешелерди алуу, 1753060,7 миң сомду түзгөн.

***145 «Жана башка активдер» эсеби боюнча*** АУР жана ӨФ алууга карата эсептер динамикасы ишке ашырылат, АУР жана ӨФ кызматкерлеринин дебитордук карызы, кызматкерлерге берилген карыздын учурдагы бөлүгү, МБП жана материалдык корлор, кызмат көрсөтүүлөргө төлөө. 01.01.2019-жылга карата дебитордук карыз 50676,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- АУР жана ӨФ алууга карата эсептер – 4230,5 миң сом;
- АУР жана ӨФ, кызмат көрсөтүүлөр үчүн алдын ала – 20498,4 миң сом;
- АУР жана ӨФ кызматкерлеринин дебитордук карызы – 14,5 миң сом;
- кызматкерлерге берилген карыздын учурдагы бөлүгү – 486,3 миң сом;
- материалдык корлор – 4811,6 миң сом;
- баасы аз буюмдар, АУР жана ӨФ – 20635,0 миң сом.

Мында, АУР жана ӨФ өнүгүүгө карата эсептер, 313,8 миң сомго кыскарганы белгиленген жана 4230,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен, бир нече жылдан бери келаткан К. Сайнидинованын карызы - 3209,0 миң сом. АУР жана ФР кызматтары үчүн ашыкча төлөө, 2349,5 миң сомдон 20498,4 миң сомго чейин, 18148,9 миң сомго өскөн, бул жерде төмөндөгүлөр боюнча бир кыйла карыздар эсептелген: "Лоджик" ААКсында – 3689,1 миң сом (компьютердик жабдууларды жеткирүү), «IFS» ЖЧКсы - 10220,8 миң сом (СЭД техникалык коштоо), «Скрин» ЖЧКсы - 4686,9 миң сом, (электрондук программаларды иштеп чыгуу), «Акфорта» ЖЧКсы - 908,6 миң сом (электрондук программага өзгөрүүлөрдү киргизүү), «Сынч» ЖЧКсы - 759,5 миң сом (жана башка чыгымдар) ж.б.

***201 "Узак мөөнөттөгү инвестициялар" эсеби боюнча*** 01.01.2019-жылддагы абалы боюнча Социалдык фонд төмөндөгү акционердик коомдордун мамлекеттик пакеттерин ээ болгон:

(миң сом)

| | 01.01.18-жылга карата БК калдыгы | 2017-жылга алынган дивиденддер | Реализация | 01.01.19-жылга карата БК калдыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1. «Акыл» ААКсы (8 %) | 510,3 | | | 510,3 |
| 2. АООТ «Карабалта басмаканасы» (8 %) | 61,4 | | 61,4 | |
| 3. АООТ «Кыргызполиграфкомбинат» (8 %) | 1121,4 | | | 1121,4 |
| 4. «БМЗ» ААКсы (8 %) | 24331,2 | | | 24331,2 |
| 5. «Бишкекжылуулуктармагы» ААКсы (13 %) | 48275,4 | 3851,6 | | 48275,4 |
| 6. «Чыгыш электр» ААКсы (13 %) | 20135,9 | | | 20135,9 |
| 7. «Жалал-Абатэлектр» ААКсы (13 %) | 24518,8 | | | 24518,8 |
| 8. «Кыргызнефтегаз» ААКсы (3,92 %) | 40792,7 | 5757,6 | | 40792,7 |
| 9. «Кыргызтелеком» ААКсы (12,51 %) | 77563,5 | 5626,4 | | 77563,5 |
| 10. « Манас» Эл аралык аэропорту» (8,46 %) | 42082,1 | 70719,9 | | 42082,1 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 11. АООТ НАП «Кыргызстан аба жолдору» (8,46 %) | 36542,3 | | | 36542,3 |
| 12. «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» (13 %) | 210239,3 | | | 210239,3 |
| 13. «Ош электр» ААКсы (13 %) | 22346,4 | | | 22346,4 |
| 14. «Түндүк электр» ААКсы(13 %) | 45480,5 | | | 45480,5 |
| 15. «Учкун» ААКсы (8 %) | 3598,3 | 35,3 | | 3598,3 |
| 16. «Электр станциялары» ААКсы (13,174 %) | 583386,1 | | | 583386,1 |
| **Бардыгы** | **1180985,6** | **85990,8** | **61,4** | **1180924,2** |

01.01.2018-жылга карата баалуу кагаздардын (акциялардын) номиналдык наркы -1 181,0 млн. сомду жана 01.01.-жылга карата - 1 180,9 млн. сомду түзгөн, «Карабалта басмаканасы» АООТтун акциялары, 12.09.2018-жылдагы № 12/09 (Д-1-2-15) келишимге ылайык, 61,4 миң сомго сатылган.

«Антибиотики» ААКсынын акцияларына 32,0 миң сом дивиденддерди эске алуу менен, 2017-жылга 86181,5 миң сом дивиденддер алынган. Берилген маалыматтарга ылайык, 5 чарба жүргүзүүчү субъекттер (НЭСК, «Ош электр» ААКсы, «Түндүк электр» ААКсы, «Карабалта басмаканасы» АООТу, «БМЗ» ААКсы) 2017-жылы өздөрүнүн чыгымдар менен иш-аракетин аякташкан.

Ошону менен бирге, «Электр станциялары» ААКсы 2017-жылга карата 3874,1 млн. сом өлчөмүндөгү киреше алган, бирок акционерлердин жалпы чогулушунун чечими менен, дивиденддерди төлөбөө чечими кабыл алынган, анткени менен, Социалдык фонд менчигинде турган акциялардын көлөмү 13,174 %ды түзгөн, аларга карата дивиденддерди төлөө 510,4 млн. сомду түзүшү керек.

Ушундай эле жагдай «Жалалабатэлектр», ААКсы менен да болгон, 18,5 млн. сом таза киреше алынган (Социалдык фондунун үлүшү – 2,22 млн. сом), «Чыгыш электр» - кирешеси 95,6 млн. сом (Социалдык фондунун үлүшү – 12,43 млн. сом), же жогоруда көрсөтүлгөн коомдордун Директорлор Кеңешиндеги Социалдык фондунун өкүлдөрү тарабынан, жалпы 525,1 млн. сом суммасындагы дивиденддерди алуу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлгөн эмес.

***Социалдык фондунун милдеттенмелеринин динамикасы*** төмөндөгүдөй берилген:

(миң сом)

| | 01.01.2018-жылга карата калдык | Жүгүртүүлөр | | 01.01.2019 – жылга карата калдык |
|---|---|---|---|---|
| | | Дебет | Насыя | |
| 321. ПФ милдеттенмелери | 35738,3 | 20183676,3 | 20249669,1 | 101731,1 |
| 322. ЭТФ боюнча милдеттенмелер | 18359,6 | 288839,3 | 274277,0 | 3797,3 |
| 324. ММКФ боюнча милдеттенмелер | 111835,1 | 2328445,8 | 2216945,8 | 335,0 |
| 341. Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер | 289298,2 | 1210444,1 | 947321,5 | 26175,6 |
| 381. Сметалар боюнча милдететнмелер | 8219,0 | 77237,9 | 76500,5 | 7481,6 |
| **Бардыгы** | **463450,2** | **24088643,4** | **23764713,9** | **139520,6** |

***321 “Пенсиялык фонддун милдеттенмелери” эсеби боюнча*** республикалык бюджеттен алынган каражаттар динамикасы ишке ашырылат:

пенсиянын базалык бөлүгү, аскер кызматчыларынын пенсиясы, аскер кызматчыларынын мамлекеттик милдеттүү жеке камсыздоолору, пенсияга кошуп төлөөлөр, жеңилдетилген пенсиялар, компенсациялык төлөмдөр. 01.01.2019-жылга карата Пенсиялык фонд боюнча көрсөтүлгөн төлөмдөр 101731,1 миң сомду түзгөн.

Көрсөтүлгөн төлөмдөр боюнча республикалык бюджеттин факты жүзүндөгү карызы, 125 “Мамлекттик бюджеттин эсебинен алынган трансферттер” - 459225,7 миң сом, Социалдык фонддун ашык төлөмдөрү - 101731,1 миң сомду эсепке алуу менен, 357494,6 миң сомду түзгөн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрли менен салыштыруу актысы бар.

***322 “”Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча милдеттенмелери” эсеби боюнча*** Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун трансферттери боюнча милдеттенмелердин эсепке алуу ишке ашырылат. Алсак, 01.01.2018-жылга карата Социалдык фонддун Кыргызстан Профсоюздар федерациясына карызы 18359,6 миң сомду түзгөн, жыл ичинде камсыздандыруучу төгүмдөрдөн 285759,8 миң сом чогулган, Федерацияга 288839,3 миң сом, Социалдык фонддун 3% административдик чыгымдарына - 8482,8 миң сом чегерилген, 01.01.2019-жылга карата Социалдык фонддун Кыргызстан Профсоюздар федерациясына карызы 3797,3 миң сомду түзгөн.

***324 “Милдеттүү медициналык фонду боюнча милдеттенмелери” эсеби боюнча*** Медициналык камсыздандыруу фонду трансферттери боюнча милдеттенмелерин эсепке алуу ишке ашырылат Алсак, 01.01.2018-жылга карата Социалдык фонддун ММКФга карызы 111835,1 миң сомду түзгөн, жыл ичинде камсыздандыруучу төгүмдөрдөн 2285511,1 миң сом чогулган, ММКФга - 2328445,8 миң сом, Социалдык фонддун 3% административдик чыгымдарына - 68565,3 миң сом чегерилген, 01.01.2019-жылга карата Социалдык фонддун ММКФга карызы- 335,0 миң сом түзгөн.

***341 “Кыска мөөнөттөгү милдеттенмелери” эсеби боюнча*** “Кыргызпочтасы” МИ, коммерциялык банктар көрсөткөн кызматтары үчүн, ишке ашырылган эсептөө динамикасы, жана башка кыска мөөнөттөгү милдеттенмелери. 2018-жыл ичинде көрсөтүлгөн милдеттенмелердин динамикасы төмөнкүлөрдү көрсөткөн:

- “Кыргызпочтасы” МИнин кызмат көрсөтүүлөрү: 01.01.2018-жылга карата калдык - 14333,8 миң сом, милдеттенмелерге - 280885,4 миң сом эсептелген, 01.01.2019-жылга карата Социалдык фонддун карызынын калдыгы -14109,1 миң сомду түзгөн;

- коммерциялык банктардын кызматтары: 01.01.2018-жылга карата калдык - 7589,6 миң сом, милдеттенмелерге - 93360,7 миң сом эсептелген, 91814,8 миң сом чегерилген, 01.01.2019-жылга карата Социалдык фонддун карызынын калдыгы - 9135,5 миң сомду түзгөн;

- жана башка кыска мөөнөттүү милдеттенмелер: 01.01.2018-жылга карата калдык 267374,8 миң сом, милдеттенмелерге 573075,3 миң сом эсептелген, 837519,1 миң сом чегерилген, 01.01.2019-жылга карата Социалдык фонддун калдыгы - 2931,0 миң сомду түзгөн.

Мында, чегерилген каражаттар төмөнкүлөрдөн турат: Финминдин карыз алынган каражаттары - 663800,0 миң сом, Кыргыз Республикасында жана чет мамлекеттин эл аралык уюмдарында иштеген кыргыз жарандарынын эсебинен түшкөн камсыздандыруучу төгүмдөр - 150752,3 миң сом жана жаңылыш которулган сумманын кайра кайрылып берилгени - 19845,1 миң сом.

***ТМБ жана негизги каражаттардын жүгүртүлүшүнө аудит***

01.01.2018-жылдагы абал боюнча, БАнын негизги каражаттарыны баланстык наркы - 125748,2 миң сомду түзгөн. 01.01.2019-жылга карата НК баланстык наркы - 113159,6 миң сомду түздү, төмөнкүлөрдү эсепке алуу менен:

- кеңсе жабдууларынын алып келүү - 11864,0 миң сомго, чыгаруу - 10724,6 миң сомго;
- компьютер жабдууларынын жана программалык камсыздоолорун алып келүү - 54743,8 миң сомго, чыгаруу - 59252,2 миң сомго;
- эмерек жана жабдуулардын алып келүү - 1351,8 миң сомго, чыгаруу - 2214,4 миң сомго;
- транспорт каражаттарынын алып келүү - 1375,0 миң сомго, чыгаруу - 1385,6 миң сомго.

2018-жылга карата эскирген негизги каражаттар - 8346,4 миң сомду түзгөн.

2018-жылдын башында товардык-материалдык баалуулуктардын калдыгы 5156,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен, КММ - 904,1 миң сом, кириштелген: ТМБ - 10332,7 миң сом, КММ - 1830,6 миң сом, эсептен чыгарылган ТМБ - 10793,6 миң сом, КММ - 1714,8 миң сом. 31.12.2018 - жылга карата ТМБнын калдыгы - 4811,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен, КММ - 1019,9 миң сом.

2018-жылдын башында баасыз буюмдардын калдыгы (МБП) 23000,4 миң сом түзгөн, кириштелген МБП – 23844,3 миң сом, эсептен чыгарылган МБП – 26209,7 миң сом. 31.12.2018 - жылга карата МБП калдыгы - 20635,0 миң сомду түзгөн.

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондун түзүү жана пайдалануу

“2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, МПТФ бюджетинин динамикасы төмөндөгүдөй берилген:

(миң сом)

| | Бюджет | Бюджет | Четтөө Гр3-гр2 | Факт | Четтөө Гр5-гр3 |
|---|---|---|---|---|---|

| | 2017-жылга | 2018-жылга | | 2018-жылга | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Жыл башындагы Пенсиялык топтомо каржаттар | ***10856981,2*** | ***13788602,4*** | ***+2931621,2*** | ***13788602,4*** | ***0,0*** |
| КИРЕШЕЛЕР | ***2960104,7*** | ***3433888,2*** | ***+473783,5*** | ***3484603,4*** | ***+50715,2*** |
| Кезектеги жылга камсызданыдыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү | **1359283,4** | **1553888,2** | **+194604,8** | **1596344,6** | +42456,4 |
| МПТФнын башка каражаттары | | 9,0 | +9,0 | 9,0 | 0,0 |
| Пайыздар, анын ичинен: | **1600821,3** | **1879991,0** | **+279169,7** | **1888249,8** | **+8258,8** |
| - коммерциялык банктардагы эсептердеги МПТФнын жана Социалдык фонддун акча каражаттарынын калдыгына эсептелген пайыздар | | 24046,0 | | 32303,5 | +8257,5 |
| - депозиттерге, мамлекеттик баалуу кагаздарга, ипотекалык баалуу кагаздардагы кыргыз эмитенттеринин облигацияларына, пенсиялык топтоо каражаттарын жайгаштыруудан түшкөн пайыздар | 1600821,3 | 1855945,0 | | 1821770,1<br>34176,2 | -34174,9<br>+34176,2 |
| Кезектеги жылы инвестициялоого багытталган каражаттар | *2847776,3* | | *-2847776,3* | *6874133,8* | +6874133,8 |
| **Бардык чыгымдар, анын ичинен:** | ***112328,3*** | ***245535,5*** | ***+133207,2*** | ***230084,1*** | ***-15451,4*** |
| - пенсиянын топтолмо бөлүгүнө төлөө | 100000,0 | 200000,0 | +100000,0 | 192547,9 | -7452,1 |
| - башка классификацияланбаган чыгымдар | | 30000,0 | +30000,0 | 28031,5 | -1968,5 |
| - МПТФ каражаттарын администрлөө жана инвестициялоо менен байланышкан чыгымдар | 12328,3 | 15535,5 | +3207,2 | 9504,7 | -6030,8 |
| **Жыл аягында пенсиялык топтолмо каражаттар** | **13704757,6** | **16976955,1** | **+3272197,5** | **17043121,7** | **+66166,6** |

Таблицада көрүнүп тургандай, 2018-жыла Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонддун бюджети, 2017-жылга салыштырмалуу төмөндөгүлөр боюнча көбөйтүлгөн:

- кирешелер - 473783,5 миң сом;
- чыгымдар - 133207,2 миң сом;
- пенсиялык топтолмо каражаттар - 3272197,5 миң сом.

Мында, “2017-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, пенсиялык топтолмо каражаттар 01.01.2018-жылга карата 13704757,6 миң сомго такталган, ал эми “2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, пенсиялык топтолмо каражаттар 01.01.2018-жылга карата 13788602,4 миң сомго такталган, же 83844,8 миң сом айырма менен, ал 2017-жылга МПТФ такталган бюджети менен 2017-жылы бюджеттин аткарылышынын ортосундагы факты жүзүндөгү айырма болуп эсептелет.

01.01.2019-жылга карата МПТФ бюджетин аткаруу, 2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык анын такталган параметрлерин 66166,6 миң сомго ашырган, анын ичинен, кирешелер 50715,2 миң сомго көп түшкөн, чыгымдар 15451,4 миң сомго азайтылган.

Ошентип, 2018-жылы бардыгы болуп **3484603,4** миң сом кирешелер алынган, анын ичинен, төмөндөгү келип түшүүлөрдүн эсебинен:

- МПТФ кызматкерлеринин камсыздандыруу төгүмдөрү – **1596344,6 миң сом;**

- жана башка кирешелер – **9,0 миң сом;**

- пайыздардан – **1888249,8 миң сом,** анын ичинен, коммерциялык банктардагы акча каражаттарына эсептелгендер - 32303,5 миң сом, депозитке пенсиялык топтолмо каражаттарды жайгаштыруудан түшкөндөр - 34176,2 миң сом, мамлекеттик баалуу кагаздарга пенсиялык топтолмо каражаттарды жайгаштыруудан түшкөндөр - 1821770,1 миң сом.

Чыгымдар 15451,4 миң сомго азайтылган, анын ичинен:

- пенсиянын топтолмо бөлүгүн төлөө, такталгандан 7452,1 миң сомго аз жүргүзүлгөн;

- администрлөө жана инвестициялоо менен байланыштуу, такталгандан 1968,5 миң сомго аз;

- башка төлөмдөр боюнча 6030,8 миң сом жеткире чыгымдалган эмес.

01.01.2019-жылга карата пенсиялык топтолмо каражаттар, 66166,6 миң сомго такталган бюджет менен, 2017-жылга салыштырмалуу 3272197,5 миң сомго көбөйгөн жана **17043121,7 миң сомду** түзгөн, анын ичинен, Мамлекеттик баалуу кагаздарга - **16272357,7** миң сом, коммерциялык банктардагы эсептердеги акча каражаттарынын калдыктары - **770764,1** миң сом.

2018-жылы Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонд жөнүндө мыйзамда, инвестициялоого багытталган каражаттар 2017-жылдагыдай эле такталган эместигин, белгилей кетүү керек. Алсак, 2017-жылдын бюджетинде алар - 2847776,3 миң сомду түзгөн, ал эми 2018-жылдын бюджетинде мындай позиция каралган эмес, анткени менен инвестициялоо суммасы 6874133,8 миң сомду (241,4%) түзгөн, аларды администрлөө Социалдык фонддун ички документтери менен жүргүзүлгөн.

*<u>МПТФ банктык эсептеринин динамикасына аудит</u>*

Коммерциялык банктарда МПТФнын 5 (беш) алыш-бериш эсептери бар:

- «РСК Банк» жана «Айыл Банк» ААКларында 102.200 Мамлекеттик пенсиялык топтолмо эсеп боюнча эсеп;
- «РСК Банк» ААКсында 102.202 МПТФ боюнча чыгымдар эсеби;
- «Айыл Банк» ААКсында 102.405 МПТФ боюнча валюталык эсеп;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында 102.650 мамлекеттик кагаздар боюнча жүргүзүлгөн операцияларды эсепке алуу үчүн күндөлүк эсеп;

- «РСК Банк» ААКсында 102.900 МПТФ кирешелерин эсепке алуу боюнча алыш-бериш эсеби.

2018-жылга МПТФ бюджетинин аткарылышынын жыйынтыкталган балансы боюнча банктардагы эсептердин динамикасы төмөндөгүдөй берилген:

(миң сом)

| Эсеп, аталышы | 01.01.2018-жылга карата калдык | Дебет | Насыя | 01.01.2019-жылга карата калдык |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 102.200 | 437214,9 | 6089807,8 | 5756258,7 | 770764,0 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 102.200 | | 13766,6 | 13766,6 | |
| 102.405 | | 3953,7 | 3953,7 | |
| 102.650 | | 11219710,9 | 11219710,8 | |
| 102.900 | 113365,8 | 1913258,8 | 2026624,6 | |
| **Бардыгы** | **550580,6** | **19240497,9** | **19020314,4** | **770764,1** |

01.01.2018-жылга карата банктагы акча каражаттарынын калдыгы – 550580,6 миң сом, анын ичинен, «РСК Банк» ААКсы - 502602,8 миң сом, «Айыл Банк» ААКсы - 47977,9 миң сом, бардык эсептер боюнча жүгүртүүлөр 19240497,9 миң сомду түзгөн, 01.01.2019-жылга карата банктагы акча каражаттарынын калдыгы – 770764,1 миң сом, анын ичинен, «РСК Банк» ААКсы - 5205,5 миң сом, «Айыл Банк» ААКсы - 765588,6 миң сом.

Алыш-бериш эсептериндеги жүгүртүүлөргү жүргүзүлгөн тандалма аудит, эсептик маалыматтардын четтөөлөрдү көрсөткөн жок. Алсак, 102.200 эсебин талдоо, төмөндөгүлөрдү көрсөттү.

Алыш-бериш эсепке 6089807,8 миң сом түшкөн, анын ичинен, КРУБдан баалуу кагазадарды төлөө - 2523797,9 миң сом, коммерциялык банктардан депозиттик каражаттарды кайтаруу – 1316000,0 миң сом, жаңылыш сумманы – 166,6 миң сом, түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрү – 1599277,4 миң сом, алыш-бериш эсебинен жаңылыш суммалар – 610571,0 миң сом, жана башка – 39994,9 миң сом.

МБКны сатып алууга - 5141940,9 миң сом чегерилген, АУРду каржылоо - 12366,1 миң сом, алыш-берин эсепке – 338277,7 миң сом, жаңылыш суммалар – 36378,3 миң сом.

*<u>МПТФнын мамлекеттик баалуу кагаздар динамикасына аудит</u>*

Пенсиялык топтоого каражаттарды инвенстициялоо, “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пренсиялардын топтолмо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвенстициялоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Башкару компаниясын тандоо укугун пайдаланбаган камсыздандырылбаган адамдардын пайдасына түзүлгөн, пенсиялык топтолмо каражаттарды башкаруу эрежесинин негизинде жүргүзүлөт.

Мамлекеттик баалуу кагаздарга пенсиялык топтолмо каражаттарды жайгаштыруу, автоматташтырылган толук тутуму (АТТ) аркылуу атаандаштык негизде, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өткөргөн аукциондорго катышуу жолу менен жүргүзүлөт.

МБК динамикасы төмөндө берилген.

(миң сом)

| МБК аталышы | 01.01.18-жылга БК пакети | % | 01.01.19 жылга БК пакети | % | Четтөөлөр (2018-2017) | 2017-жылга киреше | 2018 жылга киреше | Четтөө %% |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| МКВ | | | 166591,4 | 5,83 | +166591,4 | | 9822,5 | |
| МКО 2 жыл | 4033512,2 | 12,82 | 2593703,1 | 9,33 | -1439809,1 | 1050033,1 | 488280,8 | -3,5 |
| МКО 3 жыл | 2783451,0 | 13,67 | 3666501,9 | 11,67 | +883050,9 | 1180734,1 | 1836600,0 | -2,0 |
| МКО 5 жыл | 2935140,3 | 16,85 | 4517288,5 | 14,65 | +1582148,2 | 3091462,1 | 3981927,9 | -2,2 |
| МКО 7 жыл | 1411449,8 | 16,64 | 2441045,2 | 15,07 | +1029595,4 | 1853788,5 | 2893041,7 | -1,57 |
| МКО 10 жыл | 758468,5 | 18,49 | 2887227,6 | 15,93 | +2128759,1 | 1595728,6 | 5157138,6 | -2,56 |
| **Бардыгы** | **11922021,8** | **14,48** | **16272357,7** | **12,68** | **4350335,9** | **8771746,4** | **14366811,5** | **-1,8** |

Таблицада көрүнүп тургандай, 01.01.2018-жылдагы абал боюнча баалуу кагаздарга МПТФга 11922021,8 миң сом пенсиялык топтолмо каражаттар инвенстицияланган, 01.01.2019-жылга – 16272357,7 миң сом, же баалуу кагазадардын өсүүсү 4350335,9 миң сомду түзгөн, мында, баалуу кагаздын ар бир түрүнүн наркы көбөйгөн, 2 жылдык мамлекеттик казыналык милдетенмелерден сырткары, алардын пакети 1439809,1 миң сомго азайган.

МПТФ маалыматтары боюнча, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү 2010-2018-жылдар аралыгына карата 10305890,6 миң сомду түзгөн, же аларды инвенстициялоодон жана баалуу кагаздарга кайрадан коюудан гана 5966467,1 миң сом киреше алынган, мындан сырткары, МПТФ эсептериндеги акча каражаттарынын 770764,1 миң сом калдыктары бар. Ошентип, аталган төлөмдөрдү администрлөөнүн бүтүндөй мезгили ичинде 7368600,0 миң сом киреше алынган жана 617800,0 миң сом төлөм жүргүзүлгөн.

2018-жылы 2523797,9 миң сомго баалуу кагаздар менен төлөөгө жана аларды жаңы БКга кайрадан инвестициялоого, ошондой эле жаңы БК сатып алууга башка эркин сумманы - 4350335,9 миң сомду багыттоого байланыштуу, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгына каражаттарды факты жүзүндө жайгаштыруу, 2018-жылы 6874133,8 миң сомду түзгөн, же 01.01.2018-жылга карата БК пакетинин номиналдык наркынан 57,7 %.

Аларды төлөө мөөнөтүнө ылайык, бардык баалуу кагаздар боюнча кирешелер 14366811,5 миң сом өлчөмүндө алынышы керек. 2018-жылы БКдан 1821770,1 миң сом кирешелер алынган.

Мында, баалуу кагаздар пакетинин кирешелүүлүгү 01.01.2019-жылга карата, 01.01.2018-жылдагы баалуу кагаздар пакетинин кирешелүүлүгүнө салыштырмалуу, 2028-жылга чейин БК наркынын өзгөрүлбөгөндүгү (БКны (10 жыл) акыркы сатып алуу 15.10.2018-жылы болгон) же жыл сайын орточо 559506,5 миң сом алдында 5595065,1 миң сомго өскөн.

2017-жылы жалпы 1,8 %ды (орточо алганда) түзүү менен, БКнын бардык түрү боюнча кирешелүүлүк азаюу тенденциясына ээ болгондугу белгиленген, мында кирешелүүлүктүн абдан төмөндүгү төмөндөгүлөр боюнча байкалган: МКО – 2 боюнча жылдык 3,5 %, ГКО-10 жылдык 2,56 %, ГКО- 3 жылдык 2,0 %, ГКО-5 жылдык 2,2 %.

Ошону менен бирге, каражаттарды абдан көп инвестициялоо, МКО-10 пакетине 2128759,1 миң сомго жүргүзүлгөн, бул болсо, 01.01.2018-жылга карата алардын наркынан 73,7 %ды, МКО-5 - 1582148,2 миң сом же наркынан 53,9 %ды, ГКО-7 - 1029595,4 миң сом же наркынан 72,9 %ды түзгөн.

***Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында каражаттарды жайгаштыруудан пайыздырдын эсептелишине аудит***

Аудиттелген мезгилге карата коммерциялык банктардагы депозиттерге пенсиялык топтолмо каражаттар жайгаштырылган эмес. Ошону менен бирге, “Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо

жөнүндө” Мыйзамдын 5-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.02.2017-жылдагы № 129 токтому менен бекитилген, “Башкаруучу компанияларды тандоо укугун пайдаланбаган камсыздандырылган адамдардын пайдасына түзүлгөн пенсиялык топтоо каражаттарын Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан башкаруунун эрежелерине” ылайык, Социалдык фонд камсыздалган адамдарын кызыкчылыгына карата, жарандарды пенсия менен камсыздоо жана пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоо маселеси боюнча өзүнүн укугун жүргүзөт.

Мында, пенсиялык топтоо каражаттарын көрсөтүлгөн администрлөө, кезектеги жылдын ар бир кварталында Социалдык фонд алдындагы мамлекеттик пенсиялык топтолмо фондунун инвестициялык декларацияларына ылайык жүргүзүлөт, ал Социалдык фондунун Башкармалыгы тарабынан бекитилет жана ал жерде, финансылык аспаптардын түрү боюнча аларды инвестирлөө лимиттери жана пенсиялык топтоо каражаттарын инвестицияорр объекттеринин тизмеси аныкталат. МБК, насыялык уюмдардагы мөөнөттүү депозиттер, облигациялар, ипотекалык баалуу кагаздар.

2018-жылы Социалдык фондунун Башкармалыгынын 18.01.2018-жылдагы № 4, 04.04.2018-жылдагы № 28, 02.07.2018-жылдагы № 73 жана 11.10.2018-жылдагы № 104 токтомдору менен, 4 (төрт) инвестициялык декларациялар бекитилген. 11.10.2018-жылдагы № 104 токтом менен, Кыргыз Республикасынын насыялык уюмдарындагы депозиттерге инвестициялоого – 636000,0 миң сом каралган.

Бирок, Социалдык фондунун Башкармалыгынын 10.11.2017-жылдагы протоколуна ылайык, алардын экономикалык туруктуулугу жөнүндө маалыматтарды берүү жөнүндө Улуттук банк жана коммерциялык банктар менен тиешелүү макулдашуу кабыл алынганга чейин, депозиттик аукциондорду өткөрүү комиссиянын ишин токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган.

Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонддун жооптуу кызматкерлеринин түшүндүрмөсү боюнча, мындай чечимди кабыл алуунун негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 03.11.2017-жылдагы № 324 “КПҮ” каты эсептелген, ал жерде Улуттук банк тарабынан мамлекеттик ишканалардын каражаттары коммерциялык банктарга жайгаштырыла турган кээ бир жагдайларга көңүл буруу сунушталган, анда каражаттарды жайгаштыруу учуру, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.03.2011-жылдагы № 81 токтомунда көрсөтүлгөн критерийлерге туура келбейт жана *Социалдык фондго белгилүү бир коммерциялык банктарга каражаттарды жайгаштыруу жөнүндө чечим кабыл алаар алдында, Улуттук банктын компентенциясына кирген критерийлерге тандалган коммерциялык банктардын туура келиши жөнүндө маалымат алуу үчүн, Улуттук банкка кайрылуу сунуш кылынган.* Мамлекеттин акча-кредит саясатын админситрлеген Улуттук банкка бул сунуш боюнча укук берилбегендиги жөнүндө аудит белгилейт. Көрсөтүлгөн кайрылуу, ошондой эле *жарандардын пенсиялык топтолмо каражаттарын* администрлөөнү жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларга каршы келет.

Андан ары, 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.09.2018-жылдагы № 448 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-февралындагы № 129 "Башкаруучу компанияларды тандоо укугун пайдаланбаган камсыздандырылган адамдардын пайдасына түзүлгөн пенсиялык топтоо каражаттарын Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан башкаруунун эрежелерин бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому кабыл алынганга чейин, Социалдык фонд, Финансы министрлиги, Улуттук банк ортосунда депозиттерди жайгаштыруу үчүн, коммерцяилык банктарды тандоо критерийлерин түшүндүрүү боюнча кат алышуулар жүргөн.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.03.2011 - жылдагы № 81 (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.02.2017-жылдагы № 61 токтомунун редакциясында), 22.06.2017-жылдагы № 398, 27.08.2018-жылдагы№ 402 жана 27.09.2018-жылдагы № 448 токтомдорунун мөөнөттүү депозитке пенсиялык топтолмо каражаттарды инвестициялоону жүргүзүү бөлүгү аткарылган эмес.

МПТФнын отчеттук жана эсептик маалыматтарына ылайык, 2017-жылы коммерциялык банктардагы депозитке пенсиялык топтоонун 1316000,0 миң сом каражаттары жайгаштырылган, ал жерде **320622,5 миң сом** киреше алынган. Мында, коммерциялык банктардагы депозитке жайгаштыруу боюнча алынган табыштамалар 3012800,0 миң сомду түзгөн.

2018-жылы коммерциялык банктардагы депозитке жайгаштырылган 1316000,0 миң сом каражаттар, мөөнөтү аяктаганда алынган жана жылдык 8,7 %дан 17,5 %га ичейин) орто жана узак мөөнөттүү баалуу кагаздарга жайгаштырылган (3-жылдан 10 жылга чейин). Мында, депозиттерди (1316,0 млн. сом) кайтаруудан түшкөн каражаттардын үлүшү, 2018-жылы инвестицияланган бардык каражаттардан 19,14 %ды - 6874,1 млн. сомду түзгөн, аларды инвестициялоодон - 31,1 млн. сом купондук каражаттар алынган. МПТФ маалыматтары боюнча, кайтарылган депозиттерди баалуу кагаздарга инвестициялоодон - 1316,0 млн. сом, 2028-жылга чейин – 1113,4 млн. сом, же жылына орточо 111,34 млн. сом киреше алынат.

Ошентип, мөөнөттүү депозиттерге мындай олуттуу пенсиялык топтолмо каражаттарды инвестициялоодон баш тартуу, 10 жылга чейин узак мөөнөттө алардан потенциалдуу кирешелердин түшүүсүнүн мөөнөтүн жылдырган деп констанциялоого болот, бирок мындай кирешелерди абдан кыска мөөнөткө 3 жылдан 4 жылга чейин мөөнөттүү депозиттерге (каражаттардын көлөмүн жана кирешелер %ын сактоо менен) инвестициялоодон алууга болот. Же, жогоруда келтирилгенден бюджеттин жоготуусу 2018-жылы 209,3 млн. сомду (320,6 – 111,3) түзгөн.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 31.10.2018-жылдагы № 509 "2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому жана

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган “2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамы менен, мөөнөттүү депозиттерге инвестициялоо каралган эмес.

2018-жылы мамлекеттик баалуу кагаздарга пенсиялык топтолмо каражаттарды жайгаштыруудан 1821,8 млн. сом пайыздык киреше алынган, же 2017-жылга алынганга караганда 565,3 млн. сомго көп, ал каражаттарды көбөйтүү жана жайгаштыруу менен байланыштуу.

## ***<u>МПТФ администренген чыгымдарына аудит</u>***

Чыгымдар сметасы 12366,1 сом өлчөмүндө бекитилген, 7649,6 миң сомго каржыланган, кассалык чыгымдар ушул суммада жүргүзүлгөн. чыгымдар факты жүзүндө 7641,4 миң сомду түзгөн, алардын ичинен абдан олуттуулары:

- эмгек акы – 5489,9 миң сом, бул болсо, бардык жүргүзүлгөн чыгымдардан 71,8 %ды түзөт;
- Соцфондго чегерүүлөр – 897,4 миң сом (11,7 %),
- жана башка кызматтарды сатып алуу – 566,9 миң сом (7,4 %) ж.б.у.с.

Чыгымдар бекитилген сметалык багыттоолор чегинде жүргүзүлгөн.

Социалдык фондунун Өнүгүү фондунан 891,1 миң сом бөлүнгөн, анын ичинен, бир жолку сый акыга – 384,5 миң сом, тамак-ашка – 442,8 миң сом, жол киреге – 63,8 миң сом.

## ***<u>Камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдү толук каттоо боюнча иштин абалы</u>***

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн** 19.10.20117-жылдагы № 483 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын статистикалык бирдиктерин бирдиктүү мамлекеттик каттоосунун мамлекеттик органдардын ведомстволук реестрлери менен өз ара аракети жөнүндө” Жобонун шарттарына ылайык, өз ара аракеттин негизги милдеттери Кыргыз Республикасынын аймагында өз аракетин жүргүзгөн субъекттерди толук жана туура эсепке алуу, ошондой эле принциптердин бирдейлигинин негизинде бардык маалыматтык фонддордун жана ресурстардын, аларды жүргүзүү методдорунун жана формаларынын маалыматтык сыйышуучулугун камсыздоо болуп саналат.

Көрсөтүлгөнгө ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында өз аракетин жүргүзгөн, каттоодон өткөн юридикалык жана жеке жактардын саны жөнүндө белгилүү бир маалымат суралган.

Мында, төлөөчүлөр категориясы бөлүгүндө каттоодон өткөн камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдү эсепке алуу, төмөндөгүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт:

| 01.01.2019-жылга карата төлөөчүлөрдүн саны | КР СФ | КР УСК | Четтөө (гр.3-гр.2) | КР МСК | Четтөө (гр.5-гр2). |
|---|---|---|---|---|---|
| Чарба жүргүзүүчү субъекттер | 93313 | 31556 | -61757 | 115957 | +18408 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Бюджеттик мекемелер | 4236 | 7244 | +3008 | | |
| ЭТФдан камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөгөн айыл чарба ишканалары | 958 | | -958,0 | 3243 | +2285 |
| Жер салыгын коюму боюнча төгүмдөрүн төлөгөн айыл чарба ишканалары | 364901 | 331848 | -33053 | 322714 | -42187 |
| ИТД | 160217 | 327741 | +167524 | 195848 | +35631 |
| Женилдетилген уюмдар | 71 | | -71 | | -71 |
| **Бардыгы** | **623696** | **698389** | **+74693** | **637762** | **+14066** |

Юридикалык жана жеке жактарды каттоо боюнча жүргүзүлгөн салыштырмалуу талдоо, Социалдык фонд тарабынан катталган чарба жүргүзүүчү субъекттер жана жеке ишкерлер санында бир кыйла айырма болгондугун көрсөткөн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын маалыматтары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча да айырма бардыгын көрсөткөн. Мында, МСКдан 74693 стат.бирдикке, УСКдан 14066 стат.бирдикке бир кыйла четтөөлөр бар, бул Социалдык фондду олуттуу изилдөө жана иликтөө үчүн негиз болушу керек.

Же түзүлгөн жагдай, төлөөчүлөрдүн көрсөтүлгөн категориясы боюнча иш-аракетин жүргүзүүнүн аныктыгын салыштырып текшерүү маселелери, алардын себептери жана аларды каттоодон алып салуу мүмкүнчүлүгү жана бул үч органдагы катталган субъекттердин жалпы санын бирдиктүү каттоого келтирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фонддун регионалдык органдары дагы, борбордук аппараты дагы Салык кызматынын органдары менен биргелешип иш алып барбаганын күбөлөндүрөт.

***Камсыздандыруучу төгүмдөр жана финансылык санкциялар боюнча карыздарга аудит***

01.01.2018-жылга карата камсыздандыруучу төгүмдөр боюнча карыз 3486,3 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, камсыздандыруучу төгүмдөр - 3082,0 млн. сом, МТПФ боюнча ашык төлөө - 1,7 млн. сом жана финансылык санкциялар - 405,9 млн. сом.

01.01.2019-жылга карата камсыздандыруучу төлөмдөр боюнча карыз 3251,5 млн. сомду түзгөн, анын ичинен камсыздандыруучу төгүм - 2813,2 млн. сом, МТПФ боюнча ашык төлөм - 1,9 млн. сом жана финансылык санкциялар- 440,2 млн. сом.

01.01.2019-жылга карата камсыздандыруучу төлөмдөр боюнча дебитордук карыз 234,8 млн. сомго азайган, анын ичинен камсыздандыруучу төгүм боюнча - 268,8 млн. сом жана финансылык санкциялардын 34,3 млн. сомго көбөйүүсү менен.

01.01.2019-жылга камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча карыздын жалпы суммасындагы кайтарылбаган карыз, Соцфонддун маалыматы боюнча - 677,4 млн. сомду түзгөн, анын ичинен камсыздандыруучу төгүм боюнча – 524,9 млн. сом, финсанкциялар - 152,5 млн. сом. Камсыздандыруучу төлөм боюнча кайтарылбаган карыздар төмөндөгүдөй категориялар боюнча белгиленген:

(млн. сом)

| | 01.01.2018-жылга карата | 01.01.2019-жылга карата | Четтөө |
|---|---|---|---|
| Жоюлган жана өзү жоюлган | 66,2 | 66,2 | |
| Банкроттулук жол-жобосу аяктаган | 229,5 | 237,5 | +8,0 |
| Издөөдө жүргөн | 59,4 | 59,4 | |
| ПЕСАК программасы боюнча жоюлган | 11,8 | 11,8 | |
| ВС КР өндүрүүдөн баш тартылган | 16,9 | 17,0 | +0,1 |
| Банкроттулук жол-жобосу аяктаган эмес | 298,4 | 285,5 | -12,9 |
| Узартуу | 12,6 | | -12,6 |
| **Бардыгы** | **694,8** | **677,4** | **-17,4** |

Таблицада көрүнүп тургандай, кайтарылбаган камсыздандырылган төлөмдөр аудит мезгилинде 17,4 млн. сомго азайтылган, анын ичинен мөөнөтүн узартуу боюнча - 12,6 млн. сом, банкроттуулук жол-жобосу - 12,9 млн. сом, банкроттулук жол-жобосун аяктоо көлөмү 8,0 млн. сомго көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун башкармалыгынын 20.11.2018-жылдагы № 114 токтому менен, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызды төлөө боюнча калтыруу мөөнөтүн берүү жөнүндө 12,6 млн. сомго Кыргыз Республикасынын Соцфонду жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик жазаларды аткаруу кызматынын ортосунда түзүлгөн 22.01.2016-жылдагы №Д-06-16 келишим бир тараптуу бузулган.

Мамлекеттик социалдык камсыздоонун каражаты тууралуу отчеттун маалыматы боюнча, 01.01.2018 жана 01.01.2019-жылга карыз төлөөчүлөрдүн категориясы боюнча карыз төмөндөгүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт:

**2018-жылдын башындагы жана 2019-жылдагы абал боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө боюнча төлөөчүлөрдүн карызы жөнүндө маалыматтар**

**(млн.сом)**

| Төлөөчүнүн категориясы | Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыз | | | Финансылык санкциялар боюнча карыз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 01.01.2018-жылга карата | 01.01.2019-жылга карата | Четтөө | 01.01.2018-жылга карата | 01.01.2019-жылга карата | Четтөө |
| Бюджет | 29,4 | -0,6 | -30,0 | 8,7 | 8,8 | +0,1 |
| Чарба жүргүзүүчү орган | 2681,2 | 2505,3 | -175,9 | 364,9 | 400,2 | +35,3 |
| ИТД | 6,6 | -4,9 | -11,5 | 2,2 | 1,9 | -0,3 |
| Жеңилдетилген | -1,9 | 0,9 | +2,8 | | | |
| ЭТФдан айыл чарба субъекттери | 82,3 | 68,0 | -14,3 | 17,6 | 17,5 | -0,1 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жер салыгынан айыл чарба субъекттери | 282,9 | 242,8 | -40,1 | 12,5 | 11,7 | -0,8 |
| **Бардыгы** | **3080,5** | **2811,5** | **-269,0** | **405,9** | **440,2** | +34,3 |

Камсыздандыруучу төгүм боюнча карыздын түзүмүндө 01.01.2018-жылга төлөөчүлөрдүн категориясы бөлүмүндө негизги карыз чарба жүргүзүүчү субъекттерге - 2505,3 млн. сом (89,0 %), айыл чарба субъектилерине –310,8 млн сом (11,0 %) туура келет.

Ушундай эле, финансылык санкциялар боюнча негизги карыз чарба жүргүзүүчү субъекттерге - 400,2 млн. сом (90,9 %), чарба субъектилерине - 29,2 млн. сом (6,6 %) туура келет.

Камсыздандыруучу төлөмдөр боюнча ашык төлөм 01.01.2019-жылга 5,5 млн. сомду түзгөн, анын ичинен камсыздандыруучу төгүмдөрү - 3,6 млн. сом, МТПФ - 1,9 млн. сом.

01.01.2019-жылга карата реалдуу өндүрүүгө тиешелүү карыздын суммасы камсыздандыруучу төгүмдөр боюнча карыз суммасы -2726,6 млн. сомду, финансылык санкциялар боюнча - 287,7 млн. сомду түзгөн.

Абдан олуттуу карыздар төмөндөгүлөргө эсептелген: Кара-Көл ШСФБ боюнча - 192,8 млн. сом, Ленин РСФБ- 118,9 млн. сом, Биринчи Май РСФБ - 107,0 млн. сом, Жайыл РСФБ – 56,9 млн. сом, Ысык-Ата РСФБ – 63,7 млн. сом, Свердлов РСФБ – 55,9 млн. сом ж.б.

Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча абдан ири карыздары бар карызкорлор: «Нарын ГЭС» ААКсы - 148,8 млн. сом, «Машина сыноо станциясы» ААКсы – 55,8 млн. сом, МИ «Тазалык» - 56,4 млн. сом, «Бишкек штамптоочу завод» МИ - 68,4 млн. сом, «БМЗ» ААКсы - 33,7 млн. сом, «ККСК» ААКсы - 38,4 млн. сом, «Чыгыш электр» ААКсы - 9,4 млн. сом (Каракол ш.) – 23,9 млн. сом, Каракол КП «Жылуулук» - 23,6 млн. сом, АООТ «Текстильщик» - 28,2 млн. сом. «КСК» ААКсы - 34,0 млн. сом, «Жалалабатэлектр» ААКсы - 23,5 млн. сом ж.б.

Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча абдан ири карыздары бар карызкорлордун саны, өзгөргөн эмес.

## ***Жарандарды жекече эсепке алуу боюнча иштин абалы жана жекече эсепке алуу боюнча чыгымдар***

1998-жылдын 22-декабрындагы № 154 "Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Социалдык фондо жарандарды жекече эсепке алуу жүргүзүлөт.

Жекече эсепке алуунун максаты болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- ар бир камсыздандырылыган адамдар төлөгөн камсыздандыруу төгүмдөрүнө ылайык, пенсияларды дайындоо үчүн укуктук шарттарды түзүү;

- пенсияны дайындоодо же аны кайрадан эсептөөдө пенсиянын укугун жана өлчөмүн аныктоочу, стажы, эмгек акысы жана камсыздандыруу төгүмдөрү жөнүндө маалыматтардын аныктыгын камсыздоо;

- Кыргыз Республикасынын пенсиялык мыйзамын ишке ашыруу жана жакшыртуу, ошондой эле камсыздандырылган адамдардын камсыздандыруу стажынын жана алардын камсыздандыруу төгүмдөрүнүн негизинде пенсияларды дайындоо үчүн маалыматтар базасын түзүү;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдө камсыздандырылган адамдарын кызыкчылыктарын өнүктүрүү;

- камсыздандырылган адамдар тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөнүшүн контролдоо үчүн шарттарды түзүү;

- мамлекеттик пенсиялык камсыздоого тиешелүү макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифин аныктоо, пенсияларды төлөөгө чыгымдарды болжолдоонун шарттарын түзүү жана маалыматтык колдоо;

- камсыздандырылган адамдарга мамлекеттик пенсияларды дайындоо жол-жобосун тездетүү жана тартибин жөнөкөйлөштүрүү;

- ведомость аралык өз ара аракеттенишүүнүн негизинде жарандарды жекече эсепке алууну максималдуу камтуу үчүн шарттарды түзүү;

- бирдиктүү маалымат мейкиндигинде Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору тарабынан жекече эсепке алуу номерин колдонуу, ошондой эле маалыматтын тактыгын жана эсепти камсыздоо.

Ар бир камсыздандырылган адамдарга туруктуу камсыздандыруу номери менен, жеке камсыздандыруу эсеби (ЖКЭ) ачылат, ага эсептелген камсыздандыруу төгүмдөрүнүн маалыматтары киргизилет. Жекече эсепке алуу маалыматтары жана ЖКЭ, пенсияны дайындоо, ошондой эле Мамлекеттик пенсиянын топтолмо фондусу боюнча пенсиялык топтолмо каражаттарды администрлөө үчүн база болуп саналат.

Жекече эсепке алуу башкармалыгынын маалыматтарына ылайык, Социалдык фондунун жекече эсепке алуу тутумунда 01.01.2019-жылга каратта 6069,8 адам катталган.

28.07.2016-жылдагы “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы менен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ортосунда ведомстволук маалымат алмашуу жөнүндө” техникалык макулдашууну аткаруу менен, ПИН боюнча маалымат алмашуу жүргүзүлөт, алсак, 01.08.2016-жылдан тартып ПИНди (персоналдык идентификациялык номер) ыйгарууну Мамлекеттик каттоо кызматы жүргүзөт. 2018-жыл ичинде жекече эсепке алуу тутумунда кайрадан катталган жарандардын саны 151403 адамды түзгөн.

Башкармалыктын маалыматтары боюнча, 2018-жылы 505,0 жеке эсептер боюнча 2% өлчөмүндө Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фондго түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрү администрленген.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Мыйзамга

ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.10.2012-жылдагы № 745 “Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонддун пенсиялык топтолгон каражаттарын Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан төлөө эрежелери жөнүндө” токтому менен, 2013-жылдан тартып жарандарга МПТФнын пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөө жүргүзүлүүдө.

Көрсөтүлгөн ченемдик актылар менен, камсыздандырылган адам жылына бир жолу анын жеке камсыздандыруу эсебинде камтылган маалыматтарды алууга укуктуулугу каралган. 2010-2018-жылга чейинки мезгил аралыгында МПТФны эсепке алуу жана 2010-2017-жылга чейинки мезгил аралыгында инвестициялык кирешелерди эсепке алуу менен, жеке камсыздандыруу эсебинен көчүрмөлөрдү берүү боюнча Социалдык фондунун иши 2014-жылдан тартып башталган. Мында, минимум 505,0 төлөөчүнүн болушу менен, 2018-жылы болгону 108,1 миң сом адамга көчүрмө берилген.

Мында, Социалдык фонд тарабынан ЖКЭ көчүрмөлөрүндө, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн топтолмо бөлүгүнүн суммасы болжолдуу катары көрсөтүлгөндүгү жөнүндө маалымдалат.

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн учурларды изилдөө максатында, Социалдык фонддун бир нече кызматкерлеринин ЖКЭсинен көчүрмө суралган, мында көчүрмөнүнү эки формасы болгон, бирок, башкармалыктын жооптуу кызматкерлеринин айтуусунда, негизгилерден (ИИН, аты-жөнү) сырткары, төмөндөгү маалыматтар көрсөтүлөт, негизинен А төлөөчүсү боюнча :

- ага камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилген эмгек акы суммасы – 3992027,81 сом;

- пенсиялык фондго эсептелген камсыздандыруу төгүмдөрү – 801401,33 миң сом;

- кезектеги учурга пенсиянын экинчи камсыздандыруу бөлүгүнүн (СП2) болжолдуу өлчөмү – 2145,65 сом;

- Топтолмо фондго төлөнгөн 2% өлчөмүндөгү камсыздандыруу төгүмдөрү - 76180,6 сом;

- жыйынтыктоочу бөлүгүндө камсыздандыруу төгүмдөрүнүн топтолмо бөлүгүнөн инвестициялык кирешелердин суммасы көрсөтүлгөн – 40684,6 сом жана топтолмо бөлүгүнүн суммасы – 116865,2 сом. Же, топтолмо бөлүгүнөн инвестициялык кирешелердин суммасы камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасынан (2%) 53,4 %ды түзгөн.

Ошол эле А төлөөчүгө ЖКЭден экинчи “жеке” көчүрмө берилген, жооптуу кызматкерлердин айтуусу боюнча, бир күндөн кийин алар жарактуу болуп эсептелет, анткени, ал төмөндөгү учурлар көрсөтүлгөн суроо-талап боюнча түзүлгөн:

- камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелген киреше – 4076950,28 сом;
- эсептелген жана төлөнгөн, МПТФдагы төгүмдөр – 81539,01 сом;
- инвестициялык кирешенин жалпы суммасы – 42931,96 сом;
- топтолмо эсептеги калдык – 124470,99 сом.

Же төмөндөгүлөргө ээ:

(сом)

| | ЖКЭ жалпы | ЖКЭ “жеке” | Четтөөлөр |
|---|---|---|---|

| | көчүрмөсү | көчүрмөсү | |
|---|---|---|---|
| Камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелген киреше | 3992027,81 | 4076950,28 | +84922,47 |
| эсептелген жана төлөнгөн, МПТФдагы төгүмдөр | 76180,6 | 81539,01 | +5358,41 |
| инвестициялык кирешенин жалпы суммасы | 40684,6 | 42931,96 | +2247,36 |
| топтолмо эсептеги калдык | 116865,2 | 124470,99 | +7605,79 |

Мында, жалпы көчүрмө берилгенден кийин бир күндөн кийин пайда болгон көрсөтүлгөн параметрлердеги өзгөртүүлөр олуттуу жана 2010-жылдан тартып, 2019-жылдын 6 айына чейин эсептөөлөр экинчи көчүрмөдө берилгендигин менен байланыштуу, ал жерде суроо-талап учурунда топтолмо пенсиялык фондго эсептөө актуалдашкан. Ошону менен бирге, Социалдык фондунун ишин регламенттеген колдонуудагы бир дагы ченемдик актыларда, алдын ала эсептөөлөр жөнүндө көрсөтүлгөн эмес жана алар жалпы жана жеке болушу керек.

Ошондой эле, көчүрмөлөрдө жыл сайын инвестициялык кирешелерди эсептөө жөнүндө маалыматтар жок: *2011-жылдын 4-июлундагы № 78 “Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесин бузуу менен,* эсептөө пайызы жана эсептөө суммасы кайсы суммага эсептелгендиги жөнүндө.

Ошентип, берилген маалыматтар алдын ала экендиги жөнүндө констациялоого болот, жогоруда аталган ченемдик актылар менен каралган, өткөн жылдагы инвестициялоо жыйынтыктарын көрсөткөн бөлүгүндө маалыматтар жок жана жекече эсепке алуу башкармалыгынын бул багытта, ошондой эле көрсөтүлгөн эсепти коштогон «ЭЛИИТ» программасы менен бул опцияларды түзүү боюнча жетишсиз ишин көрсөтөт.

Ошондой эле, пенсиялык топтоо бөлүгүн түзүү бөлүгүндө, Социалдык фонддун алдындагы МПТФ, жекече эсепке алуу башкармалыгынын, кирешелерди башкаруу жана финансылык эсеп башкармалыктарынын ортосунда өз ара аракеттенишүү жок. Алсак, берилген маалыматтарга ылайык, төмөндөгүлөргө ээ:

(млн. сом)

| Жылы | УПУ берген камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасы | МПТФ берген камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасы | Четтөө | МПТФ каражаттары боюнча кирешелер | УПУга эсептелген инвест. кирешелер | Инвестир. менен байланышкан чыгымдар | МПТФдан каражаттарды төлөө | Камсыздандыруу төгүмдөрүнө карата сал.салмак |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| 2010 | 893,0 | 809,4 | -83,6 | 8,7 | 0,0 | | | |
| 2011 | 1167,5 | 1150,1 | -17,4 | 66,4 | 0,0 | | | |
| 2012 | 809,7 | 928,9 | +119,2 | 344,4 | 0,0 | 1,58 | | |
| 2013 | 899,4 | 963,6 | +64,2 | 528,3 | 0,0 | 2,5 | 155,4 | |
| 2014 | 1014,1 | 1061,8 | +47,7 | 651,8 | 0,0 | 1,7 | 89,4 | |
| 2015 | 1143,5 | 1159,9 | +16,4 | 972,5 | 0,0 | 0,71 | 35,6 | |
| 2016 | 1294,8 | 1272,6 | -22,2 | 1312,1 | 0,0 | 4,0 | 54,0 | |
| 2017 | 1439,6 | 1481,5 | +41,9 | 1596,1 | 0,0 | 7,83 | 90,9 | 16,09 |
| 2018 | 1566,4 | 1596,3 | +29,9 | 1888,3 | 0,0 | 9,5 | 192,5 | 31,45 |
| | **10228,0** | **10424,1** | **+196,1** | **7368,6** | **0,0** | **27,8** | **617,8** | |

Таблицада көрүнүп тургандай, МПТФ берген камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасы, жекече эсепке алуу башкармалыгы тарабынан администрленген топтолмо суммадан 196,1 млн. сомго көп. Мында, УПУдагы эсептик суммалар көп, же МПТФга караганда аз болушу мүмкүн. Алсак, 2000-жылы алардын ортосундагы айырма - 83,6 млн. сомду, 2011-жылы – 17,4 млн. сом, 2016-жылы – 22,2 млн. сомду түзгөн.

Ошондой эле, көрсөтүлгөн айырма Социалдык фонддун эсебине келип түшкөн камсыздандыруу суммаларын жекече эсепке алуунун жоктугу жөнүндө күбөлөндүрөт. Алсак, 2012-жылы МПТФнын 928,9 млн. сомго камсыздандыруу төлөмдөрү келип түшкөн, ал эми бул жылы жекече эсепке алуу тутумуна болгону 809,7 млн. сом жайгаштырылган, ошону менен бирге, калган 119,2 млн. сом кайда кеткендиги жөнүндө маселе актуалдуу бойдон калууда жана бүгүнкү күнү бул боюнча түшүндүрмө берилген жок. Ушундай эле жагдай, таблицада берилгендей 2013, 2014,2015, 2017 жана 2018-жылдары да болгон.

УПУ ошондой эле алынган суммаларды бөлүү менен, жылдар боюнча алынган инвестициялык кирешелерди эсептөө жана бөлүштүрүү маалыматын бере алган жок, мында, 2010-2018-жылдары - 7368,6 млн. сом өлчөмүндө инвестициялык кирешелер алынгандыгын, белгилей кетүү керек. Жогоруда көрсөтүлгөндөр, жекече эсепке алуу башкармалыгы тарабынан алынган инвестициялык кирешелерди эсептөө боюнча иштин жоктугун, жекече эсептөөнү программалык камсыздоонун жетилбегендигин жана Социалдык фонддун жетекчилигинин жана кызыкдар түзүм тарабынан толук контролдун жоктугу жөнүндө күбөлөндүрөт.

Көчүрмөлөрдү түзүү боюнча «Eleet» программасынын ишин кароодо, инвестициялык кирешелерди факты жүзүндө эсептөө,жеке суроо-талап пайда болгондо гана актуалдашканы аныкталган. Демек, инвестициялык кирешелерди эсептөө жеке (кол) менен жүргүзүлөт, бул болсо, жалпы жыйынтык сумманы түзүүдө (алардын жоктугу менен) кыйынчылык жаратат.

Мындан сырткары, бул кирешелерди алууда бул каражаттардын катышуусуна ылайык, алынган инвестициялык кирешелер төлөөчүлөрдүн жеке эсептерине бөлүштүрүлүшү керек, кирешенин б.а. ЖКЭге жыл сайын инвестициялык кирешелердин белгилүү бир суммасы келип түшүшү керек. Бирок, ЖКЭге кирешенин эсептелген суммасы түшпөйт, ал эми такталган жана бекитилген параметрлер белгиленет, аларга жыл ичинде ЖКЭге келип түшкөн камсызданыдруу төгүмдөрү эсептелет. Демек, инвестициялык кирешелерди алуу, бөлүштүрүлгөн суммага жараша эмес, жыл ичинде чегерилген камсыздандыруу суммасына жараша болот. Мында, "инвестициялык кирешелерди эсептөө жыйынтыгын түзүү" опциясын колдоо программасы жок, инвестициялык кирешелердин эсептелген кандайдыр бир көлөмдөрүн болжолдоо мүмкүн эмес.

Ошондой эле, алуучулар төлөгөн МПТФ каражаттарын, инвестициялык кирешелерди эсептөө механизми түшүнүксүз, алсак, 2018-жылы 196,6 млн. сом МПТФ пенсиялык топтолмо каражаттары төлөнгөн, анын ичинен,

инвестициялык кирешелер – 47,0 млн. сом, бул болсо, камсыздандыруу төгүмдөрүнөн 31,45 %ды түзгөн. Ушундай эле, 2017-жылы 90,9 млн. сом МПТФ пенсиялык топтолмо каражаттары төлөнгөн, анын ичинен, инвестициялык кирешелер – 12,6 млн. сом, бул болсо, камсыздандыруу төгүмдөрүнөн 16,09 %ды түзгөн.

Мында, 2010-2018-жылдар аралыгында 10424,1 млн. сом камсыздандыруу төгүмдөрүн алуу менен, 7368,6 млн. сом инвестициялык кирешелер алынган, же камсыздандыруу төгүмдөрүнөн 70,69 %, демек, инвестициялык кирешелерди төлөө МПТФ камсыздандыруу төгүмдөрүнөн 70 % деңгээлинде өзгөрүп турушу керек, бирок жогоруда көрсөтүлгөн төлөмдөр тиешелүү түрдө 16,09 % жана 31,47 %ды түзгөн.

МПТФ каражаттарын боло турган төлөмдөр жөнүндө болжолдоонун жоктугу, Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышын орто мөөнөттүү болжолдоону талап кылат, МПТФ каражаттарынан пенсиялык төлөмдөрдүн кыйла өсүүсү коркунучтуу, алсак, 2017-жылы аларга 90,9 млн. сом төлөнсө, 2018-жылы – 192,6 млн. сом, же 101,7 млн. сомго өсүү менен.

Жаңылыш, ошондой эле өткөн жылдагы камсыздандыруу төгүмдөрү катары жана Социалдык фонддун регионалдык башкармалыгына кайтарылган МПТФга келип түшкөн каражаттарды администрлөө маселеси, ушул аудит менен актуалдашууда, алсак, 2016-2018-жылдары МПТФдан тиешелүү түрдө 85,7 млн. сом, 35,0 млн. сом, 67,0 млн. сом кайтарылган. Демек, бул маселелер, кирешелер ж.б. жекече эсепке алуу башкармалыгы тарабынан кантип тактагандыгы ушул аудитте ачыкталган жок.

Албетте, көрсөтүлгөн опциялар боюнча IT-аудитин жүргүзүү формасында көрсөтүлгөн кемчиликтерди жөнгө салуунун, ошондой эле көрсөтүлгөн бузууларга жана кемчиликтерге ылайык, алып салуу жа келтирүү боюнча аудит жүргүзүүнүн өтө зарылдыгы бар.

Ушул аудит учурунда, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин ЖКЭсинен көчүрмөлөр Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына берилген, ал жерде каза болгон кызматкерге да берилген, бул ошондой эле, жекече эсепке алуу маалыматтарынын аныктыгы бөлүгүндө, жекече эсепке алуу башкармалыгынын ишинин жоктугу жөнүндө күбөлөндүрөт. Ошондой эле, 2019-жылы 2017-жыл боюнча гана көчүрмөлөр берилген, 2018-жылдын маалыматтары жок, демек, Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин 2018-жылга каражаттарын администрлөө, жүргүзүлгөн эмес, үстүбүздөгү жылдын 6 айдан ашык мезгили өтүп кеткенине карабастан.

Пенсиялык топтолмо фондунун каражаттарын администрлөө жыйынтыгы, Социалдык фондунун отчетунда төлөөчүлөр алдында насыялык карыз катары көрсөтүлгөн эмес. Алсак, 2010-2018-жылдар аралыгында Пенсиялык топтолмо фондунун камсыздандыруу төгүмдөрү 10424,1 млн. сом өлчөмүндө келип түшкөн, инвестициялык кирешелер менен, Пенсиялык топтолмо фондунун каражаттарын төлөө - 617,8 млн. сомго жүргүзүлгөн, МПТФны күтүү боюнча чыгымдар – 27,8 млн. сом, отчетто Социалдык

фондунун төлөөчүлөр алдындагы 17147,1 млн. сом өлчөмүндөгү милдеттенмелер эске алынышы керек.

“Топтоо тутуму жана тиешелүү финансылык отчет боюнча программалык камсыздоону иштеп чыгуу” боюнча аткарылган иштерди кабыл алуу-өткөрүп берүү актыларына ылайык, “Жекече эсепке алуу”, “Кирешелер” жана “Компанияны башкаруучу” блоктору боюнча иштер 2012-жылы эле аяктагандыгына карабастан, “МПТФ боюнча төлөмдөрдүн жөнөкөйлөштүрүлгөн варианты жана башкаруучу компаниялар менен өз ара аракеттенишүү, келип түшүүлөрдү эсепке алуу, жекече эсепке алуу” блогу 2017-жылы кабыл алынган, жогоруда көрсөтүлгөндөрдө жеткире иштеп чыгуулар жана туура келбестиктер бар.

***Мамлекеттик сатып алууларга аудит***

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 04.10.2016-жылдагы № 112 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун сатып алуу сектору жана чарбалык камсыздоо жөнүндө” Жобого ылайык, мамлекеттик сатып алууларды администрлөө, сатып алуу сектору жана чарбалык камсыздоо секторуна жүктөлгөн, Социалдык фондунун Башкармалыгын 31.07.2018-жылдагы № 88 токтому менен бекитилген, Социалдык фондунун материалдык-техниалык камсыздоо бөлүмүн 01.08.2018-жылдан тартып жүктөлгөн, бөлүм комплектелип, мамлекеттик сатып алууларды башкарууну окугандыгы жөнүндө сертифкатка ээ.

Сатып алуу бөлүмү өзүнүн ишинде Социалдык фонддун аппаратынын жетекчисине отчет берет, товарларды, жумуштарда жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга стандарттуу конкурстук документтерди, Финансы министрлиги тарабынан 14.10.2015-жылы № 175-б буйругу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 16.01.2016-жылдагы № 10, 01.07.1998-жылдагы № 398 токтомдору жана 25.03.2016-жылдагы № 150 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзам менен иштелип чыккан жана кабыл алынган Жоболор, методикалык нускамаларды колдонот.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамга ылайык, Социалдык фондунун жетекчилиги, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун жана башка ченемдик актылардын шарттарына ылайык сатып алууларды жүргүзүүгө жооп берет жана жоопкерчилик тартат.

2018-жылга товарларды, жумуштарда жана кызмат көрсөтүүлөрдү, консультациялык кызматтарды сатып алуу планы, Социалдык фонддун төрагасы тарабынан жалпы 72 968,7 миң сомго бекитилген. Аудиттелген мезгил ичинде сатып алуулар планына бир кыйла сандагы толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген. 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча такталган сатып алуулар планы аудиттин жүрүшүндө актуалдаштырылды жана 85770,2 миң сомду түзгөн.

2018-жылы товарларды, жумуштарда жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга конкурстук комиссия түзүү боюнча 92 буйрук чыгарылган. Бардык

конкурстук тооруктар Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин веб-порталы аркылуу жүргүзүлгөн.

Сатып алуулар планы менен 50 сатып алуулар калганына карабастан, 2018-жылы 50 тоорук өткөрүлгөн, анын ичинен, 7 тоорук – бир этаптуу ыкма менен, 32 тоорук – жөнөкөйлөштүрүлгөн ыкма менен, 11 тоорук келишимдерди түз түзүү ыкмасы менен.

Конкурстук тооруктар жүргүзүлүүгө тийиш болгон, АУР менен ӨФ БАнын финансылык каражаттарынын динамикасы төмөндө берилген.

(миң сом)

| Чыгымдар беренелеринин аталышы | Берененин коду | 2018-жылга бекитилген | 2018-жылга такталган | Четтөө Гр.5-гр.4 | Каржылоо | Кассалык чыгымдар | Тендер өткөрүлгөн |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | |
| Байланыш кызматы | 2212 | 4886,2 | 5081,7 | +195,5 | 3596,8 | 3596,8 | 3450,0 |
| Транспорттук кызматтар | 2214 | 2448,7 | 2972,4 | 523,7 | 1995,8 | 1941,9 | 1692,1 |
| Башка кызматтарды сатып алуу | 2215 | 27740,0 | 40425,1 | 12685,1 | 35955,5 | 37636,0 | 32286,0 |
| Кезектеги ондоого чыгымдар | 2221 | 5100,0 | 2782,7 | -2317,3 | 1669,7 | 1669,7 | 472,1 |
| Буюмдарды сатып алуу | 2222 | 7810,3 | 6879,4 | -930,9 | 5995,7 | 5995,7 | 7405,5 |
| Көмүр сатып алуу | 2224 | 154,8 | 872,6 | +717,8 | 81,0 | 81,0 | 81,0 |
| Имараттар жана курулмалар | 3111 | 39215,7 | 11980,7 | -27235,0 | | | |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 16125,0 | 16810,4 | +685,4 | 13942,9 | 13942,9 | 12665,6 |
| Банктык кызматтарды сатып алуу | 2226 | | | | | | 12408,6 |
| **Бардыгы** | | **103840,7** | **87805,0** | **-15675,7** | **63237,4** | **64864,0** | **70460,9** |

Таблицада көрүнүп тургандай, конкурстук тооруктар өткөрүлгөн беренелер боюнча кассалык чыгымдар 64864,0 миң сомду түзгөн. Факты жүзүндө 2226 берене боюнча - 12408,6 миң сом тооруктарды эске алуу менен, 70460,9 миң сомго конкурстук тооруктар жүргүзүлгөн, ал жерде каражаттар Пенсиялык фонддон каралган.

Мында, тандалма аудит тарабынан төмөндөгүлөр аныкталган:

***- 2212 «Байланыш кызматы» беренеси боюнча*** кассалык чыгымдар 3596,8 миң сомду түзгөн, мында 3450,0 миң сомго конкурстук тооруктар өткөрүлгөн. Байланыш кызматы үчүн тендер өткөрбөстөн туруп (монополист кызматы) 1996,8 миң сом чегерилген. Конкурстук тооруктар почталык кызматка – 3450,0 миң сомго жүргүзүлгөн, анын ичинен, 2018-жылга чыгымдар боюнча - 1600,0 миң сом жана 2019-жылы - 1850,0 миң сом.

- ***2214 «Транспорттук кызматтар» беренеси боюнча:*** кассалык чыгымдар 1941,9 миң сомду түзгөн, анын ичинен, КММга – 906,8 миң сом чегерилген, запчастарды сатып алуу, автотранспорт кызматы – 1032,0 миң сом, жана башкалар – 3,1 миң сом.

(миң сом)

| | Кассалык чыгым | Конкурстук тооруктар | Четтөөлөр |
|---|---|---|---|
| «Шнос» ЖЧКсы, КММ | 906,8 | 906,8 | |
| МКК, машиналарды тариздөө | 3,1 | | |
| ЖИ Садвакасов Р.Т, запчастар | 221,9 | 221,9 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| «Гермес» ЖЧКсы, оңдоо боюнча кызматтар | | 563,5 | |
| «Продрайф» ЖЧКсы | 171,9 | | -171,9 |
| «АвтоДеталь Трейд» ЖЧКсы | 629,6 | | -629,6 |
| **Бардыгы** | **1933,3** | **1692,2** | **-801,5** |

Таблицада көрүнүп тургандай, конкурстук тооруктар 1933,3 миң сом кассалык чыгымдар алдында, 1692,2 миң сомго жүргүзүлгөн. Конкурстук тооруктар боюнча 2017-жылы келишимдер боюнча көрсөтүлгөн жеткирүүчүлөргө 801,5 миң сом чегерилген.

- ***2221 «Мүлктү кезектеги оңдоого чыгымдар»:*** кассалык чыгымдар 1669,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен, имараттарды кезектеги оңдоо боюнча чыгымдар – 471,5 миң сом, жабдуулар жана инвентарлар – 1198,2 миң сом.

(миң сом)

| | **Кассалык чыгым** | **Конкурстук тооруктар** | **Четтөөлөр** |
|---|---|---|---|
| «Ирвир Курулуш Строй» ЖЧКсы, оңдоо | 471,5 | 379,1 | -92,4 |
| ЖИ Атабаев, кондиционерлерди оңдоо | 131,4 | 67,7 | -63,7 |
| «НСП» ЖЧКсы, генерат.сервистик тейлөө | 973,8 | Ст.21 | |
| ЖИ Кочербаев Р.Д, аймакты көрктөндүрүү | 93,0 | 93,0 | |
| **Бардыгы** | **1669,7** | **539,8** | **-156,1** |

Таблицада көрүнүп тургандай, конкурстук тооруктар бул берене боюнча 539,8 миң сомго жүргүзүлгөн, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесине ылайык, генератордук сервистик тейлөө кызматтарын сатып алуу 973,8 миң сомго жүргүзүлгөн. Мыйзамга ылайык 156,1 миң сомго чегерилген.

- ***2222 «Буюмдарды жана материалдарды сатып алуу» беренеси боюнча:*** кассалык чыгымдар 5595,7 миң сомду түзгөн, конкурстук тооруктар 5955,7 миң сомго жүргүзүлгөн;

- ***3112 «Машиналар жана жабдуулар» беренеси боюнча:*** кассалык чыгымдар 13942,9 миң сомду түзгөн, конкурстук тооруктар 13297,7 миң сомго жүргүзүлгөн. 2017-жылдагы тендер боюнча 30.12.2017-жылдагы -1.2-120 келишимди аткаруу менен, «Тянь-Шань Лада» ЖЧКсына 645,0 миң сом чегерилген.

- ***2215 «Жана башка кызматтарды сатып алуу» беренеси боюнча:*** кассалык чыгымдар 37636,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен, маалыматтык технологиялар жаатында кызмат көрсөтүү – 20683,9 миң сом, мүклтү абалын күтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу – 211,9 миң сом, жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө менен байланышкан чыгымдар – 8590,3 миң сом.

(миң сом)

| | **Кассалык чыгым** | **Конкурстук тооруктар** | **Четтөөлөр** |
|---|---|---|---|
| «Дос Тех Групп» ЖЧКсы | 12392,3 | 12431,0 | -0,4 |
| «ЮБР» ЖЧКсы, техникалык коштоо | 630,0 | 840,0 | +210,0 |
| «Акфорта» ЖЧКсы | 736,0 | | -736,0 |
| -//- | 150,2 | | -150,2 |
| -//- | 2227,1 | 1298,0 | -929,1 |
| «Токтом» ЖЧКсы | 348,0 | 348,0 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| «Скрин» ЖЧКсы | 4200,0 | 8400,0 | +4200,0 |
| ***Бардыгы*** | ***20683,6*** | ***23317,0*** | ***+2594,3*** |
| ***Сан.кызматтарды сатып алуу, имараттарды күтүү*** | ***211,9*** | ***Тендер жок*** | |
| ***Өкүлчүлүктүү кызмат көрсөтүүлөр*** | ***95,0*** | ***41,3*** | ***-53,7*** |
| ЖИ Зарлыкова, медалдар, значоктор | 96,0 | 96,0 | |
| «Алтын-Тамга» ЖЧКсы, бланкалык продук. | 1390,5 | 1390,4 | |
| -//- | 172,0 | 172,0 | |
| «Импрента» ЖЧКсы,брошюрларды даярдоо | 40,9 | 40,9 | |
| «Эдем принт» ЖЧКсы, басмакана кызматы | 143,4 | 143,4 | |
| «Асмур» ЖЧКсы, штамптарды даярдоо | 30,3 | 30,3 | |
| ***Бардыгы*** | ***1873,1*** | ***1873,1*** | |
| ***Байланыш кызматы, интернет*** | ***1606,0*** | ***Тендер жок*** | |
| «Лоджик» ЖЧКсы, атайын кагаз | 1502,1 | 2150,0 | +647,9 |
| ИН Едутов, оргтехникаларды тех.тейлөө | 103,9 | | -103,9 |
| «Скрин» ЖЧКсы, «Тундук» менен өз ара аракеттенишүү | 486,9 | 695,5 | +208,6 |
| «IFS» ЖЧКсы, техн.документ жүгүртүүнү техникалык колдоо | 409,2 | 818,4 | +409,2 |
| «Лоджик» ЖЧКсы, Лоджик-Сервис | 205,0 | 300,0 | +95,0 |
| «Позитив-Контакт» ЖЧКсы, колл-борбордун кызматы | 687,6 | 687,6 | |
| «New Protection Systems" ЖЧКсы, оргтехниканы тейлөө | 17,1 | 336,5 | +319,4 |
| «Визардс Компьютерс» ЖЧКсы, оргтехниканы тейлөө | 18,8 | 148,0 | +129,2 |
| «Индиго компани» ЖЧКсы, которуу кызматы | 61,0 | 61,0 | |
| ЖИ Кондрашин, видеороликти түзүү | 87,0 | 87,0 | |
| «Азия оценка» ЖЧКсы, кайрадан баалоо кызматы | 38,5 | 38,5 | |
| Башка кызмат көрсөтүүлөргө төлөө менен, байланышкан башка чыгымдар (тендердин талабы боюнча чарбалык чыгымдар) | 1399,3 | ***Тендер жок*** | |
| ***Бардыгы*** | ***5016,4*** | ***5322,5*** | ***+1705,4*** |
| ***Өнүгүү фондунун жана башка чыгымдары*** | ***8150,0*** | | ***-8150,0*** |
| **Бардыгы** | **37636,0** | **30553,9** | **--3904,0** |

Таблицада көрүнүп тургандай, 37636,0 миң сом кассалык чыгымдар алдында тендер өткөрбөстөн туруп, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамдын 21-беренесине ылайык, төмөндөгүлөргө төлөнгөн:

- имараттарды жана курулмаларды күтүү боюнча чыгымдар – 211,9 миң сом;
- өкүлчүлүк кызмат көрсөтүүлөрү – 53,7 миң сом;
- байланыш кызматы, интернет, телеком – 1606,0 миң сом;
- 2017-жылга келишим, ЖИ Едутов менен компьютердик техникаларды тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөр – 103,9 миң сом;
- Жеңиш күнү, Улгайган адамдардын күнү, Пенсионерлердин күнү ж.б.у.с. майрамдарын өткөрүү боюнча БАнын уюштуруу иш-чараларына, пенсионерлерге материалдык жардамга, кайрымдуулукка Өнүгүү фондунун чыгымдары – 8150,0 миң сом.

«Жана башка кызматтарды сатып алуу» беренеси боюнча төмөндөгүлөр бир кыйла каржыланган:

- «ДосТекГрупп» ЖЧКсы 12431,4 миң сомго - "ViPNet 4..x маалыматтык коопсуздуктун аппараттык-программалык комплексти техникалык колдоо жана программалык продуктыларды жаңылоо кызмат көрсөтүү" үчүн;

- «Скрин» ЖЧКсы - 4200,0 миң сом, “Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн төлөөчүнүн жеке кабинети” программасын камсыздагандыгы үчүн;

- «Лоджик» ЖЧКсы - 1502,1 миң сом, адистештирилген кагаз ж.б.

01.04.2009-жылдагы № Д.0.1-40 келишимге ылайык, «ЭЛИИТ» Социалдык фондунун программалык камсыздоосун иштеп чыгуучу «Акфорта» ЖЧКсына иштери үчүн 150,2 миң сом жана 736,0 миң сом төлөнгөн.

01.01.2018-жылга «Акфорта» ЖЧКсынын карызы 1465,0 миң сомду түзгөн, ага 2018-жылы 3113,3 миң сом чегерилген, анын ичинен негизги келишимдер боюнча - 886,2 миң сом, кошумча келишимдер боюнча - 2227,1 миң сом, 01.01.2019-жылга карата «Акфорта» ЖЧКсына 908,6 миң сомду түзгөн.

Ошону менен бирге, “Тиешелүү финансылык отчет жана топтоо тутуму боюнча программалык камсыздоону иштеп чыгуу” программасын иштеп чыгуу, анын иштешин жакшыртууга жардам берген эмес, алсак:

- программа тез иштөө өзгөчүлгү менен айырмаланбайт;
- башка опциялар менен өз ара аракеттенишүү жок, мисалы, “Жекече эсепке алуу” маалыматтары “МПТФ” жана “Кирешелер” маалыматтары менен жөнгө салынган эмес;
- “Инвестициялык кирешелерди эсептөө” опциясы жана анын жыйынтыктарын алуу ушул кезге чейин жок;
- Отчётторду жана төлөмдөрдү берүүнүн белгиленген мөөнөтү менен, ушул кезге чейин “Айып пул санкциялары жана туумдарды киргизүү” опциясы, колдонуудагы мыйзамга ылайык ушул кезге чейин белгиленген эмес.

Көрсөтүлгөндөргө байланыштуу, республикада ушуга окшош иштердин жоктугу менен, программалык иштеп чыгуу эмгек жана экономикалык өзгөчө иш чөйрөсү болуп эсептелет, аудит тиешелүү тартылган адистерди күчү менен, IT аудитин жүргүзүү керек деп эсептейт.

***<u>Социалдык фонддун регионалдык башкармалыктарында жүргүзүлгөн аудиттер</u>***

- Балыкчы шаарындагы Кыргыз Республикасынын СФШБ: 2018-жылга карата камсыздандыруучу төгүмдөрүн төлөөчүлөр өз учурунда төлөгөндүгү (чегергендиги) боюнча тандалма текшерүүдө, төмөндөгүлөр боюнча мөөнөтү өткөн төлөмдөргө туумдарды эсептөө зарылчылыгы орун алган: “Ысык-Көл ППП”- 3,2 миң сом, “Ысык-Көл областы боюнча ӨКМдин Балыкчы шаарындагы өзгөчө кырдаалдар бөлүмү” мекемеси - 13,4 миң сом, “Нурнефтегаз” ЖЧКсы -17,9 миң сом, «Каухар Таш» АКсы - 8,5 миң сом, «Дили» ЖЧКсы - 9,1 миң сом, «Автовнештранс» ААКсы - 13,1 миң сом;

- Араван СФРБ: жерди экспликациялоо боюнча жер үлүшү бар дыйкан (фермер) чарбаларда 5394,8 миң сом камсыздандыруучу төгүмдөрүн эсептөө керек, факты жүзүндө 5367,3 миң сом эсептелген, же 27,5 миң сом айырма менен, аны кезектеги жылдын кирешлер планына киргизүү менен, төлөөчүлөрдөн өндүрүлүүгө жана жеткире эсептелүүгө тийиш;

- Чүй-Токмок СФРБ: камсыздандыруучу төгүмдөрү боюнча жүргүзүлгөн төлөмдөргө тандалма аудит, жабылган мекемелер, боюнча ашыкча төлөөнүн

болгондугун көрсөткөн, алсак, Чүй райондук билим берүү бөлүмүндө а/э - 7641,1 миң сом, Токмок БШК боюнча – ашык төлөө 926,0 миң сомду түзгөн;

- 26.08.2008-жылдагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №471 токтому менен бекитилген, "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" Жобону бузуу менен, төмөндөгүлөрдө командировкалык чыгымдарды ашык төлөө аныкталган: Кызыл-Кыя СФШБ - 12,0 миң сом, Кадамжай СФРБ - 6,2 миң сом, Баткен СФРБ - 11,3 миң сом, Лейлек СФРБ - 8,4 миң сом, Ала-Бука СФРБ - 11,1 миң сом. Аудиттин жүрүшүндө көрсөтүлгөн ашыкча төлөмдөрдү алган кызматкерлер тарабынан калыбына келтирилген;

- Кара-Кулжа СФШБ: кызматтык автотранспортко КММларды эсептен чыгаруу, белгиленген лимиттен 4,9 миң сом суммасындагы 110 литрге ашык көрсөтүлгөн. Аудит жүргүзүү учурунда калыбына келтирилген.

## ***Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жүргүзүлгөн аудиттер***

**Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча:**

*Социалдык фонддун Алай райондук башкармалыгында:* "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, электрондук мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыялабастан туруп, турмуш-тиричилик буюмдарын жана кеңсе товарларын сатып алуу жүргүзүлгөн.

*Социалдык фонддун Чоң-Алай райондук башкармалыгында* **97,7 миң сомго** каржы бузуулар аныкталган, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомун бузуу менен, 2,6 миң сомго командировкалык чыгым ашыкча төлөнгөн;

- "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, 2018-жылы ижарага берилген мамлекеттик фонддун кайрадан бөлүштүрүлгөн 520 га жер участогуна, 95,1 миң сомго камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жүргүзүлгөн эмес;

*Социалдык фонддун Тогуз-Торо райондук башкармалыгында:*

- 15.07.2015-жылдагы №125 "Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесин бузуу менен, эки жеке ишкер тарабынан 3,0 миң сомго камсыздандыруу төгүмдөрү жеткире чегерилген эмес;

- мамлекеттик сатып алуулар 03.04.2015-жылдагы №72 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесин бузуу менен жүргүзүлгөн.

*Социалдык фонддун Чаткал райондук башкармалыгында* Каныш-Кыя айыл аймагында 17.11.2016-жылдагы №178 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесин бузуу менен, 37,1миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү жеткире чегерилген эмес.

**Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча**

*Социалдык фонддун Жумгал райондук башкармалыгында* 25,8 миң сом суммасында 4 дыйкан чарбасынын камсыздандыруучу төгүмдөрү кошумча чегерилген (аудит жүргүзүү учурунда калыбына келтирилген).

Тендер өткөрүлбөй туруп, 184,9 миң сомго авто тетиктер жана КММлар сатылып алынган, көмүр сатып алуу үчүн, 50,0 миң сомго 2 конкурс өткөрүлүп, катышуучулардын жок болгонуна байланыштуу, конкурс токтотулган. Үчүнчү жолу келишим түз түзүү ыкмасы менен түзүлгөн, бирок электрондук порталга жарыяланган эмес.

*Социалдык фонддун Кочкор райондук башкармалыгында* 2018-жылы 5,0 миң сомго фото такта сатып алуу үчүн 2 конкурс жарыяланган, катышуучулар жок болгонуна байланыштуу, конкурс жокко чыгарылган. Үчүнчү жолу келишим түз түзүү ыкмасы менен түзүлгөн, бирок электрондук порталга жарыяланган эмес.

**Корутунду**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 13.12.2018-жылы кабыл алынган "2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзам менен, 814,9 млн. сом бюджет профицити менен, Социалдык фонддун бюджетинин кирешелери - 51086,9 млн. сомдон 51157,9 млн. сомго чейин жана чыгымдар - 49850,0 млн. сомдон 50343,0 млн. сомго чейин такталган.

2. Бюджеттин факты жүзүндө аткарылышы кирешелер боюнча 51013,8 млн. сомду, чыгымдар боюнча 50309,7 млн. сомду түзгөн жана 2018-жылга Социалдык фондунун бюджети жөнүндө мыйзамдын такталган параметрлеринин аткарылбай калгандыгын көрсөткөн: кирешелер боюнча - 144,1 млн. сом, чыгымдар боюнча - 33,3 млн. сом жана бюджеттин профицити - 110,8 млн. сом.

3. Бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр, Социалдык фонддун бюджетинин толук аткарылышына жардам берген эмес, ал гана эмес 2018-жылга бекитилген 51086,9 млн. сом параметрлерге жеткен эмес.

4. Пенсиялык фонддун кирешелер параметрлери 190,7 млн. сомго жеткире аткарылган эмес, калган фонддор боюнча кирешелердин аткарылышы белгиленгенден 46,6 млн. сомго ашырылган.

5. 50343,0 млн. сомго такталган чыгымдар алдында, чыгымдар параметрлеринин факты жүзүндө аткаруу 50309,7 млн. сомду түзгөн, же Социалдык фонддун милдеттенмелери 33,3 млн. сомго жеткире аткарылган

эмес, анын ичинен, Пенсиялык фонд боюнча 75,7 млн. сомго аткарылган эмес, МПТФ боюнча 42,4 млн. сомго ашыкча аткарылган.

6. Чыгымдардын 459,7 млн. сомго көбөйүүсү менен, 144,1 млн. сомго кирешелердин аткарылбай калышына байланыштуу, Социалдык фонддун бюджетинин профицити 1236,9 млн. сомдон 704,1 млн. сомго чейин, же 532,8 млн. сомго азайган.

